К.ТЫНЫСТАНОВ АТЫНДАГЫ ЫСЫК-КӨЛ
МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Кыргыз адабият кафедрасы

БЕГАЛИЕВ САПАР

АДАБИЯТ ТААНУУ ИЛИМИНЕ КИРИШҮҮ КУРСУ

(Окуу куралы)

Каракол-2002 ж

ББК 83
83Я73.

Басмага ЫМУнун кыргыз филология факультетинин окумуштуулар кеңеши тарабынан сунуш кылынды.

Адис редактор: КМУУнун профессору А.Абдразаков.
Рецензент: филология илимдеринин кандидаты, доцент К.Абакиров.

Бегалиев Сапар.
Адабият таануу илимине киришүү курсу. Окуу куралы. -К:2002.-

Окуу куралы «Адабият таануу илимине киришүү курсунун» программасына ылайыкталып жазылды. Адабияттын негизги теориялык маселелери боюнча жалпы мүнөздө түшүнүк берилди. Окуу куралы негизинен филолог студенттерге, мугалимдерге сунушталат.

АДАБИЯТ ЖӨНҮНДӨ ИЛИМ ЖАНА "АДАБИЯТ ТААНУУ ИЛИМИНЕ КИРИШҮҮ" КУРСУНУН МИЛДЕТТЕРИ.

Адабият таануу - бул адабият жөнүндөгү илим. Адабият таануу илими көркөм чыгарманы изилдейт. Адабияттын мазмуну жана аны билдирген форманын өзгөрүшүн өзгөчөлүктөрүн жана законченемдүүлүгүн түшүндүрөт. Адабият таануу илиминин предмети көркөм чыгарма гана эмес жалпы эле көркөм сөз дүйнөсү б.а. оозеки жана жазма адабият.

Искусствонун негизги түрлөрүнүн бири - бул көркөм адабият. Турмушту үйрөнүп билүүдө жана адамдарды тарбиялоодо көркөм адабияттын ролу бөтөнчө зор. Ошондуктан Н.Г.Чернышевский искусство менен адабиятты "турмуштун окуу китеби" деп бекер атабаган чыгар. К.Маркс мындай деп жазган: "Адам искусстводон ырахат алыш үчүн өзү көркөм жагынан билимдүү адам болууга тийиш". Ошондуктан көркөм чыгарманын өзүн изилдөөдөн мурун искусство жана адабият жөнүндөгү илим менен түзүк таанышып болушубуз керек.

Адабият таануу илими үчүн негизги бөлүктөн турат: адабияттын теориясы, адабияттын тарыхы, адабий сын. Адабияттын теориясы көркөм адабияттын социалдык жаратылышын, өзгөчөлүгүн, өнүгүшүн, законченемдүүлүгүн, коомдук ролун изилдейт жана адабий материалдарды карап, аларга баа берүүнүн принциптерин белгилейт.

Адабияттын тарыхы адабий өнүгүштүн процессин изилдейт жана ушунун негизинде ар кандай адабий кубулуштун ордун жана маанисин аныктайт. Адабияттын тарыхчылары адабий чыгармаларды, адабий сын макалаларды, айрым жазуучулардын, сынчылардын чыгармачылыгын, көркөм методдорун, адабий түр жана жанрлардын калыптанышын, өзгөчөлүгүн, тарыхый тагдырларын изилдйет. Ар бир элдин адабиятынын өнүгүшү ал элдин улуттук өзгөчөлүгү менен мүнөздөлөт. Бирок тарыхчылар аларды салыштырып, улуттук салымдын жалпы адамзаттык маанисин ачып беришет.

Ошентип дүйнөлүк адабият тарых сыяктуу эле өнүгүштүн белгилүү этабында гана, б.а. эл арасындагы байланыштын таралыш, чыңдалыш жана өз ара таасирленүүнүн процессинде гана пайда болот. К.Маркс мындай деп жазган: "Дүйнөлүк тарых дайма эле болгон эмес, тарыхтын дүйнөлүк тарых болушу - жыйынтык".

<u>Адабий сын</u> мезгилдин маанилүү адабий окуларына карата жандуу билдирүү берип турат. Адабий сындын максаты - тигил же бул адабий кубулушка бардык жагынан анализ берүү жана алардын идеялык-көркөмдүк жагын баалоо. Адабий сын эмгектерде анализдин предмети жеке чыгарма же жазуучунун бүткүл чыгармачылыгын, же ар кандай жазуучулардын бир катар чыгармалары болушу мүмкүн (көркөм чыгармаларды талдайт, аларга баа берет).

Адабий сындын максаты көп жактуу. Биринчиден, сынчы көркөм чыгарманы туура түшүнүп, ага туура баа берүүдө окуучуларга жардам берет. Экинчиден, сынчы жазуучулардын окутуучусу жана тарбиячысы болууга тийиш.

Адабияттын үч бөлүгү өз ара тыгыз байланыштуу, бири бирине таасир этишет.

Адабияттын теориясы адабияттын тарыхы тарабынан жыйналган фактыларга жана адабий эстеликтерди изилдеген сындын ийгиликтерине таянат. Ал эми адабияттын тарыхы болсо адабияттын теориясы иштеп чыккан адабий процесстерди талдоонун принциптерине таянат, адабий сын эмгектердин жыйынтыктарына негизделет. Ошондой эле адабий сын адабияттын теориясына кайрылат, тарыхый адабий фактыларды эске алат. Ошентип, талдоого алынган чыгарма адабиятка эмне жаңы маанилүү нерсе алып келгендигин тактайт. Демек, адабий сын адабияттын тарыхын жаңы материалдар менен байытат, адабий өнүгүштүн тенденциясын жана келечегин аныктайт.

Адабият таануу илими төмөнкүдөй кошумча бөлүктөрдөн турат: историография, текстология, библиография.

Историография - адабияттын теориясынын, тарыхынын, көркөм сындын тарыхый өнүгүшү менен тааныштырган материалдарды жыйнайт, изилдейт.

Текстология - автору белгисиз көркөм чыгармалардын же илимий эмгектердин авторун аныктайт. Тигил же бул чыгарманын бүткөн редакциясын (каноникалык) калыбына келтирип, текстология окуучуларга жана изилдөөчүлөргө чоң жардам берет.

Библиография - адабият таануу чыгармаларынын көрсөткүчү. Көп сандаган адабий теориялык, адабий тарыхый жана адабий сын китептерден, макалалардан тийиштүү чыгармага көңүл бурууга жардам берет. Библиография болгон жана жаңы түшкөн адабий теориялык эмгектерди каттайт, жалпы жана тематикалык тизмесин түзөт, керектүү аннотацияларды берет.

Адабият таануу коомдук турмуш менен тыгыз байланыштуу. Демек философия жана эстетика, искусство жөнүндөгү, тил жөнүндөгү илимдер адабият таануу менен тыгыз байланыштуу.

Жогорку окуу жайларынын тил жана адабият факультеттеринде эки адабий теориялык курс өтүлөт: "Адабият таанууга киришүү" жана "Адабияттын теориясы".

"Адабият таанууга киришүү" (биринчи курс) көркөм адабияттын жалпы өзгөчөлүктөрү, айрым адабий чыгармалардын өзгөчөлүктөрү, адабий өнүгүштүн закончене мдүүлүгү менен байланыштуу болгон маанилуу адабий теориялык түшүнүктөр менен студенттерди тааныштырат. Бул курстун милдети адабий теориялык жоболорду терең түшүнүп үйрөнүүгө зарыл болгон негизди түзүү. Эгер "Адабият тануу

курсу" адабиятты окуп үйрөнүүнү ачса, "Адабияттын курсу" анын жыйынтыгын жалпылайт, бекемдейт жана ар тараптан терең изилдейт.

"Адабият таанууга киришүү" үч бөлүктөн турат:

1. Адабияттын жалпы өзгөчөлүктөрү.
2. Адабий чыгарма.
3. Адабий өнүгүштүн закончене мдүүлүгү.

АДАБИЙ ТЕОРИЯЛЫК ОЙЛОРДУН ӨНҮГҮШҮ

План:

1. Антика доорунун адабий эстетикалык ойлорунун өнүгүш тарыхынан: Аристотель, Героклит, Демокрит, Платон. Аристотелдин "Поэтикасы". Горацкийдин эстетикалык ойлору.
2. Батыш Европада орто кылымдагы эстетикалык ойлордун мүнөзү.
3. Кайра жаралуу доорунун эстетикасы. Сервантес, Леонардо да Винчи, Лопе де Вега.
4. Буало, Лессинг - классицизмдин теоретиктери.
5. Агартуу доорунун эстетиктери.Дидро, Лессинг реализм жөнүндө.
6. М.В.Ломоносов, А.Н.Радищевдин теориялык ойлору. В.Г.Белинскийдин, Н.Г.Чернышевскийдин, Добролюбовдун теориялык ойлору.
7. К.Маркс жана Ф.Энгельс адабияттын теориясы жөнүндө В.И.Лениндин адабий сын ------- эстетикалык ойлору.

Адабиятты теориялык жактан үйрөнүү эки маанилуу этапка бөлүнөт: байыркы доордон тартып марксисттик- лениндик философия жаралганга чейин, Маркстан биздин күнгө чейин.

Материалисттик эстетиканын бекем системалуу илимий негиздери марксизм-ленинизм классиктери тарабынан иштелип чыккан. Алар коомдук турмуштун объективтүү закондорун ачышкан, коомдук аң-сезимдин ар түрдүү формаларынын спецификалык белгилерин мүнөздөшкөн. Бирок мындан буга чейин маанилуу теориялык маселелер көтөрүлгөн эмес деген пикир болбошу керек. Байыркы мезгилден тартып эле илимий адабий-теориялык ойлор калыптана баштаган. Ошол эле мезгилде илимий идеалисттик көз караштарга карпы күрөш болгон.

Адабияттын теориясы боюнча көрүнүктүү эмгек б.э.ч. IV кылымда байыркы гректердин атактуу философу Аристотель тарабынан жазылган. Ал эмгек дүйнөгө кеңири белгилүү болгон "Поэтика" эле.

Гераклит, Демокрит, Аристотель ондуу материалисттер иделисттерден айырмаланып адабият турмушту активдүү чагылдырат деп түшүнүшкөн. Алар көркөм жалпылоо жөнүндөгү маселени көтөрүшкөн. Байыркы гректердин жазуучулары, теоретиктери искусствонун коомдук милдети жөнүндөгү маселени талкуулашкан. Аны азыр биз түшүнгөн метод менен байланыштырган.

Аристофандын "Бакалар" аттуу комедиясында Эсхил менен Еврипиддин талашы ошол мезгилдеги адабий теориялык көз карашты ачык сүрөттөгөн кызык факт. Эсхил граждандык, патриоттук пафоско сугарылган трагедияны жактайт. Эсхил идеалдуу поэзиянын принциптерин жактоочу

болуп чыгат. Эсхилдин пикири боюнча каармандардын кийими, сүйлөгөн сөзү алардын бийик мүнөзүнө туура келиш керек. Еврипид баатырдык искусствонун салтын бузуп, өзүнүн пьесаларына "граждандык милдетин билбеген жолбундарды" (маскарапоз, женил мүнөз аялдар) киргизип, төрө, падышаларга жаман кийим кийгизип, атайын эңге жаман көрсөтүш үчүн ушундай сүрөттөл жатасың дейт Эсхил.

Ал эми Еврипид болсо пьесада реалдуу поэзияны жактоочу болуп, сценада "үй-бүлөлүк турмушту" сүрөттөп, каармандарды мактоого алган жокмун дейт. Дионис жеңишти Эсхилге ыйгарат. Бирок мындан Еврипиддин реалисттик умтулуулары мезгилге үндөш эмес эле деген жыйынтык чыкпоого тийиш. Анын чыгармачылыгы өз мезгили үчүн прогрессивдүү көрүнүш болгон. Ал жеке адамдын кызыкчылыгын жактаган анын укугун чектегенде каршы болгон.

Ал эми Сократтын окуучусу белгилүү философ-идеалист Платон (427-347 болжол менен) конкреттүү дүйнө реалдуу идеялардын бүдөмүк көрүнүшү дейт, көркөм чыгармачылыктын көптөгөн түрлөрүнө тескери мамиле жасаган. Көркөм чыгармачылык болбогон иш, ал адамдарды алдап адаштырат. Искусство кубулуштардын тышкы формасын гана көчүрөт, ал "көлөкөнүн көлөкөсү" дейт.

Платондун окуучусу Аристотель (384-322 грек жазуучуларынын көркөм тажрыйбасын жалпылап) ошондой эле өзүнөн мурункулардын эстетикалык теориясын, искусство боюнча өзүнүн пикирин бир системага салып берүүгө аракет жасайт. Анын поэтикасы байыркы доордогу эстетикалык билимдин жыйнагы болгон. Аристотель боюнча акын идеялардын бүдөмүк көчүрмөсүн эмес, реалдуу кубулуштарды сүрөттөйт. Аристотель да башкалардай эле искусствонун милдети - жаратылышты тууроо деп түшүнгөн. Бирок ал тууроону чыгармачылык акт деп түшүнгөн. Жеке жана кокустук көрүнүштөрдү туурабастан боло турган көрүнүштү тууроо керек деп жазган. Аристотель чыгармачылык процесстеги ойдон чыгаруунун (домысла) чоң ролун баса белгилеген.

Аристотель дүйнөнү көркөм таанып билуу менен илимий таанып билүүнү ажырата билген. Анын оюн боюнча поэзия "тарыхка караганда философиялуу жана салмактуу". Аристотель көркөм жалпылоонун маңызын түшүнүүгө жакындап барат. Аристотель боюнча акындын максаты адамдардын мүнөзүндөгү жалпы, закончёнемдүү белгилерди ачып берүү. Демек, көркөм чыгармачылыктын зор таанып билуу ролун баса белгилеген. Ошентип, Аристотельдин эстетикалык окуусу белгилүү деңгээлде эстетиканын негизги маселелерин ачып берет. Аристотель терең негиздеп, поэзияны үч текке бөлгөн - эпос, лирика, драма. Поэзиянын теориялык ролун баса белгилеген. Трагедия жанрына өтөнчө көңүл буруп, катарсис жөнүндү жобону иштеп чыккан. Аристотельдин оюн боюнча драматург коркуу жана аео сезимин пайда кыла турган кыймылдарды сүрөттөп, көрүүчүлөрдү ушундай кемчиликтерден

тазалайт, нравалык женилдик, адамдык маңызын ачып берүүгө жардам берет.

Байыркы Римде эстетикалык ойлордун көрүнүктүүсү Горацийдин "Поэзиянын искусствосу" ("Послание к пизонам") драманын жөнөкөйлүгү үчүн күрөшөт, аны беш актыга бөлөт. Көркөм сүрөтөөнүн чындыгына көп коңул бурат ("дельфинди токойдо, чочкону сууда" жүрөт деп сүрөттөгөн акындарды мыскылдайт). Горацийдин поэтикасы нормативдүү мүнөзгө ээ болуп, кийин классицизм эстетикасына зор таасир этет.

Орто кылымда Батыш Европада материалисттик эстетиканын ийгиликтери жоголот. Искусствонун теориясы теологиялык концепциянын таасиринде калат (динди, анын ырым-жырымдарын негиздөөгө аракет кылган окуу). Искусстводо мистикалык символика жана аллегория кеңири орун алат. Көркөм образ, баарынан мурда каймана, кудайдын идеяларын билдире турган көрүнүш катары баяндалат.

Байыркы доордун материалисттик традициялары кайра жаралуу доорунда андан ары өнүгөт. XV-XVI кылымда географиялык ири ачылыштар болот, илим менен техника чоң ийгиликтерге жетет. Мына ушул олуттү факторлор реалдуу турмушка бөтөнчө көңүл бурат, адамдын авторитети бөтөнчө бийик көтөрүлөт, Анын мүмкүнчүлүктөрү чексиз экендиги билинет. Ренессанс адабиятынын гумандык пафосу мына ушуну менен түшүндүрүлөт. Жазуучулар социалдык духовный эзүүгө каршы, гумандык идеялар үчүн күрөшкө чыгышат. Ренессанстын теоретиктери, баарынан мурда сүрөт искусствосу менен архитектуранын практикасын жалпылашат. Реалдуу турмуштун тарыхый конкреттөө мүнөздө чагылдырууга умтулушат. Тарбиялык маселелерге көп көңүл бурушат. Сервантес комедиянын чоң коомдук маанисин белгилеп "Дон-Кихотто" минтип жазат: "Комедия адам турмушунун күзгүсү болууга тийиш, ошондой эле үрп-адаттын, салттын үлгүсү, чындыктын өзү болууга тийиш". Кайра жаралуу доорунун адабияты адамды культ катары сүрөтөө менен бирге, чыгармачылык процессте сүрөткердин активдүү ролун баса белгилешет. Өзүнүн идеалына жараша турмушту сүрөттөгө укуктуу. Чеберчилик үчүн күрөшөт. Мына ушулар көркөм сындын жаралышына түрткү болот.

Леонардо да Винчи искусствонун булагы жаратылыш, б.а. турмуш деп билет. Леонардо сүрөткерлерди "Окутуучулар, ал эми турмушту окутуучулардын окутуучусу" деп баалайт.

Кайра жаралуу доорунун алдыңкы жазуучулары турмушту чындыкта гана сүрөттөп берүүнү талап кылбастан, гуманизм, демократизм, элдүүлүктү талап кылган. Бул испандык улуу драматург Лопе де Вега ("Новое руководство к сочинению комедий"), Рабле, Боккаччо бөтөнчө Шекспирдин чыгармаларына мүнөздүү. XVII кылымдын экинчи жарымында Европада классицизмдин этикасы калыптанат. Француялык

классицизмдин теоретиги Н.Буало Аристотельдин "Поэтикасын" улантып, өркүндөтүүгө аракеттенет.

Буало (1636-1711) "Поэтикалык искусство" атту эмгегинде нормативдүү поэтиканы иштеп чыккан (Горацийдин "Поэзиянын илими" эмгегине таянган). Жазуучулар, акындар жетекчиликке ала турган эмгек болууга тийиш эле. Классицизмдин теоретиктеринин пикири боюнча көркөм чындык акыл-эстин талабына, ак сөөктөрдүн чөйрөсүнүн табитинин талабына жооп берсе жакшы болот дешет. Сценада каармандар коомдо алган ордуна карабастан кооз сүйлөп кийинүүгө тийиш. Ошентип, классицизмдин эстетикасы сословиялык, догматтык мүнөзгө ээ болгон. Булар сулуулукка (асылдыкка) тарыхый маани беришкен эмес. Бардык доордо элдерге сулуулукту бирдей кабыл алышат деп түшүнүшкөн. Сулуулуктун үлгүсү антика доордон көрүшкөн, ошолордун үлгүсүн тууроого чакырышкан. Искусствонун өнүгүшү динамикалык мүнөзгө ээ болорун түшүнүшкөн эмес. Бирок айрымдары Аристотельдин "Поэтикасына" корректив киргизүүгө аракеттенишкен. Чындыкка анча окшошпогон сюжеттер жашоого укуктуу, драманы 30 саатка чейин созсо болот деген.

Улуу драматург Мольер нормативдүү поэтиканы "Критика", "Урок женщинам" ("Сын", "Аялдарга сабак") атту эмгегинде катуу сындайт. Эгер пьеса элге жакпаса теориялык жоболор жаман дейт б.а. турмуштун өзүнө көбүрөөкк кунт коюуну талап этет. Ушул өңдүү чектенүүлөрү менен бирге классицизмдин оң жактары да болгонун эстен чыгарбоого тийишпиз. Материалды тандап алууну талап эткен, искусство турмуштун жөн эле көчүрмөсү эмес деп үйрөткөн. Адабий сындын жаралып өнүгүшүнө шарт түзүлөт.

Эстетикалык ойлор агартуу доорунда жаңы бийиктикте көтөрүлөт. Агартуу доорунда (XVII) көркөм жана адабий сын бөтөнчө өнүгөт. Профессионал сынчылар пайда болот (Дидро, Лессинг). Илим катары адабияттын теориясынын негизи калыптана баштайт. Эгер кайра жаралуу доорунун эстетиктери сүрөт, архитектурага көп көңүл бурушпаса, агартуучулар поэзияны искусствонун эң негизги түрү деп эсептешет. Көркөм образ, типтештирүү өңдүү түшүнүктөргө көп жаңылык киргизишет. Көркөм методду түшүнүгө жакын барышат.

Реализм жөнүндөгү окуу Батыш Европада XVII кылымдын 50-60 жылдарында түзүлөт. Реализмге Д.Дидро (1713-1784), Т.Э.Лессинг (1729-1781) зор салым кошушат. Лессинг "Лаокоон" атту эмгегинде поэзияны жогору баалап, поэтикалык чыгармачылыктын спецификасын толук негиздеген. Поэзия турмушту кыймылда сүрөттөйт, оң, терс жактарына көңүлл бурат. Бирок Дидро, Лессинг социалдуу маселелерди мораль, агартуу каражаттары менен чечүүгө умтулушкан.

Агартуучуларды сындап, эстетикалык ойлорду алга жылдыруу жагы романтиктерге таандык. Романтиктер чыгармачылык процессдеги

субъективдүү фактордун ролун жогору баалашкан. Искусство - эркин чыгармачылык. Акын турмуштуу реалдуу формада чагылдырбайт, ага карата өзүнүн мамилесин билдирет. Көркөм таанып билүүнүн активтүүлүгүн баса белгилешкен. Алардын зор салымы мына ушул. Лирикага бөтөнчө көңүл буруп, лирикалык башталыш, анын элементи көркөм чыгарманын бардык түрүндө бар деп эсептешет.

Турмушка тарыхый мамиле жасоо Европада француз революциясынан кийин кёч алат. Тарыхый роман жанры өнүгөт. XIX кылымда турмушка тарыхый мамиле жасоо орус адабиятына да мүнөздүү.

Адабияттын теориясынын негизи XVIII кылымда түзүлө баштаса, өз алдынча илим катары XIX кылымда калыптана баштайт. Эми адабий теориялык проблемалар тарыхый көз караште коомдун өнүгүшү менен байланышта карала баштады.

Россияда XVIII кылымда теориялык маселелер М.В.Ломоносов, А.Н.Радищев тарабынан иштелген. М.В.Ломоносов "О пользе книг церковных", "Три штиля" атту теориясын иштеп чыккан (орустун адабий тили, мазмуну менен форманын биримдиги) "Письмо о правилах российского стихотворства" аттуу эмгегинде орус ыр түзүлүшүнүн негизги принциптерин иштеп чыгат. (Орус тилинин мүнөзн, өзгөчөлүктөрүн эске алат). Стилистика менен композициянын маселелери "Руководство к риторике и красноречию" деген эмгегинде каралат. "Разговор с Анакреоном" деген ырында адабият менен искусствонун граждандык, коомдук өзгөрткүч милдети жөнүндө айткан.

Радищев адабияттын зор таанып билүү, тарбиялык баалуу жагына көңүл бурган. Булардын оюн А.С.Пушкин, Н.В.Гоголь улантышкан. Адабий теориялык ойлорду өнүктүрүүдө зор салым кошкондор белгилүү сынчылар, жазуучулар, революцичыл-демократтар - Белинский, Герцен, Чернышевский, Добролюбов, Салтыков-Щедрин. XIV кылымда эстетика илиминин чоң жетишкендиги - бул искусство, турмушту чагылдыруунун бир формасы деген ойду бардык жагынан негиздөө. Орустун революциячыл-демократтары искусство коомго кызмат этет деп билишкен. Турмушту чындыкта карама-каршылыгы менен бирдикте сүрөттөп берүүнү талап этишкен. Эстетиканын негизги маселелерин чечүүдө алар материалисттер болушкан. Искусствонун негизги предмети - реалдуу турмуш, асылдуулуктун булагы. (Эстетические отношения искусства к действительности, 1855). Адабият турмуштун окуу китеби. Типтештирүү - чыныгы искусствонун негизи деп билишет. Алар сын реализминин теориясын иштеп чыгышкан. XIX кылымды анализ менен сындын кылымы деп атаган. Алдыңкы көз карашка зор маани беришкен.

Элдүүлүк - турмушту эл массасынын позициясында туруп сүрөттөп берүү, эмнени сүрөттөп берүү эмес, коомдун тигил же бул кубулушун кантип сүрөттөп берүү башкы ролду ойнойт. Ошондуктан Грибоедовдун

"Акылдан азап", Пушкиндин "Евгений Онегин" өңдүү чыгармалары элдүү (мазмундары жөнөкөй элдин турмушунан алынган эмес). Алардын түшүнүгүндө крепостнойлук түзүлүштү сындоого гана көрүнбөстөн элдин аң-сезиминдеги терс көрүнүштөрдү сындоодо да көрүнөт. (Социалдык пассивдүүлүк, диний калдыктар ж.б.) турмуш төмөндөн жогору карай кыймылда болуп, өнүгүп турат деп билишет. Алардын социалисттик идеялары утопиялык мүнөзгө ээ болгон. Эл массанын негизги күч катары карашкан (элди агартып, тарыхый милдетин түшүндүрүү). Адабиятка кыймылдын каарманын киргизүүгө умтулушкан. Мисалы, Чернышевскийдин "Эмне кылуу керек ?" романындагы Рахметов "жаңы доордун адамдары", Базаров "иштин адамы", Писарев (Тургенев "Аталар жана балдар"). Белинский поэзияны бөтөнчө жогору баалаган. XIX кылымдын экинчи жарымында Батыш Европалык эстетикада искусствого карата субъективдүү (романтиктер) жана объективдүү (Гете, Гегель) көз караштар өкүм сүрсө, орустун революциячыл-демократтары бул эки тенденцияны бирдикте синтездештирет. Адабияттын өнүгүшүн революциялык боштондук кыймыл менен байланыштырышкан.

Бирок тарыхты материалисттик планда түшүнө алышкан эмес. Белинскийдин "Разделение поэзии на роды и виды", "Взгляд на русскую литературу 1847 года", "Письмо Гоголю", Добролюбовдун "О степени участия народности в развитии русской литературы" өңдүү эмгектеринин адабияттын теориясы үчүн мааниси зор.

К.МАРКС МЕНЕН Ф. ЭНГЕЛЬСТИН ЭСТЕТИКАЛЫК КӨЗ КАРАШТАРЫ.

Марксизм - философиянын өнүгүшүндөгү сапаттык жаңы этап. Маркс, Энгельс диалектикалык материалисттик методду жаратылышка гана карата эмес, коомго карата да колдонушкан. Бул илимдеги чоң ачылыш, зор көңтөрүш болгон.

Буржуазиялык мамилелердин чыныгы искусствого карата жат мамилесин терең ачып беришкен. Мыкты чыгармалар эскирбейт, анткени алар чагылдырган доор кайталангыс искусство, адабият активдүү коомдук күч. "Отец трагедии Эсхил и отец комедии Аристофан были оба ярко выраженными тенденциозными поэтами, точно так же и Данте и Сервантес, а главное достоинство "Коварства и любви" Шиллера состоит в том, что это первая немецкая политически тенденциозная драма. Современные русские и норвежские писатели, которые пишут превосходные романы, все тенденциозны."

" ... тенденция должна сама по себе вытекать из обстановки и действия, ее следует особо подчеркнуть." (Энгельс)

М.Паркнестин "Шаардык кыз" аттуу повестин сынга алып, Энгельс "На мой взгляд, реализм предполагает помимо правдивости деталей, правдивые воспроизведения типичных характеров в типичных обстоятельствах."

Лассалдын "Франц фон Зиккинген" трагедиясынын айрым бир кемчиликтерин белгилеп, ошону менен бирге автордун адресине мактоо пикир айтат: "В Вашем "Зиккингене" взята совершенно правильная установка: главные действующие лица являются действительно представителями определенных классов и направлений, а стала быть и определенных идей своего времени, и черпают мотивы своих действий не в мелочных индивидуальных прихотях, а в том историческом потоке, который их несет".

В.И.Ленин жаңы тарыхый шартта Маркс менен Энгельстин окуусун чыгармачылык менен улантат. Адабият, искусство - жалпы пролетардык, жалпы элдик иштин бир бөлүгү. Адабияттын партиялуугунун принциптерин, ошондой эле чагылуу теориясын иштеп чыгат. Искусство турмушка карата экинчи кубулуш болуп берилет.

КӨРКӨМ АДАБИЯТТЫН ЖАЛПЫ КАСИЕТТЕРИ. КӨРКӨМ ОБРАЗ.

План:

1. Адабияттын мүнөздүү өзгөчөлүктөрү.
2. Көркөм образ жөнүндө жалпы түшүнүк.
3. Типтештирүү деген эмне ?
4. Мүнөз деген эмне ?
5. Кырдаал жөнүндө түшүнүк.

Окумуштуу, сүреткер реалдуу турмушка кайрылат. Адабият менен искусствонун негизги предмети турмуш, анын адамга болгон мамилеси. Адабият менен искусствонун сферасы кеңири, турмуштун бардык жагын камтыйт. Бирок музыканын да артыкчылыгы бар. Музыка адамдын ички дүйнөсүнө кайрылат, татаал, назик сезимдерди козгойт. Аларды сөз менен берүү кыйын. Бирок адабият искусствонун бардык элементтерин камтыйт. Ошондуктан анын сферасы чексиз. Көрсөтмөлүү жагынан адабият сүрөттөн жана скульптурадан кийин турат. Бирок адабият турмуштук көрүнүштөрдү терең жана кеңири камтыйт. Сүрөт искусствосу конкреттүү, элестүү, бирок бир эле учурду камтыйт. Бирок искусствонун түрлөрүн бирөөн бийик, бирөөн төмөн коюу туура эмес.

Ошентип искусство турмушту бөтөнчө, өзгөчө формада сүрөттөп берет, б.а. көркөм образдар аркылуу. Көркөм образдарда жалпы мааниге ээ болгон белгилер камтылат. Бул жөнүндө И.А.Гончаров минтип жазат:

"Жарым акыл Лир, Дон-Кихот жөнүндө кимдин иши бар, эгер алар кайсарлардын портрети болсо, тип болбосо адам баласынын өткөн, жаңы келечек коомундагы өзү өңдүүлөрдүн сансызын чагылдырган күзгүсү болбосо ?" Искусствонун сферасы чексиз экендигин белгилеп Чернышевский мындай деп жазат: " ... искусствону сферасы жалгыз асылдык менен чектелбейт же анын моменттери менен, турмуштагы (жаратылыш) бардык көрүнүштөрдү кучагына алат, окумуштуу катары кызыкпастан, жөн гана адам катары кызыгат, турмуштагы жалпы мүнөзгө ээ болгон кызыкчылык мына ушул искусствонун мазмуну."

Пушкин "Евгений Онегинде" назик, сулуу Татьянадан тышкары толгон терс каармандарды сүрөттөйт. Ал эми Гогольдун "Текшерүүчүсүндө" жалаң гана терс персонаждар орун алгандыгын көрөбүз.

Чыгарманын предмети мезгилдин проблемасы менен үндөш болууга тийиш. Пушкиндин "Евгений Онегини", "Капитан ыкзы" өз мезгилинин проблемсына үндөшүп турат. Эки чыгарма тең мезгилдин духуна туура келет.

К.Маркс Ф.Лассалга жазган катында автор "Франц фон Зиккинген" драмасында XVI кылымдагы таптык кагылыштарды сүрөттөйт да, дворян өкүлдөрүнө көп көңүл буруп, дыйкандар жана шаардын революциячыл элементтери көлөкөдө калган деп белгилейт. Бул кемчилиги болбогондо романдын каармандары мезгилди эң жаңы идеяларын баяндамак.

Жазуу сүрөттөлгөн көрүнүштөрдүн мезгилдин талабына туура келиши же келбестиги эки учур менен мүнөздөлөт: тарых талабы жана адабияттын ички өнүгүшү, социалдык-тарыхый шарт Л.Толстойду белгилүү темага жана белгилүү турмуштук материалга кайрылууга түрткү болгон.

Сүрөткер турмушту белгилүү идеологиялык жана эстетикалык позицияда туруп сүрөттөйт. Фейербах минтип жазат: "... Искусство өзүнүн чыгармаларын чындык катары кабыл алууну талап этпейт." Искусство жазуучунун активдүү көз карашы жана фантазиясы менен жаралат. Ошентип, көркөм образда жалпылоо бар. Образ - конкреттүү, ошону менен бирге жалпыланган адам турмуштун сүрөттө.

Типтештирүү деген эмне ? Турмуштагы жалпы законченемдүү көрүнүштөрдү жеке аркылуу билдирүү типтештирүү болот. Ырас көркөм образ турмуштук окуялардан жаралат, бирок жазуучунун чыгармачылык элегинен өтөт (эстетикалык идеалына жараша). Ошондуктан искусствонун чыгармалары көп учурда чыгарманын предмети болгон турмуштук чындыкка караганда адамга күчтүү таасир этет. Ойдон чыгаруусуз типтештирүү болбойт. Типтештирүү ойдон чыгаруусуз мүмкүн эмес. Мүнөз деген эмне ?

Каармандын жеке өзгөчөлүктөрүн аныктай турган негизги белгилердин жыйындысы мүнөз болот. Образды жалпы жана жеке органикалык бирдикти түзөт. Мүнөз өзүнүн мазмунун тийиштүү кырдаалда

(обстоятельства) толук ачып берет. Кырдаал - бул адам аракеттенген чөйрө, социалдык шарттар, конкреттүү турмуштук мамилелер. Типтүү кырдаал деген эмне ? Эгер доордун аныктоочу белгилерин, коомдун өнүгүшүн тенденцияларын чагылдырса кырдаал типтүү болот. Ф.Энгельс М.Паркнесске жазган катында реалисттик адабияттын маңызын ачык жана так белгилеген. "Менин көз карашымда, реализм деталдарды гана чындыкта сүрөттөбөстөн типтүү мүнөздөрдү чындыкта сүрөттөп берет."

КӨРКӨМ АДАБИЯТТЫН МАЗМУНУ ЖАНА ФОРМАСЫ.

План:

1. Мазмун жана форма жөнүндө жалпы түшүнүк.
2. Чыгарманын темасы жана идеясы. Турмуштук материал. Чыгарманын негизги проблемасы.
3. Сюжет жана композиция. "Селсаяк сюжет" жөнүндө түшүнүк.
4. Сюжеттин элементтери.
5. Композициянын элементтери.

Адабий чыгарманын мазмуну дайыма жазуучу сүрөттөгөн жана билдирген турмуштук көрүнүштүн органикалык биримдиги. Дүйнөдөгү бардык нерселер өзүнчө мазмунга жана формага ээ. Бирок көркөм чыгарманын мазмуну жана формасы диалектикалык мүнөздө болот.

Мыкты көркөм чыгармада бардыгы мазмун, бардыгы форма. Алар өз ара бири бирине өтөт. Бирок көркөм чыгармада мазмун аныктайт. Турмуш жараткан жаңы мазмун эски форманы жокко чыгарат, сүйүү негизин түзгөн. XIX кылымдагы үй-бүлөлүк роман жаңы мазмун үчүн тар болот. Эми эпопеялык белгилерди кеңири камтыган романдын жаңы тиби жаралат. Жаңы романда каармандьт революциялык күрөштө сүрөттөгө мүмкүн болот. Мындай романдарга М.Горькийдин "Эне", Фурмановдун "Чапаев" ж.б. кирет.

Ошондой эле форма активдүү. Ал мазмунга таасир этет, анын маанисин корректировать этет (оңдойт). Маяковский революциялык доорду бөтөнчө сүрөттөп бере турган форманы издейт. Чыгарманын идеялык мазмунунун өнүгүшүнө автор тандап алган жанр таасир этет. Пьесанын мазмунун кандай формада чечилет, комедиялуу же рагедиялуубу, ошого жарашалуу болот.

Мазмун деген эмне? Автордун идеалы менен чагылган, идеялары менен сугарылган, турмуш кубулуштарынын көркөм өздөштүрүлүшү. Мазмун да объективдүү жана субъективдүү мүнөзгө ээ. Мазмундуулук, Белинскийдин пикири боюнча, турмуштук чындык менен ажырагыс.
Мазмун - көп составдуу категория, ал өзүнүн ичине чыгарманын темасын жана идеясын камтыйт. К.Маркс жана Ф.Энгельс мыкты чыгармалардын

бардыгын терең идеялуу же тенденциялуу дешкен. "Трагедиянын атасы Эсхил, комедиянын атасы Аристофан экөө тең тенденциялуу акын болушкан, ошондой эле Данте , Сервантес, ал эми Шиллердин "Коварство и любовь" башкы артыкчылыгы мында, ал биринчи немецтик саясий тенденциялуу драма." Мыкты романдарды жазышкан азыркы орус, норвегия жазуучулары, бардыгы тенденциялуу. Идеясыз чыгарма болбойт. Идея белгилүү карама-каршылыктарды чечүүдө билинет. Кандай гана чыгарма болбосун анда идеялык-эстетикалык "күч" бар, өзүнүн багыты бар, андан биз жазуучунун көз карашын билебиз. Тема - бул чыгарманын башкы проблемасы. Тема - бул конкреттүү чечүүнү талап эткен, жазуучунун жан дүйнөсүн козгогон маселе. Бир эле турмуштук материал ар түрдүү темалардагы чыгармаларды жаратышы мүмкүн. Мисалы: Улуу Ата Мекендик согуштун окуялары көптөгөн темалардагы чыгармаларды жараткандыгын билебиз. Мисалы, Симоновдун "Орус адамдары", Шолоховдун "Адам тагдыры" тематикасы боюнча жакын чыгармалар. Алардагы көтөрүлгөн проблемалар окшош көрүнгөнү менен каармандардын тагдырлары, душман менен болгон күрөштө басып өткөн жолдору ар башка. Тема конкреттүү турмуштук ситуация жараткан кандайдыр бир конфликт камтыйт. Конфликтсиз чыгармалар турмуштан, чындыктан алыс. Тема форманы түзүү процессинде өзүнчө чечилет, идеялык багыт алат. Тема деген термин эки маанидe колдонулат.

1. Турмуштук материал (сүрөттөш үчүн алынган).
2. Чыгармадагы негизги коомдук проблема.

Биринчи маанисинде "Тарас Бульбанын" темасы - бул Украина элинин боштондук күрөшү /поляктык шляхтичтерге каршы/. Экинчи маанисинде турмуштун жогорку закону болгон элдик жолдоштук проблема. Ал адамдын ордун, милдетин аныктайт.

Айрым чыгармаларда теманын проблемалуулугун жазуучу чыгарманын аты менен эле баса белгилейт. Мисалы "Акылдан азап","Ким күнөөлү ?" "Эмне кылуу керек ?", "Болот кантип курчуду ?". Ал эми коптогон чыгармалардын аты эч нерсе билдирбейт /"Евгений Онегин", "Анна Каренина", "Тынч Дон" ж.б./.

Л.Толстой "Анна каренина" романынын идеясын аныкташ үчүн чыгарманы башынан аягына чейин кайрадан көчүрүп чыгыш керек деген экен.

Чакан лирикалык ырларда бир идея, бир ой жатат. Ал эми эпикалык драмалык чыгармаларда көп пландуу идеялар орун алгандыгын көрөбүз. Поэтикалык идея эстетикалык жаратылышка ээ болуп, образдардын системасында ачылат. Көркөм форманын негизги милдети - мазмунду ачык ачып берүүдө. Көркөм форманын компоненти - сюжет б.а. чыгармадагы окуялардын системасы. Ал эми чыгарманын түзүлүшү композиция. Маяковский "Сергей Есенин" атту ырында Есениндин:

"В той жизни умирать не ново,

Но и жить, конечно не новей" деген ыр саптарындагы ойго каршы лозунг-ырынын композициясынын борбору, фокусу төмөнкү ыр саптар. Ырдын композициясы формалдуу поэтикалык ыкма эмес, мазмундуу көрүнүш.

Бардык жазуучуларга жалпы көрүнүш - бул тил экендиги белгилүү. Ошондой эле бардык жазуучуларга жалпы көрүнүш - сюжет. Үчүнчүдөн, композиция да жалпы көрүнүш болуп эсептелет. Анткени чыгарманын идеялык-көркөмдүк мазмунун ачып бериш үчүн автор каармандардын сөзүнө, сүрөттөлөргө, автордук баяндоого, диалог, монологдорго, лирикалык чегилүүлөргө кайрылат. Ошондой эле конкреттүү урук, түр жанрда жалпы мүнөздөгү көрүнүш. Мыкты чыгармалардын сюжети коомдук чоң мааниге ээ болгон турмуштук окуялардан турат. Окуялардын системасы негизинен эпикалык, драмалык чыгармаларга мүнөздүү.

Жаратылыштын сүрөтүн предмет кылып алган айрым бир эпикалык чыгармаларда окуялардын системасы жок. Мисалы: Тургеневдин "Токой жана талаа", Эдгар Понун психологиялык новеллалары, Хемингуэйдин "Окуясыз" аңгемелери. Ошондой эле лирикалык чыгармаларда окуялардын системасы жок. Бирок аларды сюжетсиз чыгармалар деп атоо туура эмес.

"Селсаяк сюжет" жөнүндөгү теориянын мүнөзү эмнеде ? Көптөгөн жазуучулар Дон-Жуандын образына кайрылышкан. /Мольер, Байрон, Пушкин) Тышкы окшоштуктардын негизинде бири бирине таасир этет, үйрөнөт деп билишкен/. Мындай окшоштуктар элдик оозеки адабияттарда учурайт. Мисалы "Көр уулу", "Алпамыш", "Эр-Төштүк" ж.б.. Бирок бир элдин улуттук бөтөнчөлүктөрү сакталган. Ырас, негизги традициялык сюжет бардыгында бирдей. Тарыхый шарт, кырдаал бир мүнөздөгү романдарды жараткан. Мисалы, "Анна Каренина", "Айым Бовари" /Флобер/. Буларда социалдык, нравалык конфликттер бирдей ээүүгө негизделген коомдо көптөгөн, ар-түрдүү үй-бүлөөлүк трагедиялар каралат. Бирок булар жалпы гана окшоштук. Сюжеттин өнүгүшү бөтөнчө, мазмуну башка, коомдук карама-каршылыктарга карата жазуучулардын мамилелери ар башка. Каармандардын мүнөзү бөтөнчө улуттук белгилер менен айырмаланып турат.

Классикалык адабий чыгармаларда сюжеттин экспозиция, завязка /чиеленүү/, окуянын өнүгүшү, кульминация, развязка - окуянын чечилиши өңдүү элементтер бар. Ал эми айрым чыгармаларда пролог, эпилог - сөз башы, сөз аягы бар экендигин көрөбүз. Карама-каршылыктар башталганга чейинки шарт /каарман аракеттенген/, мына ушул шартта калыптана баштаган каармандын мүнөздөгү белгилер экспозиция болот. Экспозициянын милдети каармандын андан аркы жүрүш турушуна жол ачуу.

Экспозиция дайыма эле чыгарманын башында берилбейт, чыгарманын аягында да туш келиши мүмкүн. /"Өлүк жандардын" биринчи томунун

аягында Чичиков жөнүндө кабар бар/. Ал эми Л.Толстойдун "Согуш жана тынчтык" романында каармандар жөнүндө алгачкы кабарлар чыгарманын ар кайсы жерлеринде орун алгандыгын көрөбүз. Бирок бардык учурда экспозиция бирдей милдет аткарат. Катышкан каармандардын мүнөздөрү алынган кырдаал менен тааныштырат, андан аркы каармандардын жүрүш-турушун түшүндүрөт /мотивировкалайт/. Тургеневдин "Дворянское гнездо" аттуу романында каармандар жөнүндө алгачкы кабарлар бир нече главаларга созулат. Драмалык чыгармаларда каарман тарбынан же автор тарабынан баяндалат.

Окуянын чиелениши /завязка/ - алгачкы карама-каршылыктардын өнүгө баштаган окуяларды сүрөттөө. Алгачкы карама-каршылыктарды ачып берүү менен окуянын чиелениши окуучуларды чыгарманын темасын түшүнүүгө жакындатат.

Ч.Айтматовдун "Жамийла" китебинде окуянын чиелениши - бул Жамийла менен Даниярдын пристанга бирге дан того башташы. "Текшерүүчүдө" окуянын чиелениши - бул даярдалып жаткан текшерүү. Эгер окуянын чиелениши чыгармада коюлган проблеманы түшүнүүгө окуучуларды жакындатса, окуянын өнүгүшү ал проблеманын мүмкүн болушунча чечүү жолдорун көрсөтөт. Экинчиден, Айтматовдун "Жамийла" повестинде окуянын өнүгүшү Данияр менен Жамийланын мүнөздөрү ачыла баштайт, бири бирине болгон сүйүү сезимдеринин күч алгандыгын көрөбүз. "Текшерүүчүдө" катышкан каармандардын мүнөзү ачыла баштайт.

Кульминация - окуянын өнүгүп жетилген эң жогорку чеги. Ч.Айтматовдун "Жамийла" повестинде Жамийла менен Даниярдын терең сүйүүсү жалпыга белгилүү, алар бири-бирисиз жашай алышпайт. Даниярдын обону же кырмандагы сценалар. "Текшерүүчүдө" Хлестаков шаар башчысынын кызына үйлөнмөк болгону, Мария Антоновнага куда түшүүсү. Окуянын чечилиши - карама-каршылыктар басылат, же аны баса турган жолдор ачык болот. Ч.Айтматовдун "Жамийла" повестиндеги Данияр менен Жамийланын кол кармашып казак талаасын бет алып кетиши. Ал эми "Текшерүүчүдө" - окуянын чечилиши - бул Хлестаков ким экендиги билинет, жаңы, чыныгы текшерүүчү эми келери жөнүндө кабар айтылат.

Пролог жана эпилог - сөз башы, сөз аягы айрым бир чыгармаларда учурайт. Сөз башы - негизги сюжеттик өнүгүшкө киришүү. Албетте, сөз башы менен чыгарма башталат. Баш сөз чыгарманын аягында берилиши да мүмкүн. Гогольдун "Коркунучтуу өч алуу" /"Страшная месть"/ аттуу чыгармасында сөз башын чыгарманын аягынан көрөбүз. Бадуруштун ыры - сөз башы болот.

Эгер чыгарманын аягында катышкан каармандардын тагдыры анчалык ачык болбой калган учурда соз аягына кайрылышы мүмкүн. Ошондой эле композициянын да өзүнүн элементтери бар экендиги белгилүү.

Лирикалык чегинүү - бул эпикалык чыгарманын авторун түздөн түз билдирген ой-толгоолору. Мисалы, Гоголь Плюшкинди окуучуларга бөтөнчө терс маанинде сүрөттөп бериш үчүн түздөн-түз ой толголорун берет. "Жаш гвардия" романында каармандын эмгекчил элге карата айткан гимни бар. Бул автордун ою экендиги ачык байкалып турат. Айрым учурда жазуучу өзүнүн чыгармасынын мүнөзү жана милдети жөнүндө кабар бериш үчүн лирикалык чегинүүгө кайрылат. Гоголь "Өлүк жандар" жазуучунун эки тиби жөнүндө ой жүгүртөт.

Кошумча эпизоддор чыгарманын негизги баяндоо сызыгы менен түз байланышы жок. Бул өңдүү композициялык каражат чыгарманын мазмунун кеңейтиш үчүн же терендетиш үчүн колдонулат. Мисалы, "Манас" эпосунда "Көкөтөйдүн ашы", "Алмамбеттин жомогу" кошумча эпизоддорго кирет. Гогольдун "Өлүк жандар" поэмасына "Капитан Копейкин жөнүндө повесть" киргизилген.

Көптөгөн чыгармаларда пейзаж маанилүү идеялык-композициялык роль ойнойт. Ырас, айрым чыгармаларда пейзаж чыгарманын негизги предмети болуп сүрөттөлөт. Көп пейзаж көркөм каражаттын ролун аткарган учур жөнүндө жүрүп жатат. Достоевскийдин "Бедные люди" аттуу романында Варенька студент. Покровскийдин өлөр алдында жаратылыштын көрүнүшүн эскерет. Күн көрүнбөйт, себелеп жаан тамчылап турат. Интерьер - каарманды курчаган чөйрө, жай. Гоголь "Старосветские помещики" аттуу чыгармасында каармандардын бөтөнчө "жабык" дүйнөсүн сүрөттөйт.

АДАБИЯТ КООМДУК АҢ-СЕЗИМДИН БИР ФОРМАСЫ.

План:

1. Адабият искусствонун бир түрү.
2. Адабият менен искусствонун таптуулугу. Антикалык доордун, кайра жаралуу доорунун, ошондой эле кийинки доордогу искусстводогу таптуулук белгилер.
3. Таптык антагонисттик коомдогу эки маданият жөнүндөгү лениндик окуу.
4. Адабияттын жана искусствонун партиялуулугу.
5. Адабияттын элдүүлүгү. Адабияттын элдүүлүгүнүн критериялары.
6. Адабият менен искусстводогу интернационалдуулук жана улуттук.

Марксизм-ленинизм адабият менен искусствону коомдук аң-сезимдин бир формасы катары карашат. Тигил же бул доордо жаңы эстетикалык идеялардын пайда болушу - бул тарыхый аренага саясий жана идеологиялык жактан үстөмдүк кылуучу тап чыкты дегенди билдирет. Бир экономикалык түзүлүштөн экинчи бир экономикалык түзүлүшү

менен алмашышы менен искусство өлбөйт. Байыркы гректердин орто кылымдын эстеликтери /баатырдык эпос, рыцардык роман .../ кайра жаралуу доорунун чыгармалары жана башка жалпы адамзаттык мааниге ээ.

АДАБИЯТ МЕНЕН ИСКУССТВОНУН ТАПТУУЛУГУ.

Адабият менен искусствону таптуулугун жазуучунун чыгармачылыгынын тигил же бул коомдук таптын идеологиясы менен шартталышы катары түшүнүү керек. Таптуу искусство нейтралдуу эмес, нейтралдуу болушу да мүмкүн эмес.

Жазуучу турмушту түшүнүп же түшүнбөй белгилүү таптын позициясында туруп сүрөттөйт. Таптуулук, бардыдан мурун, чыгарманын идеялык багытынан билинет. Аристофандын чыгармачылыгынын таптык мүнөзү жалпыга белгилүү "Ахарняне", "Всадники", "Тынчтык", "Лизострата" ж.б. комедияларында афиндик демагогдорду катуу сынга алат, согушка каршы ошол кездеги шаардын турмушун мыскылдайт. Орто кылымдын искусствосу да таптуу болгон. Кайра жаралуу доорунун адабиятында феодалдык диний эзүүгө каршы ачык күрөш бар, гуманизм идеясын коргоо күчтүү. Бирок дайыма эле сүрөткер таптык психологиясынын буйругуна баш ийе бербейт. Үстөмдүк кылуучу тап менен тыгыз байланыштуу болгон жазуучу коп учурда өзүнүн таптык тар коз карашын жеңет. Горький дүйнөлүк адабияттын классиктеринин өз табынын "адашкан балдары" деп атаган. Элге каршы саясат жүргүзгөн таптан тарбияланып өскөн жазуучу кийин ошол өзү чыккан тапты аёосуз сынга алат. В.И.Лениндин "Л.Толстой" деген макаласында минтип жазат: "Эгер чын эле улуу сүрөткер болсо, ал өзүнүн чыгармаларында революциянын айрым бир орчундуу жактарын чагылдырууга тийиш. Улуу жазуучулардын чыгармачылыгы бoштондук кыймылдын топурагынан өнүгүп чыгат, өзүнүн негизи боюнча элдүү, ырас, белгилүү таптык чектенүүлөрдө сактайт."

Адабияттын таптуулугу коомдук көрүнүштөрдү сүрөттөөдөн гана билинбейт. Р.Бернс сулуулуктун жана боорукерликтин идеалын дыйкан кызынан көрөт:

"Красавиц всех затмит она,
Хотя ее не знает свет,
Она достойна и скромна,
Ее милее в мире нет."
/"Жылаңайлак кыз"/.

Жазуучунун таптуулугу анын чыгармасынын, идеялык түзүлүшүнөн гана байкалбастан, формасынан да байкалат. XVII кылымдагы классикалык трагедиянын мазмуну жана формасы падыша сарайынын

табиятына ылайыкталган. Катышкан каармандар - падышалар, аскер башчылары, алардын кийген кийими, сүйлөгөн сөздөрү бөтөнчө кооз.

АДАБИЯТТЫН ЭЛДҮҮЛҮГҮ

Коом тапка бөлүнө баштагандан тартып маданият да өзгөрө баштайт. Үстөмдүк кылуучу таптын эстетикалык табиятын канааттандырган профессионалдуу адабият пайда болот. Ал эпос, ыр, жомок өндүү элдик поэтикалык чыгармачылыктан бөлүнүп турат. Мына ушундай шартта адабияттын элдүүлүгү жөнүндөгү идея жаралат. Элдүүлүктүн маңызы көркөм чыгармачылыкты элдик турмуштун башатына буруу, элди агартуунун, феодалдык жана буржуазиялык эзүүдөн куткаруунун каражатына айландыруу.

Адабияттын элдүүлүгү ар башка тарыхый доордо ар башка көрүнөт. Бул маселени биринчи козгогондор - XVIII кылымдын улуу агартуучулары Дидро, Лессинг, Руссо ж.б.. Булар классицизмди катуу сындашып, адабиятты демократташтыруу, элдин турмушуна жакындаштыруу үчүн катуу күрөшкөн.

XVIII кылымдын экинчи жарымында элдүүлүк проблемага аздыр-көптүр салым кошкон Гердер болду. Ар бир эл өз алдынча адабият жаратууга укуктуу. Гоголь "Несколько слов о Пушкине" /1834/ аттуу макаласында "Чыныгы улуттук сарафанды сүрөттөөдө эмес, элдин өзүнүн духунда." Анын пикири боюнча, акын дүйнөгө "өз улутунун стихиясында караса, ошондо улуттук болот". Ал эми Белинский болсо "Евгений Онегин", "Өлүк жандарды" элдик чыгарма деп эсептейт. Белинскийдин пикири боюнча элдик искусство сөзсүз жалпы адамзаттык мазмунду камтыйт. Элдүүлүктө социалдык теңсиздикти сындоо, Россиянын келечеги менен байланыштуу болгон бардык жакшы нерселерди мактоо өңдүү көрүнүштөр болууга тийиш. Белинскийдин пикири боюнча кеп, эмнени сүрөттөөдө эмес, кантип сүрөттөөдө.

Адабияттын элдүүлүгү анын таптуулугун жокко чыгарбайт. Элдүүлүктүн негизинде "таптык кызыкчылык жатат, бирок прогрессивдүү, революциялык кызыкчылык". Л.Толстой патриархалдуу дыйкандардын атынан сүйлөгөн. Ал эми Достоевский болсо шаардык жалчылардын оор абалын сүрөттөгөн. В.И.Ленин элдик проблеманы терең иштеп чыккан. Улуу жазуучулар элдик турмуштун тигил же бул жактарын чагылдырат, ошонусу менен ал улуу. Ленин боюнча элдүүлүк бул мазмундун гана проблемасы эмес, көркөм форманын проблемасы. Элдүүлүктүн эң мыкты үлгүсүн ал классикалык реализмден жана романтизмден көргөн. К.Цеткин менен болгон аңгемесинде "Искусство - элге таандык" деген.

Элдүүлүк проблемасы бөтөнчө Пушкинден тартып бөтөнчө иштеле баштады. Ага чейин элдүүлүк элдин жашоо-тирчилигиндеги өзгөчөлүктөр улуттук кийим, үрп-адаттар деп билишкен.

Гоголь Пушкиндин чыгармачылыгына кайрылып, ал эмнени сүрөттөбөсүн дайыма улуттук акын, анткени турмуш көрүнүштөрүнө өз элинин көзү менен карап, өз элинин түшүнүгүнө баа берет.

АДАБИЯТТЫН ЭЛДҮҮЛҮГҮНҮН КРИТЕРИЯЛАРЫ

Элдүүлүк өнүгүп, өзгөрүп тура турган түшүнүк. Бирок ошондой болсо да, анын төмөнкүдөй негизги белгилерин, критерийлерин көрсөтсө болот.

1. Эл массасы үчүн маанилүү, кызыктуу кубулуштарды сүрөттөө.

Белинский Гогольдун "Текшерүүчүсүнөн", "Өлүк жандарынан" олуттуу кубулуштарды көргөн, элдин өнүгүшү үчүн аларды билүү зарыл. В.И.Ленин өзүнүн Л.Толстой жөнүндөгү макалаларында "Эгер ал чынында улуу сүрөткер болсо, революциянын айрым бир олуттуу жактарын ал өзүнүн чыгармаларында чагылдырууга тийиш эле." Бирок айрым жазуучулар эл үчүн маанилүү, кызыктуу кубулуштарга кайрылат, бирок аларды бурмалап, чындыктан алыс сүрөттөйт. Мисалы, Достоевский "Жиндер" /"Бесы"/ деген романда орус коомунун 70-жылдарындагы маанилүү процесстерине кайрылат. Бирок жазуучунун реакциялык саясаты бийик революциялык идеяларды ажыратууга мүмкүндүк бербейт.

2. Турмушту доордун алдынкы идеяларына таянып сүрөттөп берүү.

Ар бир чыгармага тарыхый конкреттүү мамиле жасоого тийишпиз. Ар бир жазуучу өз мезгили үчүн эмне салым кошту, ошону баалоо керек. В.И.Ленин минтип жазган: "Тарыхый ишмерлердин эмгеги азыркы мезгилдин талабына салыштырганда эмнени бере алышкан жок, ошону менен бааланбайт, өзүнөн мурункуларга салыштырганда жаңы эмне беришти, алардын тарыхы, салымы мына ушуну менен бааланат."

3. Жазуучунун чыгармалык чеберчилиги.

Улуу жазуучулардын чыгармаларында маанилүү турмуштук кубулуштар бардык жагынан терең, чындыкта көркөм сүрөттөлгөн. Искусствонун өнүгүшү менен бирге элдик жазуучу, элдик адабият деген түшүнүк менен бирге, жалпы адамзаттык мааниге ээ болгон жазуучулар

пайда болот. Жалпы адамзаттык мааниге чыныгы элдик чыгармага гана татыктуу.

Адамзаттын кызыкчылыгын билдирген чыгармалар гана улуттук рамкадан чыгып, жалпы адамзаттык мааниге ээ болот. Ырас, ал өзүнүн улуттук өзгөчөлүгүн сактайт.

Таптык антагонисттик коомдо маданият менен искусствонун өнүгүш деңгээли бирдей эместиги белгилүү. "Гректер нормалдуу балдар болушкан"- деп жазат В.И.Ленин. Байыркы гректердин искусствосу башка элдер үчүн "норма" жана "үлгү" болгон жалпы адамзаттык мааниге өсүп жеткен. Ырас, бардык эле элдик акындардын чыгармалары жалпы адамзаттык мааниге ээ боло бербейт. Бул жөнүндө Добролюбов Лермонтов менен Кольцовту салыштырып, Кольцов орустун таланттуу элдик акыны деп баалайт да, Лермонтовдун чыгармаларында турмуш кеңири, ар тараптан сүрөттөлгөнүн баса белгилеп, анын чыгармасы жалпы адамзаттык мааниге ээ болорун айтат. Л.Толстой Достоевскийдин чыгармаларындагы айрым бир каармандардын мүнөзүнөн жалпы адамзаттык белгилерди көргөн.

Өз элинин жана дүйнөдөгү элдердин ой-тилектерин билдирген адабият жалпы элдик жана жалпы адамзаттык белгилерди камтыйт.

4. Адабият менен искусстводогу интернационалдуулук жана улуттук.

Адабият ар бир өлкөдө улуттук турмуштун топурагынан өнүгүп чыгат. Ал өзүнүн мазмуну жана көркөм дүйнөсү боюнча өзгөчө, бөтөнчө. Ж.Амаду советтик жазуучулардын II съездинде: "Биздин китептерибиз революцияга кызмат этиш үчүн алар баарынан мурда бразилиялык болууга тийиш: алардын интернационалдуу болуу мүмкүнчүлүгү мына ушундан көрүнөт." Улуу сынчы Белинский "элдүү жана адамзаттык ондүү түшүнүктөрдү эки башка чоочун, ал тургай жат башталыштарга бөлүү - бул бөтөнчө абстрактуу, бөтөнчө китептик дуализмге түшүп кетүү дегенди билдирет." Ар кандай улуттун турмушу коп кырдуу жана карама-каршылуу. Бир жагынан элдик жакшы традициялар менен бирге, өткөндүн жаман калдыктары бар экендиги да белгилүү.

Адабияттын улуттук өзгөчөлүгүн аныктый турган башкы фактор - бул улуттук мүнөз. Улуттук мүнөз - бул жалпы улуттук категория. Бирок улуттук психологиялык өзгөчөлүктөр бир улуттагы ар кандай таптарда ар башка мүнөздө көрүнөт. Улуттук мүнөздөрдүн жакшы белгилерин алып жүрүүчү - бул эл. Улуттук өзгөчөлүктүн ачык белгиси поэтикалык тил.

Ч.Айтматов "Кылымга тете бир күн" аттуу чыгармасында жер шарын чолдо адашкан төөнүн баласына салыштырат, ал өзүнүн энесин издеп, дүйнөдө акырын жылып жүрөт.

АДАБИЙ ЧЫГАРМАНЫН ТИЛИ

План:

1. Адабий чыгармада көркөм образ жаратуунун негизги каражаты - тил.
2. Синонимдер жана антонимдер.
3. Тилдин бөтөнчө лексикалык ресурстары. Архаизмдер, неологизмдер, варваризм.
4. Тилдин атайын сүрөттөө каражаттары. Эпитет, салыштыруу-жөнөкөй троптор. Татаал троптор - метафора, жандандыруу, аллегория, метонимия, синекдоха, гипербола, литота, ирония.
5. Тилдин поэтикалык фигуралары.

Адабий чыгармаларда көркөм образды жаратуунун негизги каражаты тил экендиги белгилүү. Сөз - бул бардык факторлордун, ойлордун тышкы кийими. "Көркөмдүүлүк - бул ар бир сөз өз ордунда гана болбостон, ар бир сөздүн болушу зарыл, сөзсүз болууга тийиш, барынан мурда сөз аз болууга тийиш" - дейт Чернышевский.

Каармандын тили - мүнөздөрдү типтештирүүнүн жана жекелештирүүнүн каражаты. Ар бир адамдын тили анын турмуштук тажрыйбаларынын, маданиятын, акылынын, психологиясынын өзгөчөлүктөрүн мүнөздөйт.

А.Чеховдун "Той" аттуу чыгармасында Дашеньканын маданий деңгээли төмөнкү сөздөрдөн ачык байкалат: "Они хотят свою образность показать и всегда говорят о непонятном." Ал эми Татьяна Ларинанын сөзүнө кайрылалы: "Да, я пришла худая череда! Зашибло..."

Каармандардын тилин жекелештирүү бул аны типтештирүүнүн каражаты. Айрым персонаждардын тили көптөгөн адамдардын речинин өзгөчөлүгүн мүнөздөйт.

Синонимдер жана антонимдер

Тигил же бул турмуштук көрүнүштү так, көркөм сүрөттөп берүүдө зарыл сөздөрдү табуу оңойго турбайт. Жазуучулар мына ушундай зарыл сөздөрдү издешип синоним сөздөргө кайрылышат. Синонимдер - бул мааниси жагынан жакын сөздөр. Жакын бирок окшош эмес кубулуштарды жана түшүнүктөрдү берүүдө синоним сөздөргө кайрылышат.

Мисалы, "Манас" эпосунда жана башка элдик чыгармаларда "баатыр", "эр" деген сөздөр көп учурайт. Бул сөздөр угулушу жагынан ар түрдү болгону менен мааниси жакын бирдей. Көркөм чыгармада бир эле сөздү

ыксыз кайталай берсе, окуучу, угуучуну тажатып, ой жарды болору ачык. Мына ошондуктан жазуучулар бир эле сөздү кайталай бербей, мааниси жагынан жагынан окшош сөздөрдү табышат. Мындай ыкма чыгарманын көркөмдүгүн арттырат. А.Осмонов өзүнүн "Райкомдун секретары" аттуу ырында синоним сөздөрдү өтө чебер, чыгармачылык менен колдонгонун көрөбүз.

Тарчылыкта жол тапканга баттыгы,
Жокчулукка ырыс тагар марттыгы
Колхозчу элде жемиш болуп мөмөлөп
Тууралыгы, калыстыгы, аттыгы.

Райкомдун секретарынын образын синоним сөздөр ("тууралыгы", "калыстыгы", "аттыгы") аркылуу так, ачык берген, ырдын көркөмдүгү да арткан.

Ушул эле ырдын экинчи строфасына кайрылалы.

Жалтак, бошоң, жашыктыкта көнбөгөн
Мокоп, чарчап, кемип, өчүп
Анын сынбас, солбой турган себеби
Кремльдин жамгырына көгөргөн

Бул жерде да акын синоним сөздөрдү чебер колдонгонуна күбө болобуз. Ошондой эле прозалык чыгармаларда синоним кеңири учурайт.

Т.Сыдыкбеков "Биздин замандын кишилери" романында төмөнкүдөй синоним сөздөрдү колдонгонун көрөбүз. "Курч балта көк талды бир чаап, чорт кертип түшүргөндөй, прокурордун Чаргынга берген суроолору, таптак, кыска, түшүнүктүү, мазмуну терең: чарбага, өнөктүктөргө арналган ..."

Келтирилген мисалдар ойду так, терең берүүгө жардам этет.

Поэтикалык тилде антоним сөздөр да белгилүү көркөм милдет аткара тургандыгын көрөбүз. Кубулуштарды бири-бирине өтө карама-каршы коюп, контраст түзүүдө антоним сөздөр колдонулат. Демек, антоним - мааниси жагынан бири-бирине карама-каршы турган сөздөр.

Пушкин Онегин менен Ленскийдин мүнөздөрүндөгү айырмачылыктарды төмөнкүдөй антоним сөздөр менен бөтөнчө көркөм бергенине күбө болобуз.

"Они сошлись. Волна и камень.
Стихи и проза, лед и пламень.
Не столь различны меж собой."

Бир кубулуштун ичиндеги карама-каршылыктарды баса көрсөтүш үчүн да антоним сөздөр колдонулат.

Некрасов эски Россияга мындай мүнөздөмө берет:

"Ты и убогая,
Ты и обильная,
Ты и могучая,
Ты и бессильная,
Матушка - Русь!".

Муну айтсам, бирөө угар, бирөө укпас
Чынында азга жагар, көпкө жакпас,
Кары, жаш ушунча көп адамзатты
Бир гана жолдошу бар түк айрылбас.
(А.Осмонов "Чын жолдош").

Тилдин бөтөнчө лексикалык ресурстары

Турмуштук кубулуштарды образдуу сүрөттөп берүүдө жазуучулар тилдин бөтөнчө лексикалык ресурстарына да көп кайрылышат. Бир катар адабий чыгармаларда архаизм сөздөр бар. Архаизмдер - эски, колдонулуудан чыккан же тилде анча кеңири таралбаган сөздөр жана сөз түркүмдөрү. Ырас, архаизм сөздөр поэтикалык речте сейрек колдонулат. Архаизм өткөн доорду сүрөттөгөн чыгармаларда учурап, тарыхый колоритти жаратууда оболго түзөт. Чыныгы сүрөткерлер архаизмди өтө сак колдонот, сейрек кайрылат: тилди булгап сүрөттөгөн көрүнүштү түшүнүү кыйын болот. Окуучуларга түшүнүктү архаизм сөздөрүн гана алуу керек.

"Ордодон бир жансыл буйрук келмейинче жан адамды киргизбей, эч ким менен сүйлөштүрбөй, тирүү дүйнөдөн такыр бөлүп кармоо өкүм болунган эле." ("Сынган кылыч").

Архаизм сөздөрүн чыгармачылык менен Пушкин "Борис Годунов", А.Толстой "Петр I " колдонушат. Айрым учурларда архаизм сөздөр поэтикалык речти салтанаттуу, бөтөнчө берүү үчүн колдонулат. Пушкин өзүнүн "Пайгамбар" деген ырында ушундай ыкмага кайрылат.

Айрым учурда архаизм сөздөр каарманга ирониялык мүнөздөмө берүүдө, мисалы Маяковский "Мистерия - буфф" аттуу чыгармасында төмөнкүдөй сүрөттөйт: "Братие! Сие на сорок ночей и сорок дней." Архаизмге конкреттүү тарыхый мамиле жасоо керек. "Өкмот амирине баш ийбегендик - тартипке, мыйзамга каршы болгондук - дешти ..." "Кандай мажлисти бара көрөсүнөр!" (Т.Сыдыкбеков "Тоо арасында" 2-китеп). Эски сөздөр жаңы мааниге ээ болушу мүмкүн. Мисалы, борбор, чогулуш.

“Уккан соң бул жардыкты албан дубан,
Калдалган көз алдына кара туман,
Аптыгып Азиз Хандын амирине -
Сынчылар башын чайкап көзүн жумган.”
(А.Осмонов “Толубай сынчы”).

Ошентип, өткөн доордо эле сүйлөө речинде кеңири колдонгон сөздөр бүгүн архаизм болуп калды.

Неологизм - буга чейин тилде колдонбогон жаңы сөздөр. Тилдин словардык составына кирип калган неологизм жана жазуучу тарабынан жаңы жаралган неологизмдерди чаташтырбоого тийишпиз. Биринчи неологизмдерди жазуучу башка сөздөр менен бирге эле колдоно берет. Мисалы, колхоз, совхоз, беш жылдык, аэроплан. Жазуучу тигил же бул кубулушту так, көркөмдөп сүрөттөп бериш үчүн тийиштүү сөз таппай, жаңы неологизм сөз жаратышы мүмкүн. Мындай сөз бөтөнчө көркөм каражат катары кабыл алынат.

Ырас, бара-бара бул неологизм өзүнүн бөтөнчө жаңы мүнөзүн жоготуп, жалпы, кеңири колдонгон сөзгө айланып кетет. Анткени акын, жазуучулар бул поэтикалык ыкмага өтө сейтек кайрылышат. Маяковский чыгармачылыгы бөтөнчө гүлдөп турган учурда айрым бир ыктуу неологизмдерди жараткан. Ал жаңы сөз жараткан эмес, сөздөрдүн түрүн өзгөртүп, жаңы (оттенок) кошумча түс берген.

Диалектизм - (провинциализм) - адабий тилде колдонбогон, айрым жерлерде жашаган адамдардын тилинде учураган сөздөр. Бул сөздөр да көркөм адабиятта чектелүү колдонулат. Катышкан каармандардын тилинде учурайт, алардын мүнөздөрүн ачып берет.

“Бүгүн тиги эле Бозбу тоонун нары аркасынан чыктым эле. Ушаяктан келатып, үшөргө отуруп уктап кетиптирмин. (“Сынган кылыч”).”

Варваризм - чет тилден келген сөздөр, жазуучунун улуттук тилине али кеңири сиңип кете элек же сиңип кете албайт. Адабий чыгармаларда варваризмдин түрлөрү жана аларды колдонуунун жолдору ар түрдү. Турмуштук кубулушка так наам бериш үчүн өз эне тилинен ылайыктуу сөз таппай, башка тилдеги сөздөрдү колдонот. Пушкин “Евгений Онегинде”, “вульгарный” деген сөздү колдонот, кийин бул сөз орус тилинде кеңири колдонуп кетет. Чет элдик сөздөрдү ыксыз колдонууга Ленин каршы болгон. “Орус тилин биз бузуп жатабыз. Чет тилден кирген сөздөрдү ыксыз колдонобуз. “Деффекты” деген сөздү айтуунун эмне кереги бар, эске алынбай,жетишпеген, чала деген сөздөр турса?” (“Деффект” деген сөз орус тилинде азыр кеңири колдонулат). Каармандарга мүнөздөмө берүүдө варваризм колдонулат. Мисалы,

Фонвизин XVIII кылымдагы дворяндардын француз тилин ыксыз колдонгондугун мыскылдап берет ("Бригадир").

Француз тилинен алынган сөздөрдү галлицизм, немец - германизм дешет. Л.Толстой "Согуш жана тынчтык" романында галлицизмди чебер колдонуп, дворддун чөйрөсүнүн мүнөздүү өзгөчөлүгүн бөтөнчө көркөм ачып берет.

Тилдин атайын сүрөттөө каражаттары

Тилдин бөтөнчө кеңири таралган каражаттары эпитеттер, салыштыруулар, метафоралар, метонимиялар, гиперболалар адабий чыгарманын көркөм болушуна чоң өбөлгө түзүшөт. Бул көркөм каражаттардын жардамы менен жазуучу сүрөттөп жаткан предметтин тигил же бул белгилерин же маанилүү жактарын бөлүп көрсөтөт, алар ошол кырдаалда, ошол учурда маанилүү роль ойнойт.

Эпитет - көркөм аныктама, сүрөттөлүп жаткан кубулуштун маанилүү жагын бөлүп көрсөтөт. Эпитетти логикалык аныктамадан ажыратып билүү керек. Эки мисал келтирип көрөлү. Жүзүмдү сары жалбырак менен жаап коюш керек. Бул жерде "сары" логикалык аныктама. Жүзүмдү кызыл эмес, сары жалбырак менен жабыш керек. Сары жалбырак түшүп жатат шуудурап. Бул жерде "сары" эпитет, анткени өзүнчө бир бүтүн (болбойт) күздүн элесин берип жатат. Ушундай эле мазмунга Есениндин "Май мой синий, июнь голубой." Эпитет ар түрдүү сөз түркүмүнөн түзүлүшү мүмкүн. "Жер - Эне."

Нерсенин, кубулуштун, окуянын, түшүнүктүн касиетин же сапатын мүнөздөөчү сөз эпитет деп аталат.

"Саадаттын үнү ачуу чыкты" ("Тоо арасында").

Элдик оозеки адабиятта эпитет кеңири учурайт.

Мисалы, Эр Манас, шер Манас, акылман Бакай, Чыканактай Эр Ачыш ... Зор Кошой, карыя Кошой, кара кыргыз.

Сүрөттө эпитет жана лирикалык эпитет болуп бөлүнөт. "Сары жалбырак түшүп жатат шуудурап" - сүрөттөө эпитет.

Эгер жазуучу сүрөттөп жаткан көрүнүшкө түздөн түз өзүнүн мамилесин билдирсе лирикалык эпитет. "Божественная ночь! Очаровательная ночь" - Гоголь украина түнүн ушинтип сүрөттөйт. Бирок жазма адабиятта сүрөттөп жаткан кубулуштун көптөгөн түстөрүн мүнөздөгөн эпитеттер көп. Маанилүү сүрөттөө каражаттардын бири - салыштыруу. Түз жана терс салыштыруунун түрлөрү бар. Кеңири мүнөздөгү салыштыруу да болот. Айрым учурда салыштыруу чыгарманын бүт негизин түзүп, анын идеясын так жана ачык ачып берүүгө жардам этет. Мисалы, Лермонтовдун "Акын" деген ыры эпитет сыяктуу эле салыштыруу да жазуучунун сүрөттөп жаткан кубулушка карата мамилесин билдирет.

"Кылымдын Кошой балбаны
Агала сакал сеңселип,
Нар буурадай теңселип,
Алышууга белсенип.
Аста басып барганы." (С.О.)

"Жан дүйнөдөн жашырсанда көрүп улам,
Жашоодон билсе болот жоруп улам.
Анткени ар адамдын анык жүзү
Күзгүдөй көрүнөт бир жоругунан."
(Абу Али Ибн Сина 980-1037)

"Зоого жаңы кыш келди
Көк мөңгү күлөт кашкайып.
Таш үстү таза аппак кар
Магдырайт мамык жазданып."
(Рыскулов "Зоодогу кыш.")

"Жеңилдиги камгактай,
Учкулдугу сайгактайт
Жел өпкө деген бир жан бар."
(Барпы)

Биздин тилде троптордун, өтмө маанисинде айтылган сөздөрдүн мааниси зор. Айрым учурда тигил же бул кубулуштун белгиси башка кубулушка которуп көркөм элес жаратат. Мисалы, таш жүрөк, кум кулак ... Троптун көпчүлүгү ички жакындыктарга негизделет. Бирок мындай жакындыктардын принциби ар башка.

Троптун жөнөкөй түрүнө салыштыруу, эпитет кирет. Татаал троптор - метафора, метонимия, синекдоха, аллегория, ирония, гипербола, литота, перифраз.

Метафора - троп эки кубулуштун окшоштугуна негизделген ачык эмес салыштыруу. Салыштырууда бир нерсе экинчи бир нерсеге салыштырылып сүрөттөлөт, эки мүчө болот. Метафорада мүчөнүн экинчиси гана бар. Мисалы,

Тоодой болгон Манас
Түн суук, кыш ышкырат үйлөрдү ачып,
Ой, кырга дубана өлбөс күмүш чачып.
(А.О.)

"Эчендердин өмүрүнө таң атып,
Эчендердин өмүрүнө кеч кирди."
(А.Т. "Өз көзүм менен").

Метафоралык ачык эпитет да учурайт. Мында аныктама гана метафоралык милдет аткарат, б.а. эпитет менен метафора экоо бирге келет, "Шер балбан", "Кайран баатыр". Поэзияда татаал метафора да учурайт. А.Осмонов өзүнүн белгилүү "Отуз жаш" деген ырында өмүрдүн кыскалыгын боз атка салыштырып, өтө көркөм элестүү берген.

Ырас, өмүр кандай кыска, кандай аз,
Тагдыр пол өлчөмүнөн көп кылбас
Бирок чиркин аздыгына мейли эле
Анын октой тегиздигине катат баш.
Кечээ гана тиги кырда жок эле,
Кайдан чыкты боз ат минген отуз жаш.

Метафоранын бөтөнчө түрү - жандандыруу. Адамдык белгилерди, сапаттарды жаратылыштын кубулуштарына, нерселерге, түшүнүктөргө ыйгарат. Байыркы мезгилде эле адамдар жаратылышка адамдык белгилерди, сапаттарды ыйгарышкан. Жандандыруу, элестетип көрсөтүү айрыкча элдик оозеки чыгармачылыкка өтө мүнөздүү.

"Манас" эпосуна кайрылып көрөлү. Манас баатыр өлгөндө элдин терең кайгысын жандандыруу формасы да көркөм сүрөттөп берет.

"Баатыр Манас өлгөндө
Карагай ыйлап, тал ыйлап,
Калың элдин баары ыйлап."

Ошондой эле "Төштүк" эпосунда жандандыруу жыш учурайт. Белкуйрук, Кумурскалар, Жолборс, Аюу ... Ошондой эле "Кожожаш" эпосунда жандандыруу сур эчкинин образы аркылуу берилген.

"Анда Сур эчки туруп кеп айтат:
Аксак болуп барганда,
Кууп кармап алыныз,
Аксак эчки болбосом,
Айткандан танып жоголсом,
Арам өлсүн жаныбыз.
Ушу сөздөн кайтканды,
Төбөсү бийик көк урсун
Төшү жалган жер урсун."

Ал эми жазма адабиятта сүрөттөгөн окуяны, кубулушту, турмуштук байланышта даана, ачык көрсөтүү үчүн колдонулат.

"Мундууга болушуп, мунун бөлүшө тартышкансып асман түнөрөт."

(К.Жантошев "Каныбек" 1-китеп).

Метафорага жакын көркөм каражат - бул аллегория. Турмуштук көрөнүштөрдө белгилүү образдар аркылуу каймана маанидe сүрөттөп берет. Аллегория элдик оозеки адабиятта кеңири учурап, традициялык мүнөзгө ээ. Аллегория метафорадан айырмаланып бүт чыгарманы камтыйт. Аллегориялык чыгармаларда кубулуштар, нерселер, жандыктардын ордуна башка адамдар, фактылар, буюмдар эскерилет.

Элдик жоо жомоктордо аллегория кеңири учурайт (түлкү, карышкыр, кой, куш).

Тамсилдерде аллегория жыш учурайт. Аллегория башка троптордой эле сүрөттөлгөн нерсенин маанилүү, негизги белгисин бөлүп көрсөтөт. Аллегория айрым учурда бүтүндөй бир образды же чыгармадагы образдардын системасын жаратууга кызмат этет. Айрым бир элдик оозеки чыгармачылыкка жакын "Россияда ким жакшы жашайт?" аттуу Некрасовдун поэмасында аллегория автордун сөзүндө учурайт. "Замок - собака верная не лает, не кусает, а в дом не пускает." Балта жөнүндө: "Всю жизнь свою ты кланялся, а ласков не бывал" ("Өмүр бою жүгүнүп жүрдүң, бирок кичи пейил боло албадың").

Биздин кыргыз адабиятыбызда аллегорияга кайрылган жазуучулар аз эмес. Т.Сыдыкбеков "Темир" романында ак көпөлөк менен кара жөргөмүштүн образдарын берген. Ак көпөлөк - эркиндикке умтулган кыргыз кызынын образы. Ал эми кара жөргөмүштүн образы аркылуу эски дүйнөдөн кол үзбөгөн адамды көрсөтөт.

Бир кубулуштун маанисин экинчи кубулушка которуу принциби метонимияда башка мүнөзгө ээ. Метонимия нерселерди жана белгилерди салыштыруу менен түзүлбөйт, бири-биринен айырмаланган нерселерди жакындаштыруу менен түзүлөт. Бирок алар өз ара ички же тышкы байланышта болушат. Метонимиянын түрлөрү өтө көп, анткени нерселердин өз ара байланышы көп кырдуу. Көркөм чыгармада белгилүү бир окуянын, түшүнүктүн аты башка бир предметтин, түшүнүктүн аты менен берилген учурлар кездешет. Көп учурда метонимиянын "Эки чыны иштим", "Эки табак жедим", "Бир чанач ичтик" түрү күнүмдүк сүйлөө речинде кеңири учурайт. Бирок бул өңдүү сөздөр өзүнүн образдуулугун жоготуп, кадимки эле жалпы сөзгө айланып кеткен. Адамдардын аң-сезиминде булар өзүнүн метонимиялык мүнөзүн жоготуп коюшкан. Көркөм каражат болуш үчүн өзүнүн метонимиялык мүнөзүн ачык актап турууга тийиш.

А.Осмоновдун "Музыка" деген ырына кайрылып көрөлү.

"Мен ыйлабайм, капа тартып турганда
Мен кубанбайм, бак-дөөлеткө турганда
Дарым ушул, кайгы жана шаттыкка,
Берчи мага,

Берчи мага,
Жарым ууртам музыка!"

Автордун ысмы анын чыгармасынын аты менен алмашылган учурлары болот. "Белинский менен Гогольду базардан алып келишет", - дейт Некрасов өзүнүн бир ырында. Ушуга жакын метонимиянын дагы бир түрү музыкалык чыгарманы аткарган адам музыкалык аспап менен алмашылып айтылат.

"Только слышно на улице где-то
Одинокая бродит гармонь."
(М.Исаковский).

Метонимиянын дагы бир түрү: "Анын калеминен өч алуунун жыты байкалат", "Анын кылычынан кан тамат", "Анын бычагы өтө эле курч".

Айрым метонимияларда сөз жана сөз тизмектери белгилүү жайда же өлкөдө турушкан адамдардын маанисин билдиришет.

"Ыйык орус" жери,
Бирок сыймыктан".
(Некрасов).

"Зал каткырып күлүп, шандуу бийлеп жатты."

Ошентип, метонимиянын көпчүлүк түрлөрүндө автор сүрөттөп жаткан кубулуштун маанилүү жактарын баса көрсөтөт.

"Бардык байрактар бизде конокто болушат." (Пушкин).

Россиянын дүйнөлүк аренага чыгышын, анын башка өлкөлөр менен болгон экономикалык жана маданий байланышын метонимия аркылуу көркөм жана элестүү сүрөттөп берген. Тургеневдин "Ит" аттуу ангемесинде: "... Карачы - мени көздөй бир фризовая шинель ("Алыстан бир сары тон көрүндү", "Бир ак калпак жүгүрүп келе жатат...")."

Жогорку мисалда Тургенев метонимия аркылуу каармандын коомдо алган ордун, анын күчүк сатып алгандыгын, ал сатуучу экендигин сүрөттөйт.

Т.Сыдыкбековдун "Тоо арасында" романынан бир үзүндү келтирели. "Такалуу семиздер көчөнүн так ортосу менен таскак урганда, таканын эмчектери тапталган музга барт-барт батып, данкан болуп туяктан серпилген кар менен муздар чананын алдынкы калкагын сабай берет."

Эми Ж.Турусбековдун "Кыштакта" деген ырынан бир үзүндү келтирели.

"Сыдырым жүрүп таң атат
(жоголгон түндү муң басат ...)
Уктап жаткан кыштакка

Балкытып нур чачат."

Метонимиянын бөтөнчө бир түрү - синекдоха. Синекдоха - бир кубулуштун маанисин экинчи бир кубулушка сандык белгиси боюнча которууга негизделет. Мисалы, жекеликтин ордуна көптүк болуп айтылат. "Бардыгы уктап жатат - адам да, айбан да, канаттуу да." (Гоголь).

Көрүнүштү, окуяны сан белгилери менен көрсөтүү, б.а. бүтүн нерсенин анын айрым жактары, же тескерисинче айрым жактары аркылуу бүтүн нерсени сүрөттөө кездешет.

Гипербола, литота да тропторго жатат. Гипербола - көркөм апыртуу, бөтөнчө чоңойтуп көрсөтөт, литота да көркөм апыртуу, бөтөнчө кичирейтип көрсөтөт. Окуучулардын көңүлүн тигил же бул кубулушка бөтөнчө бурат. "Днепрдин ортосуна чейин сейрек муз араң учуп жетет." (Гоголь).

Днепрдин кендигин Гоголь ушундай суктанып сүрөттөйт.

Элдик оозеки адабиятта троптор өтө кеңири учурайт. Мисалы, "Манас" эпосунда "Чыканактай Эр Агыш, бүткөн боюу тармыш", "Алакандай Ташкентге, ашты кантип беребиз", "Алакандай кыргыз эл ..." сүрөттөлүп жаткан көрүнүштүн күчүн, көлөмүн, маанисин атайлап кичирейтип сүрөттөгөн көркөм сөз каражатынын бири - литота.

А.Осмонов өзүнүн "Пушкинге" деген ырында улуу акындын талантын бөтөнчө даңазалап литотаны чебер колдонгонун көрөбүз.

"Кыялы терс бир көз эле ал күнүм,
Анда күчтүү өзүмчүл курч бутумун
Ар бир кыйын, ар бир улуу акындан
Көңүлүм калып муздаганды сүйчүмүн.
Ошол өңдүү кез келишип өзүнө,
Күч жетпеске үстөм кылган күнүмдө.
Мен өзүңдү чөктүрүүнү ойлогом
Жарым кашык дарыямдын түбүнө."

Акын өзүнүн талантын "Жарым кашык дарыя" деп сүрөттөп жатканын көрөбүз. Гипербола көркөм (литота) каражаттын ролун кана аткарбастан, айрым учурда бир бүтүн чоң образ жаратууга оболго түзөт. Мындай мүнөз бөтөнчө элдик оозеки чыгармачылыкка таандык. Мисалы, "Манас" эпосунда Манастын образын "тоодой болгон курс алган, тоону көрсө бир салган, үйдөй болгон курс алган, үйдө көрсө бир салган" деп сүрөттөсө, Ак Куланын образын "тоодой болгон Манасты томуктай кылып көтөрүп учуп барат Ак Кула, коргошундай Манасты коёндой кылып көтөрүп, учуп барат Ак Кула" деп, бир бүтүн жеткилең, көркөм образ жаралган. Бир нерсенин күчүн, сырткы келбетин, окуянын маанисин ашкере апыртып сүрөттөгөн элестүү көркөм сөз каражаттарын гипербола деп аташат. (К.Асаналиев).

А.Осмонов өзүнүн "Толубай сынчы" аттуу поэмасында Толубай сынчынын образын гипербола аркылуу бөтөнчө элестүү, көркөм сүрөттөп бере алган.

"Жер жүзү, жер бүткөндү бүт тебелеп,
Ай менен күн ортосун жалгыз ээлеп,
Акыры бир деңизге түшүп кетип,
Ошентип Толубай сынчы өлсө керек."

"Белгилүү бир окуянын сүрөттөлүшүн ыргактуу түрдө уламдан-улам курчутуучу стилдик ыкмалардын бир түрүн градация деп аташат." (К.Асаналиев).

"Аз-аздап барган сайын ызы-чуулар,
Алыстап калып жатты куугунчулар,
Аркырап учкан боздун арышына,
Жер да тар, асман да тар, аалам да тар."
(А.Осмонов "Толубай сынчы")

Акын мында "аркырап учкан боздун" ченемсиз күлүктүгүн көрсөтү үчүн улам күчөтүп, "жер да тар", "асман да тар", "аалам да тар" деп сүрөттөп жатат.

Көркөм чыгармада ирония ыкмасы да учурайт. Сүрөттөлүп жаткан кубулуштун тышкы формасы анын ички маанисине туура келбейт. Крыловдун бир тамсилинде Түлкү Эшекке кайрылып "Кайдан келе жатасың акылдуу баш ?". Жымсалдап кылдат айтылган юмордун бир түрү ирония болот. Т.Сыдыкбеков "Тоо арасында" романында Карымшактын семиздигин какшыктап "Тактанын алдына чыккан чөптөй үлпүлдөп араң отурасың" деп, Саякбайдын сөзү менен айттырат. Бөтөнчө ачуу ирония сарказм деп аталат. Крыловдун "Карышкыр дөбөтканада" аттуу тамсилинде сарказмды чебер пайдаланганын көрөбүз. Ирония сүрөттөлүп жаткан предметтин маанилүү жагын баса белгилеп, автордун ага карата болгон мамилесин ачык билгизет. Тигил же бул кубулушту белгилөөдө же адамды көрсөтүүдө жазуучу так айтпай, үстүртөн сыпаттап берген учурлары бар. Мисалы, Пушкин "Полтавада", "Петр 1" ордуна "Полтаванын баатырлары", "Евгений Онегинде" Байронду "Жуан менен Гяурдун ырчысы", Лермонтов "Акындын өлүмү" аттуу ырында Пушкинди "Намыстын кулу" деп сүрөттөйт.

Энчилүү же башка аттарды сыпаттоо аркылуу билдирсе перифраз болот. "Предметтин, нерсенин, окуянын атын атабай туруп алардын эң маанилүү, эң негизги касиеттерин, сапаттарын сүрөттөө аркылуу анын элестүү картинасын көрсөткөн көркөм троптордун бир түрү перифраз

деп аталат." (К.Асаналиев). Перифраз элдик оозеки чыгармачылыкта да кеңири учурайт.

"Бир келин болуптур. Ал келиндин алты кыйын агасы бар экен. Алардын аттары: Суубай, Кашымбай, Карышкырбай, Койлуубай, Бычакбай экен. Бир күнү алиги келин кой кайтарып жүрсө, камыштын ары жагында, суунун бери жагында бир койду карышкыр басып жеп жатканын көрөт. Кандай кыларын билбей, келин төмөндөгүдөй деген экен: шабырдын ар жагында, шаркыратманын бери жагында, улума маараманы жеп жатат, жанымага жанып ал, суурманы суурул чал."

Тилдин поэтикалык фигуралары

Окуучулардын көңүлүн бир кубулушка же проблемага буруш үчүн жазуучу риторикалык суроо коёт. Ырас, риторикалык суроону жооп алыш үчүн койбойт. Гоголь "Май түнүндө" чыгармасында окуучуларга кайрылып: "Силер украина түнүн билесиңерби ?"

Жазуучу өзүнүн повесть - прологунда украина түнүнүн сулуулугун мына ушундай ыкма менен баса белгилейт да, өзүнүн суроосуна өзү жооп берет: "О, укранина түнүн силер билбейсинер !"

Поэтикалык речтеги стилистикалык ыктын бир түрү риторикалык кайрылуу да ушундай милдет аткарат. Баяндоо учурунда жазуучу окуучуларга, катышкан каармандарга, предмет жана кубулуштарга кайрылат. Пушкин мындай ыкманы көп колдонот.

"Татьяна, милая Татьяна !
С тобой теперь я слезы лью ..."

Белгилүү предметке көңүл буруп, ага карата тийиштүү мамиле чакырат.

О, весна без конца и без краю
Без конца и без краю мечта !

Ырда же строфада башкы сөздөрүн же сөз айкаштарынын кайталанышы анафора деп аталат.

"Лениво катится река,
Лениво тают облака." (Тютчев)

Анафора сыяктуу синтаксистик ыкма - бул эпифора ырдын аягындагы сөздөр же сөз айкалыштары. К.Асаналиев мындай аныктама берет: "Чыгарманын идеялык-көркөмдүк умтулушун жыйынтыктаган бөлүмдө эпифора деп аташат. М.Алыбаевдин "Ак чүчүнөн" төмөндөгүдөй мисал келтирет:

"Ырас,
Аялдар -
биздин коомдо чоң күч!
Бул чоң күчкө качан кошулат
Өзү
Куштун көлөкөсүнө тонгон
Элге көлкө болгон
Ак кол, "ак көч !!!""

Параллелизм - эки же бир нече кубулуштарды кеңири салыштыруу, өзүнүн функциясы боюнча параллелизм салыштырууга жакын.

Көркөм чыгармада эки түрдүү окуяны салыштырып сүрөттөө учурлары кездешет. Ушундай ык менен окуялардын арасында окшоштуктарды, же болбосо айырмачылыктарды көргөзүү параллелизм деп аташат. Параллелизм элдик оозеки поэзияда кеңири учурап, традициялык мүнөзгө ээ. Мында көбүнчө жаратылыштык кубулуштар адамдардын турмушу, тагдыры менен салыштырылып берилет.

"Асманда алданын күнү бүркөлүп,
Алмамбеттин башына
Алтымыш санаа бир келип."
("Манас")

"Кашкардын тоосу кайрылыш,
Кайрылып учат улуу куш.
Кайрылып мага келе кет
Кайгыга салбай кыйын иш."
(Токтогул)

Келтирилген мисалдарда параллелизм кооздук үчүн гана алынбайт, Алмамбеттин чоң трагедиясын, акындын лирикалык сезимин ачык, көркөм сүрөттөйт, экинчи мисал психологиялык параллелизмге кирет.

Адабий процесс

Белгилүү доордо ар кандай элдердин адабиятына айрым бир жалпы касиеттер пайда болот. Мындай көрүнүштү улуттук адабияттардагы стадиялык жалпылык деп аташат. Анткени ар бир эл өзүнүн тарыхый өнүгүшүнө окшош, социалдык жакын турмушту башынан өткөрүшөт. Ошондуктан көз караштарында, идеалдарында, идеялык ой жүгүртүүлөрүндө айрым бир жалпы өзгөчөлүктөрү болушу мүмкүн. Мына ушул окшоштуктар жазуучулардын чыгармачылыгында мазмун менен формада орун алары белгилүү. Ошону менен бирге эле улуттук

өзгөчөлүктөр орун аларын унутпоого тийишпиз. Дүйнөлүк адабияттын негизги законченемдүүлүгү мына ушундай. Мындай жалпылыкты антикалык европалык адабияттан көрөбүз. Бул адабият байыркы гректер, римдиктер тарабынан жаралган кулчулук доордо (б.э.ч. VII кылымдан тартып, б.э. III кылымына чейин) байыркы гректердин адабиятынын гүлдөгөн доору VI жана V кылымга (б.э.ч.) туура келет. "Иллиада" жана "Одиссея" (Гомер) поэма болуп калыптанат. Улуу лириктер Пиндар, Алкей, Сапфо, Анакреонт, драматургдар Эсхил, Софокл, Еврипид, Аристофандар ушул мезгилде өзүлөрүнүн мыкты чыгармаларын жаратышкат. Рим адабиятында ушундай мезгил б.э.ч. I кылымга туура келет. Кул ээлөөчүлүк республика империя менен алмашылат. Греция менен Римдин коомдук турмушу да саясий жагынан көп өзгөчөлүктөр болгон. Бирок ошого карабастан алардын адабияттарында олуттуу, жалпы касиеттер болгон. Антикалык адабият өзүнүн образдуулугу жагына мифологиялык, формасы боюнча бүт ыр болгон.

Кул ээлөөчүлүк коом жана грек-рим мамлекетинин пайда болушу менен мифология өзүнүн мазмунун көп өзгөртөт. Эгер байыркы коомдо кудайлар жаратылыштын кара күчү катары бааланса, эми адамдардын коомдук турмушундагы касиеттүү колдоочуларга, сотторго айланат.

Байыркы гректер менен римдиктердин көз караш негизинен коомдук, граждандык мүнөзгө ээ болуп, активдүү, жеке өнүккөн аң-сезимге жеткен эмес. Адамдар өзүлөрүн коомдун өкүлдөрү катары эсептешкен. Кудайлардын (каармандардын) образдары сүрөттөлгөн окуялар жөн гана ишенүүнүн предмети болбостон, ошол мезгилдеги граждандыкты даңктоо болгон. Мына ушулар антикалык адабиятты бийик, баатырдык трагедиялуу, ал эми формасы болсо салтанаттуу, патетикалуу болгон.

Эсхилдин "Прометей прикованный" мифологиялык конфликтке негизделген. Бирок драматургтун Афинада кул ээлөөчүлөрдүн демократтык бийлигине каршы экендиги ачык байкалып турат. Римдик акын Вергилий өзүнүн "Энеида" поэмасында рим императору Августту, анын Батыш, Чыгышка багытталган улуу державалык саясатын даңазалап, анын түп атасы Троян баатыры Эней талкаланган Трояндан качкан. Поэманын сюжетинин негизи - Энейдин Карфаген, Сицилия аркылуу Италияга жасаган саякаты. Аны колдогон кудайлар Юпитер, Нептун. Мына ушундай эле көрүнүштү лирикадан байкайбыз.

Демек, антикалык адабиятта турмушту реалисттик планда сүрөттөп берөө жок. Ырас, комедия, сатира, тамсилде турмушту аздыр-көптүр реалдуу чагылдыруунун белгилери бар. Орто кылымдын башында диний мүнөздөгү адабият өнүгөт. Анткени европанын элдери көп кудайга ишенүүдөн бир кудайга ишенүүгө өтөт (монотеизм). Чиркөөнүн таасири күч алат. Ошону менен бирге жөн адабият (светская) өнүгөт. Эми абстрактуу - диний идеалдан өтүп, автор реалдуу жандуу коомдук

турмушка кызыгат, улуттук-тарыхый окуяларга, ошолордун каармандарына кайрылат.

Мисалы, эски француздук поэма "Песень о Роланде" (XI в.). Элдик оозеки чыгармачылыктын негизинде түзүлгөн. Поэмада франктардын падышасы Улуу Карл даңкталат. Испанияны бошотуш үчүн маврлар менен согушат. Бөтөнчө анын бир тууганынын баласы граф Роланд чыныгы рыцардык баатыр. Францияны сүйгөн патриот. "Игорь кошу жөнүндөгү сөз" да ушул мүнөздөгү чыгарма (XII в.).

Чиркөөнүн адабияты, "Свет" адабияты мүнөздүү өзгөчөлүктөргө ээ болгону менен окшош жактары бар. Каармандары чыныгы реалдуу тарыхтан алынган, авторлордун идеалдары окшош.

Алгачкы орто кылымдын адабияты байыркы гректердин адабиятындай эле реалисттик адабият эмес эле.

Ошентип ар кандай элдердин адабияттары жалпы окшоштуктары менен бирге улуттуук өзгөчөлүктөрдөн тышкары ички идеялык-көркөм өзгөчөлүктөргө ээ.

Адабият тынымсыз өнүгүп турат. Ар бир доор искусствонун жаңы, көп учурда зор ачылыштары менен байып турары белгилүү. Адабий өнүгүш өзүнүн законченемдүүлүгүнө ээ. Мына ушул законченемдүүлүктөрү изилдоо "адабий процесс" деген негизги түшүнүктү түзөт. Көркөм чыгармачылыктын тынымсыз өнүгүшү талашсыз факт. Бирок мындан көркөм аң-сезимдин сферасында жыл сайын, ал тургай ар бир он жылда жаңы өзгөрүүлөр болуп турат деген жыйынтык келип чыкпоого тийиш. Коомдо социалдык экономикалык алмашуулар же революциялык төңкөрүштөр мезгилинде гана жаңы жылыштар болушу мүмкүн. Бул учурда тарыхый аренага жаңы коомдук күч келип кирет. Антикалык коом, орто кылым, Кайра жаралуу доору, Агартуу доору , XIX жана XX кылым- европалык искусствонун тарыхындагы негизги бурулуш этаптар.

Коомдун экономикалык түзүлүшү адабиятка түздөн-түз эмес, идеология, таптык күрөш аркылуу таасир этет. Жаңы эстетикалык идеялардын жаралышы, жаңы талаптардын адабий көркөм чыгармачылыкка коюлушу - тарыхта жаңы тап пайда болуп, калыптанып жатат дегендин күбөсү. Адабий процесстин маанилүү законченемдүүлүгү мына ушуйда. Бирок бир нерсени эстен чыгарбоого тийишпиз. Бардык эстетикалык асылдуулукту буржуазия адамдын турмушунда революция роль ойноп, феодалдык эзүүгө каршы күрөшкөн мезгилде жаратат. Мисалы, XVIII кылымда европада ушундай болгон.

Монархиялык эзүүгө, дворяндык жана чиркөөлүк артыкчылыкка каршы революциячыл орто сословиянын көрөшү адабият менен искусстводо жаңы адабий-эстетикалык системанын калыптанышына жана женишине жол ачат.

Бул жаңы системада турмуш абсолюттук мамлекеттин поэзиясында сүрөттөлүп бааланбастан (XVIII кылымдагы классицизм

адабиятындагыдай) жеке, үчүнчү сословиядагы адамдын кызыкчылыгынын көз карашынан сүрөттөлүп бааланган.

XVIII кылымда революция идеологиялык түшүнүктөрдүн сферасында искусствону демократташтырууга, эски жанрларды трансформациялап, роман, драма, сүйүү, лирика өңдүү жаңы жанрларды жаратты. Реалисттик типтеги чыгармачылыктын рамкасында социалисттик реализм методунун жаралышы Россияда марксисттик-лениндик партия жетектеген революциячыл пролетариаттын келиши менен шартталган. Бийлик үчүн, турмуштун социалисттик түзүлүшү үчүн күрөштө пролетариат өзүн жаңя күч катары сезип билет. Табийгы нерсе, жаңы тап адабияттын алдына жаңы милдеттерди коёт. Турмуштун жаңы катмарларын көркөм өздөштүрүү өңдүү процесс жүрөт. Социалисттик идеалга умтулган жаңы пролетардык поэзия жаралат. Сөз искусствосуна революциячыл пролетариат, баатыр каарман кирет. Реализм мурункудан терендейт.

Коомдук өнүгүштүн закондорун туура түшүнүү, Горький, Серафимович өңдүү пролетардык кыймылга жакын турган жазуучуларга турмушту тарыхый жагынан чындыкта сүрөттөп, анын келечегин көрө билүүгө мүмкүндүк берет.

Бирок адабият жана искусство жеке эле коомдук закондордун таасири аркылуу өнүкпөйт. Ошондой эле жазуучуга буга чейинки адабий салттар башка элдердин көркөм салты зор таасир этет.

Пушкин өткөндүн, көркөм ийгиликтерин мыкты чыгармачылык планда өздөштүрүп, өзүнүн оригиналдуулугун жоготпой, дүйнөлүк адабияттын өнүгүшүнө зор салым кошту. Л.Толстой жөнүндө да ушундай десе болот. Жаңы тарыхый мазмун жаңы көркөм форманы талап этери белгилүү.

Адабий процесс адабияттын өз ара катнашындагы татаал система.

Адабий процесс өз алдынча калыптанган, ар кандай адабий багыттарда жашаган (классицизм, романтизм, реализм) бир бүтүн көрүнүш. Ошондой эле ал жалпы адамзаттык белгилерди да камтыйт.

КӨРКӨМ МЕТОД, БАГЫТ, СТИЛЬ ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ ТҮШҮНҮК.

План:

1. Көркөм метод жана ага аныктама. Көркөм методдун конкреттүү тарыхый доордо пайда болушу. Көркөм методду аныктаган факторлор. Көз караш.
2. Көркөм образ. Көркөм ойлоонун типтери. Адабий багыт. Адабий агым, мектеп. Көркөм стилге аныктама. Гуманисттик реализм, классицизм, сентиментализм, романтизм.
3. Сын реализми. Тарыхый доордун мүнөздүү белгилери. Орустун сын реализми. В.И.Ленин, Л.Толстой жөнүндө.

4. Социалисттик реализм. Пролетариаттын боштондук кыймылы. Россия - социалисттик реализмдин мекени. М.Горький жана социалисттик реализм.

Улуу жазуучулардын бардыгы оригиналдуу жана кайталангыс. Бирок ошону менен бирге аларды чыгармалардын идеялык багыты жакындаштырбайт, турмушту сүрөттөөнүн жалпы принциптери гана аларды жакындаштырат. Мына ушул өндүү жакындыктарды биз Байрон менен Шеллиден, Некрасов менен Щедринден, Блок менен Брюсовдон көрөбүз. Алар идеялык жагынан (коомго болгон көз карашы), ошондой эле эстетикалык (образ түзүү ыкмалары) жагынан да жакын.

Ошентип көркөм метод дегенибиз эмне ?

Бир катар жазуучуларга мүнөздүү болгон жана алардын чыгармачылыгында түздөн-түз көрүнгөн идеялык-эстетикалык жалпылыкты көркөм метод дейбиз.

Метод искусстводо мазмунда да, форманы да аныктайт. Метод чыгарманын идеясында да ошондой эле образ жаратуу, сюжет куруу, композиция түзүү, тилдик каражаттарды пайдалануу принциптеринде ачык байкалат. Метод - бул сүрөткердин көркөм ойлонуусуна жана эстетикалык идеалына карата турмушту сүрөттөп берүүсү же берген баасы. Метод закондордун жана эрежелердин катып калган жыйындысы эмес. Метод өз алдынча обочо турган көрүнүш эмес. Ал тарыхый жагынан шартталып чыгармачылыктын өзүндө жашайт, турмушту көркөм үйрөнүп билүү процессинде аражалып, өнүгөт.

Сын реализми Пушкиндин, Гогольдун чыгармаларында көркөм уялаган мезгилинде али эч ким тарабынан калыптанган эмес. Турмушту реалисттик сүрөттөө ыкмасы классицизмдин рационалисттик догматикалык, агартуучулардын дидактизмине, сентименталисттердин турмуштан алыс сезимдерине каршы күрөштө өзүнө жол ачат. Турмушту реалисттик планда сүрөттөө алгач мурун алдыңкы жазуучулардын аң-сезиминен кеңири орун алат да, кийин гана Белинскийдин эстетикасында теориялык жагынан негизделет. Ушундай эле социалисттик реализмди турмуш өзү жараткан. Социалисттик реализм Горькийдин чыгармаларында ачык байкалып, Октябрь революциясынан кийин жазуучулардын чыгармаларында да жашап, өнүгүп калган (Маяковский, Фурманов ,Гладков, Фадеев, Шолохов). Ал эми социалисттик реализм теориялык жактан 1934-жылы гана негизделет.

Метод алдына ала иштелип чыкпайт. Ал көркөм практикада жаралат адабияттын, коомдун өнүгүшү менен бирге өнүгөт.

Метод үч фактор менен аныкталат: турмуш, жазуучунун көз карашы жана анын көркөм ойлоосу. Турмуш дайыма көркөм чыгармачылыктын мүнөзүн аныктайт.

Социалисттик реализм метод катары тарыхый өнүгүштүн белгилүү этабында гана жаралары белгилүү, б.а. социализм пролетардык боштондук кыймылы менен бириккен мезгилде, көп миллиондогон эл массасы бийлик үчүн күрөшкө чыккан мезгилде. Бирок бирдей тарыхый шартта эле ар түрдүү көркөм методологияны жактаган жазуучулар болушкан XX кылымдын 10- жылдарында социалисттик реалист Горький менен бирге социалисттик идеологиядан көп алыс болгон символисттер, футуристтер аракеттенишкен. Демек, методду объективдүү гана фактор аныктабастан, субъективдүү фактор да аныктайт. Ошондой эле турмуш менен бирге жазуучунун коомдук-саясий ж.б. көз караштары мезгилдин идеологиялык күрөшүндө анын орду, анын идеалынын коомдук-эстетикалык мүнөзү да методду аныктоодо маанилүү роль ойнойт. Чыгармачылык процессте көркөм ойлонуу маанилүү олуттуу касиетке ээ. Көркөм ойлонуу - бул жазуучунун образдар аркылуу ойлонуусу, чыгарманын структурасын жаратышы.

Көз караш - методдун негизи, жазуучунун ишинде компастын милдетин аткарат, турмушту, анын татаал процесстерин түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет. Бирок көз караш канчалык маанилүү роль ойнобосун көркөм чыгармачылыкта толук шарт түзүп бере албайт. Кандай гана зор идеялык ой болбосун, ал искусствонун өз алдынча кубулушуна айланбайт, эгер ал көркөмдүк жагынан чечилип, ишке ашпаса.

Чыныгы сүрөткерлердин бардыгы турмушка кайрылат, бирок турмушту ар башка мүнөздө көркөм өздөштүрөт.

Мисалы, Пушкин "Евгений Онегиндин" жетинчи главасынын 1-строфасында, Жуковский "Жазгы сезим" ("Весеннее чувство" 1916) ырында алгачкы жазды сүрөттөшөт. А.С.Пушкин жаздын ойгонушунун объективдүү картинасын берсе, ал эми Жуковский болсо жазга карата өзүнүн ички ой- толгоосун сүрөттөйт.

Пушкинге мүнөздүү болгон көркөм ойлонуу (ошондой эле бардык реалист - жазуучуларга мүнөздүү) өзүнүн негизинде объетивдүү. Мындай көркөм ойлонуунун тибин реалисттик деп аташат. Жуковскийдин поэзиясына жана башка романтиктердин поэзиясына мүнөздүү болгон көркөм ойлонуунун тибин романтикалык деп аташат.

Көркөм образ өзүндө объективдүү жана субъективдүү элементтерди камтыйт. Образда объективдүү чындык турмуштун логикасы гана болбостон, жазуучунун субъективдүү ойлору, турмуштун тигил же бул кубулуштарын кабыл алуусу орун алгандыгын көрөбүз.

Реалисттик жазуучу өзүнүн чыгармачылыгында - реалдуу турмушка кайрылат. Коомдук турмушту сүрөттөп, ал адамдардын социалдык мамилелерин терең изилдейт. Анын жалпылоолору - белгилүү социалдык чөйрөнү изилдөөнүн жыйындысы. Реалисттик искусство өзүнүн маңызы боюнча объективдүү, ошондуктан зор таануу мааниге ээ болот. Реалисттик жазуучунун чыгармасы коомдук жана тарыхый шарт жараткан

адамдардын мүнөздөрүн чындыкта ачып, "доордун документи" катары кызмат этет. Турмушту мына ушундай объективдүү принципте сүрөттөө реалисттик багыттары бардык жазуучуларды бириктирет. Мындай принцип Сервантес, Филдинг, Толстой, Шолохов ж.б. үчүн да мүнөздүү. Ал эми романтиктер өзүлөрүнүн эстетикалык манифесттеринде, программалуу сөздөрүндө искусствонун субъективдүү жагына басым коюшат, "генийдин" турмуштук материалы менен эркин мамиле жасоо, өзүнүн идеалына карата турмушту өзгөртүү укугуна көп көңүл бурушат. Турмушка субъективдүү мамиле жасоо - бул роантизмдин бөтөнчө мүнөздүү белгиси. Идеологиялык позицияларына карабастан бул белги бардык романтик жазуучулар - Гейкенин, Шатобриандын, Гюгонун, Шеллинин, Байрондун, орустун декабрист-акындарынын чыгармаларына мүнөздүү. Булардын коомдук-саясий көз караштары ар түрдүү экендиги белгилүү.

Ошетип көркөм ойлоонун реалисттик жана романтикалык типтери турмушту көркөм билүүнүн процессинде бир бүтүн көрүнүштүн эки жагы катары көрүнөт, ошондуктан адатта адабиятта алар бири-бирин коштоп жүргөнүн көрөбүз. Адабияттын тарыхында таза реалисттик же таза романтикалык типтерди жолуктуруу мүмкүн эмес. Ошондой эле аларды бири-биринен ажыратуу да туура эмес. Мындай мамиле көркөм образды бузары бышык. Өтө эле ашкан субъективдүү "реалист" турмушту өзүндөй кылып, күзгүдөй чагылдырбашы белгилүү. Ошондой эле ашкан субъективдүү "романтик" объективдүү реалдуу турмуштан такыр качып кете албайт. Бирок ошого карабастан реалисттик "романтикалык-искусстводо" субъективдүүлүк же башка жашары ачык. Реализмге автордун субъективдүү умтулуулары турмуштук сүрөттөөнүн объективдүү логикасын бузбайт. Романтизмде субъективдүү башталыш бөтөнчө кеңири көрүнөт. Ал бүт чыгарманы камтыйт, жалпылоонун принциптеринде, көркөм форманы куруунун бардык элементтеринде чагылат (сюжетте, композицияда, каражаттарда).

Көркөм ойлонуунун тиби белгилүү деңгээлде туруктуу болот. Бирок ал камтыган көркөм ой бир жерде турбайт. Көркөм ойдун өнүгүшү турмуштун өзгөрүшү, жазуучунун философиялык, социологиялык ж.б. көз караштарынын өнүгүшү менен байланыштуу. Мисалы, Гомер, Софокл турмушка мифтик көз караштардын негизинде мамиле жасашкан. Бул адамдардын мүнөздөрүн сүрөттөөдө ачык байкалат. Алардын каармандары көп жагынан статикалык мүнөзгө ээ. Ал эми Шекспирдин чыгармаларында адам кудайдын эркинен тышкары тургандыктан такыр башка сүрөттү көрөбүз. Каарман реалдуу шартта аракеттенет, өзүнүн тагдырына өзү жооп берет. Ал өзүн курчап турган турмуштук чөйрө менен тынымсыз күрөшөт, өзүнүн кайгы-кубанычын өтө терең кабыл алат. Анын ички турмушу кыймылдуу, бул драманы татаал психологизм менен сугарууга мүмкүндүк берет. Ошондой эле мезгилдин изи XVIII,

XIX, XX кылымдын реалист жазуучуларынын көркөм ойлонууларында ачык байкалат. Бирок образ түзүү принцибинде алар бири-биринен кескин айырмаланбайт.

Адабияттын өшүгүшү көркөм ойлоонун тибине карата болбостон, турмушту терең жана кеңири чагылдырууга байланыштуу болот, б.а. коомдун өзүнүн өнүгүшү менен түздөн-түз байланыштуу, коомдук процесстердин закончөнемдүүлүгүн жазуучу улам терең түшүнүүсү менен байланыштуу.

Көркөм ойлонуунун типтеринин өзгөрүп турушу логикалык жагынан ар кайсы элдеги жана доордогу романтикалык жана реалисттик искусстводогу жалпы жана типтүү белгилерди жокко чыгарууга алып барат. Ар башка доордогу реалисттер идеялык көз караштары боюнча бири-биринен кескин айырмаланышат. Бирок турмушту реалисттик принципте сүрөттөп берүү жагынан бири-бирине жакын. Эгер реалист жазуучуларга мындай типологиялык жалпылык мүнөздүү болбосо, өз ара байланыш салты үзүлгөн болор эле, турмушту реалисттик таанып билүүнүн кандайдыр бир жалпы белгилери жөнүндө сөз кылуу мүмкүн болбос эле.

Ошондой эле көркөм ойлоо ролун ашыра баса көрсөтүү да туура эмес. Көркөм ойлоо көркөм чындыкка жетүүнүн бир гана шарты, ал жазуучу тарабынан турмушка терең кирип, кеңири жалпылоо деңгээлин аныктабайт. Тарыхый жагынан көркөм ойлоо идеологиянын ар кандай формалары менен катнашат.

Салтынын өзгөчөлүгү турмушка чыгармачылык мамиле жасоо жагынан жакын болушкан реалисттер жана романтиктер коомдогу ар башка таптардын көз караштарын билдирүүсү мүмкүн. Мисалы, XVIII кылымдын агартуучулары Дидро жана Лессинг прогрессивдүү буржуазия менен байланыштуу болушкан, феодализмге каршы күрөштө элдин атынан чыгышкан, Л.Толстой патриархалдык дыйкандардын көз карашын билдирген, ал эми Горький пролетариаттын кызыкчылыгын жактаган. Бирок булардын бардыгы турмушту реалисттик принциптин негизинде сүрөттөөгө умтулушкан.

Ар кандай көз карашты камтыган көркөм ойлоонун бир тиби бир нече көркөм методду түзүшү мүмкүн. Турмушту реалисттик базанын негизинде сүрөттөп берүүдө реализмдин айрым методдору жаралат: кайра жаралуу доорунун реализми, агартуу реализми, сын реализми, социалисттик реализм. Ошондой эле романтикалык көркөм ойлоону бир катар декаденттик искусствонун (романтизмден тышкары) түрлөрүн пайда кылат.

Көркөм метод туруктуу белгилер менен бирге тарыхый жагынан өзгөрүп турган белгилерди камтыйт. Мисалы, сын реализми аны агартуу реализми жана социалисттик реализм менен жакындаткан белгилерди камтыйт, бул баарынан мурда образ түзүүдөгү жалпы принциптер. Ошону

менен бирге сын реализми башкалардан өзүнүн идеялык багыты боюнча кескин айырмаланат. Эгер сын реализминин өкүлдөрү өзүлөрүнүн чыгармачылыгында турмушту сыноо, ашкерлөө максатын көздөшсө, агартуучулар социалисттик идеялар көздөшкөн жазуучлар турмушту агартуу, социалисттик идеясынын позициясында сүрөттөшөт.

Көркөм метод - эстетиканын манилүү категорияларынын бири. Советтик окумуштуулар көркөм методду 2 планда карап жүрүшөт. Айрым теоретиктер көркөм метод турмушту (воспроизведение) таанып-билүүнүн формасы дешсе, экинчи бирлери жазуучунун көз карашы менен байланыштырышат. Көркөм метод - эстетикалык категория жана терең мазмунгаээ, аны жөн гана образ түзүү ыкма же жазуучунун идеологиясы катары баалоо туура эмес. Метод көркөм чыгарманын проблемасын, мазмунун, формасын, идеялык багытын, эстетикалык идеалын, конфликттин өзгөчөлүгүн, аны чечүүнүн мүнөзүн, көркөм структуранын элементтерин (образдар системасы, композиция, тилин ж.б.) камтыйт.

Чыгармачылык тиби жалпы болгон жазуучулар дайыма эле өздөрүнүн жакындыгын сезе беришпейт.

Кийин эстетикалык теория чоң ийгиликтерге жетишкен мезгилде адабий багыттар түзүлө баштайт. Бир багыттагы жазуучуларга эмне мүнөздүү ?

Көркөм ойлоо тиби боюнча жакын, бирок идеологиялык көз карашы боюнча ар түрдүү болгон жазуучулардын тобу багыт деп аталат. Мисалы, XVIII кылымдын аягындагы жана XIX кылымдын башындагы романтизмди алсак, идеологиялык жаратылышы боюнча өтө эле карама каршылуу, коомдук көз карашы ар түрдүү болгон жазуучуларды бириктирет. Бирок булар өзүлөрүнүн эстетикалык умтулуулары боюнча жакын. Романтиктер (прогресивдүү жана консервативдүү) чет элдик үлгүлөрдү тууроого каршы турушкан, искусствонун өз алданча өнүгүшүн жакташкан. Риториктердин бардыгы чыгармачылык процесстен "генийдин", эргүүнүн, фантазиянын бөтөнчө ролун баса белгилешкен, классицизм эстетикасынын рационалдык догматикасына, нормативдүүлүгүнө каршы күрөшкөн.

Бир багыттагы жазуучулар өзүлөрүнүн чыгармачылыгынын теориялык негизин билишет, аны өзүлөрүнүн манифесттеринде, программалуу сүйлөгөн сөздөрүндө жакташат, башка эстетикалык көз караштагы жазуучулар менен болгон күрөштө коргошот. Кайра жаралуу доорунда да реалисттер болушкан (Бокаччо, Рабле, Сервантес, Шекспир ж.б.) бирок реализм өзүнчө багыт катары XVIII кылымдын агартуу адабиятында биринчи калыптанат. Анткени реалисттик искусствонун принциптери Дидро, Лессингдердин ж.б. агартуучулардын эмгектеринде ошол мезгилде калыптанган эле. Ошондой эле романтиктер орто кылымда да болгон.

Бирок романтизм өзүнүн программасын, лозунгу менен XVIII-XIX кылымда гана калыптанат.

Белгилүү шарттарда бир адабий багыттын рамкасында жазуучулардын тобу пайда болот. Булар өздөрүнүн эстетикалык жана коомдук-саясий көз карашы боюнча жакын болушат. Мына ушундай идеялык эстетикалык жалпылыкты адабий агым дешет. Мисалга алсак, француздук романтизмде бир жагында прогрессивдүү позицияда турушан Гюго, Ж.Санд болсо, экинчи жагында консервативдүү саясий көз карашты жакташкан Шатобриан, Ламартин болгон. Бир багыттын ичиндеги адабий агымдардын ортосунда искусствонун мазмуну, идеалы, коомдук мааниси жөнүндө көптөгөн күрөштөр жүргөн.

Мисалы акын-декабристтер искусствонун бийик граждандык идеясы жана сезими үчүн Жуковскийдин элегиялык поэзиясына каршы күрөшүшкөн. Бир адабий агымга белгилүү жазуучулардын жолун жолдогондор, аны жактагандар киришет. Мына ушундай топ адабий мектеп деп аталат. Бир мектептин өкүлдөрү адабий чыгармачылыктын бардык маанилүү маселелери боюнча бирдей пикирде болушат. Мисалы, XIX кылымдын 40- жылдарында Россияда "натуралдуу мектеп" пайда болгон. (Тургенев, Панаев, Григорьевич ж.б.). Бул мектептин өкүлдөрү Гогольдун традициясын улантышып, адабияттын сын багытта өнүгүшүн, демократтуулугу коомдук мамилелерди көркөм изилдоо, адамды социалдык чөйрөдөн ("массанын адамын") ажыратпай сүрөттөө үчүн күрөшкөн.

Көркөм ойлонуунун бир тибинин негизинде, бирдей же ар түрдүү идеологиялык атмосферада пайда болгон чыгармалар бир катар жалпы белгилерди камтыйт. Булар көркөм форма жаратуу принцибинде көрүнөт. Мына ушундай эстетикалык жалпылык стиль деп аталат.

Байрон менен Шеллинин чыгармалары Вордсворттун, Колириджжин чыгармалары идеялык багыты, өздөрүнүн коомдук-эстетикалык идеяларынын мазмуну жагынан олуттуу айырмачылыкка ээ. Бирок ошону менен бирге булардын чыгармаларында жалпы, окшош жактары бар. Мисалы, образ түзүү ыкмаларында поэтикалык тил каражаттарында ж.б.. Ошентип, стиль турмушту сүрөттөөнүн көркөм принциптери боюнча жазуучулардын жакындыгын билдирет.

Романтик жазуучуга эң мүнөздүү көрүнүш - өзүнүн субъективдүү сезимдерин жана идеалдарын билдирүү. Романтик жазуучулардын чыгармачылыгында мүнөздөрдү объективдүү сүрөттөө жок. Романтикалык образ автордун жан дүйнөсү менен бирге болуп, турмушту ал жеке кандай кабыл алат. Романтикалык адабиятта көркөм каражаттарда субъективдүү мүнөзгө ээ экендигин көрөбүз (метафора, салыштыруу, эпитет ж.б.). Романтиктердин көркөм ойлонуусу контрасттуу, каармандар бөтөнчө турмуштук шарттарда аракеттенишет. Романтикалык стиль

символдорду, фантастикалык гиперболаны ж.б. шарттуу көркөм каражаттарды кеңири пайдаланат.

Ошондой реалист жазуучулардын чыгармачылыгындагы көптөгөн өзгөчөлүктөр менен бирге жакын, жалпы жактары бар. Реалисттер адамды коомдук чөйрө менен бирдикте сүрөттөшөт, белгилүү социалдык чөйрө жаратат деп билишет. Булардын каармандары куру идеяларды жарыялабайт, жеке адамдык касиеттери менен айырмаланат, жүрүш-турушу, мамилеси, сүйлөгөн сөзү ж.б.. Реалисттик чыгармаларда окуя алдын ала түзүлгөн схема менен өнүкпөйт. Турмуштун өзүндөй көп учурда күтүлбөгөн шарттарда өнүгөт. Каармандардын аракеттери мотивировкаланат. Турмуштук шарттар менен жана мүнөздөрү менен байланыштуу.

"Метод" жана "стиль" деген сөздөр өздөрүнүн кеңири маанисинен тышкары (жогоруда айтылгандай) автордун көз карашынын жана көркөм ойлонуусунун өзгөчөлүгүн билдирген тар мааниге да ээ. Жалпыга белгилүү А.С.Пушкин, И.СТургенев, Л.Толстой сын реализм методунун жана реалисттик стилдин өкүлдөрү катары көп жагынан окшош, жакын болуу менен бирге бири-биринен кескин айырмаланып турат, кайталангыс көркөм жеке касиеттерге ээ.

Советтик жазуучулардын чыгармачылыгы да мындай ушундай мүнөзгө ээ. Жазуучунун көз карашы өзүнүн татаал жана карама-каршы мүнөзү менен айырмаланат. Реалисттик көз караштагы жазуучулардын чыгармачылыгында романтикалык элементтер жок, же тескерисинче романтиктерде реалисттик элементтер жок деш туура эмес. Мисалы, Гоголь "Старосветские помещики" аттуу чыгармасын реалисттик планда жазса, "Тарас Бульбаны" романтикалык стильде жазат. Эки повесть тең бир жыйнакка кирген.

Жыйынтыктап айтканда "чыгармачылык тип", "метод", "стиль" деген түшүнүктөрдө искусство өзүнүн гносеологиялык маңызы боюнча турмушту билүүнүн белгилөө формасы, ал эми "багыт", "агым", "мектеп" деген терминдер тарыхый кубулуш катары көрүнүп, тарыхый-адабий процесстин этабы катары бааланат. Ошондуктан изилдөөгө жараша бир эле кубулуш, агартуу же социалисттик реализм багыт же метод деп аталышы мүмкүн. Бирок ошондой болсо да тарыхый же гносеологиялык жактан адабиятты изилдөөнүн аспектиси өз ара тыгыс байланыштуу, ошондуктан терминдерди так пайдалануу өтө эле кыйын.

Жазуучунун чыгармачылыгындагы өзгөчө жана жалпы белгилер стиль жана көркөм метод өңдүү маанилүү теориялык адабий түшүнүккө алпарат.

"Стиль" деген түшүнүк өтө кеңири жана тар маанидe болуп көп түргө бөлүнөт: белгилүү мезгилдеги адабияттын өнүгүшүнүн өзгөчөлүгүнө жараша (белгилүү доордун стили) ар түрдү көркөм методдун жана адабий багыттын өзгөчөлүгүнө жараша (классицизм, сентиментализм,

романтизмдин стили) бири гана жазуучунун чыгармачылык өзгөчөлүгүнө жараша (стиль Л.Толстого, А.П.Чехова, М.Горького) айрым чыгармалардын өзгөчөлүгүнө жараша (Достоевскийдин "Ак түндөр") романынын стили. Жазуучунун же айрым бир чыгармалардын стили деп эмнени түшүнөт ? Стиль - адабий чыгармалардын көркөм өзгөчөлүктөрү адабий чыгармалардын бүткүл көркөм структурасында көрүнөт /стиль, сюжеттик, композициялык/.

Стиль бөтөнчө жазуучунун же акындын көркөм речинин өзгөчөлүгүндө байкалат.

Жазуучунун жеке стили - узак тарыхый өнүгүштүн жыйындысы. Жазуучунун жеке стили жөнүндө XVIII кылымдын аягында гана айтууга мүмкүн болду (Державин, Радищев, Карамзин). Жазуучунун жеке стилинин гүлдөгөн доору реалисттик адабияттын өнүгүшү менен байланыштуу.

<u>Көркөм же чыгармачылык метод</u> - турмуштук кубулуштарды тандоонун, сүрөттөөнүн жана баалоонун негизги принциптери, жазуучунун көз карашы, анын турмуштук (жазуучулардын) концепциядан, коомдук позициясы менен түздөн-түз байланыштуу.

Стиль - жазуучунун кайталангыс жеке өзгөчөлүгү. Метод - көптөгөн жазуучулардын чыгармаларына мүнөздүү жалпылык (турмуштун кубулуштарын тандоо, сүрөттөө, баалоо).

Стиль жана метод - ар башка түшүнүктөр. Стилди изилдөө - бул көркөм каражаттардын системасын изилдөө. Көркөм методду изилдөө - жазуучунун чыгармачылыгындагы турмуштун идеялык көркөм концепциясынын негизин изилдөө, метод жазуучунун стилин аныктайт.

Абрамович, Гуляев сыяктуу эле көркөм ойлоонун эки тибин же адабияттын өнүгүшүндөгү эки багытты - реализм жана романтизм деп айтайт.

Байыркы гректердин коомдук турмушу белгилүү бир бүтүн көрүнүштү түзгөн. Гректердин бүткүл коомунун ийгилигинен ажырагыс болгон. Турмуштук кубулуштарды тандоонун негизги принциптери элдин турмушундагы типтүү, мүнөздүү жалпы көрүнүштөрдү сүрөттөө. Прометей, Ахиллес, Одиссей ж.б. ошол доордогу грек элинин көз карашын, түшүнүгүн, ой-тилегин билдиришкен.

Байыркы грек адабиятында турмушту сүрөттөөнүн принциби байыркы гректердин мифтик көз караштары менен байланыштуу болгон. Маркс белгилегендей, мифология байыркы гректердин искусствосу үчүн арсенал гана болбостон, негиз да болгон. Жаратылыштын чыныгы закондорун терең түшүнө алышкан эмес. Поспелов көркөм же чыгармачылык методду мындай түшүнөт: "Социалдык мүнөздөрдү реалисттик же реалисттик эмес сүрөттөө - бул турмушту көркөм чагылдыруунун принциптери."

Көркөм адабиятта реализм акырындап, көп кылымдар бою өнүгөт. "Реализм" деген термин XIX кылымдын орто ченинде гана пайда болот. Реализмдин маңызын Ф.Энгельс өзүнүн аныктамасында туура ачып берген.

Орустун жана Батыш Европанын реалист-жазуучулары реализмге турмушту сын позициясында сүрөттөөнүн негизинде келишкен. Ошондуктан ошол мезгилдеги реализм сын реализми деген наамга ээ болгондугу белгилүү.

Көптөгөн жазуучулар коомдогу терс көрүнүштөрдү "сезишкен", бирок туура "түшүнүшкөн" эмес. Эгер жазуучу социалдык турмуштун мүнөздөрүн жана мамилелерин түздөн-түз конкреттүү түшүнсө, бул аны көркөм сүрөттөөнүн реализмине алып келет. Ал эми турмушту туура түшүнбөсө көркөм сүрөттөөнүн реалисттик эмес ыкмасына алпарары шексиз.

Антикалык жана орто кылымдын адабияты негизинен реалисттик адабият болгон. Кайра жаралуу доорунан баштап реализм пайда болот жана өнүгө баштайт. Европа элдеринин адабиятында реализм XX кылмдын экинчи жарымынан тартып бөтөнчө өнүгөт.

Каармандардын мүнөздөрү тигил же бул чыгармаларда канчалык деңгээлде турмуштун обьективдүү өнүгүш жолу менен шартталган, ошондой эле канчалык деңгээлде автордун субъективдүү түшүнүгү менен шартталган. Турмушту көркөм чагылдыруунун маңызын мына ушул факторлор аныктайт.

Көркөм чыгарманын формасы белгилүү бир стилге ээ. Анткени ал образдуу жана экспрессивдүү болот. Чыгарма өзүнүн формасы жагынан образдардын системасы. Образдын системасы көптөгөн ар түрдүү предметтин жана сөздүн семантикалык деталдардан, композициялык жана интонациялык-синтаксистик ыкмалардан турат. Мына ушул образдуу деталдар, ыкмалар өзүлөрүндө идеялык-эмоционалдык экспрессивдүүлүктү камтыйт.

Чыгарманын формасынын бардык образдуу-экспрессивдик деталдарынын эстетикалык биримдиги (мазмунга шайкеш келген) стиль болот.

ГУМАНИСТТИК РЕАЛИЗМ

Романтикалык же реалисттик көркөм ойлонуунун негизинде пайда болгон көркөм методдор көркөм чыгармачылыктын өнүгүшүнүн кийинки этабына туура келет. Адам турмушка реалисттик мамиле жасоону үйрөнгөнгө чейин эле искусство пайда болгон. Искусство реализмден тышкары эле толук баалуу. Исусствонун өзүнүн закондору бар. Турмушту сөзсүз реалисттик планда сүрөттөөнү талап этет. Ошондой эле ага каршы да эмес. Турмушту реалисттик планда сүрөттөөнүн белгилерин байыркы

ташка чегилген жазмалардан да табуу анча туура эмес. Бул жерде чындык жөнүндө гана сөз болушу мүмкүн.

Ошондой болсо да ар кандай көркөм образ турмушту чагылдыргандыктан чындык мүнөзгө ээ. Байыркы адамдардын искусствосу турмуш менен байланыштуу болуп эстетикалык эмес утилитардык максатты көздөгөн. Адам жаратылыштын законун тез эле биле койгон эмес. Бул процесс өтө узак мезгилди камтыйт. Байыркы Грецияда бул процесс тез өнүгөт. Антикалык жазуучулар адамдын кара күчүн гана баалабастан, анын акылын, деңизди, жерди өзүнө багынта ала турган жөндөмдүүлүгүн да өтөнчө баалашкан. Коомдун карама каршы көрүнүштөрүн да сүрөттөп бере алышкан. Бирок өзүлөрү сүрөттөгөн коомдун кубулуштарды туура түшүндүрө алышкан эмес.

Ошентип антикалык искусство турмушту реалисттик сүрөттөп берүүгө жете алган эмес.

Орто кылымдын жазуучулары чиркөөнүн идеологиясынын таасиринде болушуп турмушту реалисттик планда сүрөттөп бере алышкан эмес. Коомдук кыймыл уюшкан мүнөздө болбогон. Орто кылымдын адабиятынын реализми чектелүү мүнөзгө ээ болгон.

Буржуазиялык прогресс орто кылымдын чектелүү жагына сокку урат. XIV-XVI кылымда улуу географиялык ачылыштар (Колумб, Васко да Гама) өндүрүш жана маданий сферада, дарыны, китеп басып чыгарууну, металлды, иштетүүнүн жаңы ыкмаларын ойлоп табышат. Мына ушул факторлор турмушка болгон башка мамилелерди тез өнүктүрөт. Экономикалык төңкөрүш идеология жагында да төңкөрүш жасоого шарт түзөт. Кайра жаралуу доору жаралып, калыптанат.

Жаңы тарыхый шарттын негизинде гуманизм идеясы биринчи планга чыгат. Адамга жан тартып, ага ишенип, гуманисттер аны жаратылыштын бөтөнчө бир укмуштуу күчү, дүйнөнү башкарган күч катары баалашат да, анын талантына, акылына таң калышат. Бул таң калуунун Шекспир Гамлеттин сөзү менен бөтөнчө баана берген.

Адамга таң калуу, ага суктануу антикалык Грецияда да болгон. Бирок кайра жаралуу доорунун жазуучулары бул ойду терендетишти, кеңейтишти. Рабле, Сервантес, Шекспир адамды кудайдын эркинен бошотушту, эркин аракеттенүүгө мүмкүндүк беришти. Булардын каармандары өзүлөрүнүн акылына жана эркине жараша аракеттенишет. Эркин адам катары, адамдар алдында өзүнүн жоопкерчилигин сезет.

Кайра жаралуу доорунун жазуучулары антикалык жазуучуларга караганда дагы бир кадам алга жылышат. Адамдын трагедиялуу абалынын себептерин кудайдын адамга жасаган мамилесин издебестен, турмуштун өзүнөн издейт.

Ренессанс адабиятты чиркөөнүн, феодалдын эзүүсүн сындайт, адамдын эркин баскан бардык чектенүүлөргө каршы турушат. Бул адабият мазмуну жагынан социалдык, турмушка жакын адабият болду,

адам жаратылыш берген касиеттери (кучу, акылы) жагынан гана ачылбастан, өзүнүн коомдук идеалдары жагынан да ачылып берилет. Турмушка тарыхый мамиле жасоо калыптанат.

Коом өзүнүн тууралыгын түшүнөт, анын булагын динден эмес турмуштан издешет. Мына ушунун бардыгы реалисттик искусствонун жаралышына себеп болот. Ырас, кайра жаралуу доорунун адабияты өзүнүн мазмуну жана көркөм методу жагынан бирдей эмес. Алгачкы гуманисттердин чыгармачылыгында (Петрарка, Бокаччо) турмушту синтетикалык планда камтуу анча байкалбайт. Бул кездеги алдынкы жанрлар: новелла, ыр түрүндөгү аңгеме, лирикалык ырлар. Каармандар турмуштун стихиясынын кучагында, "бар же жок" деген маселе али коюлбайт. Алар турмушка таңданат, кубанат. Булардын чыгармаларындагы башкы каарман - сезимтал, өзүнүн жан дүйнөсүн канагаттандыруута бөтөнчө умтулган адамдар ("Декамерон", "Кентерберийлик аңгемелер"). Коомдун өнүгүшү менен карама-каршылыктар тереңдейт, гуманисттердин чыгармалары социалдык мүнөзгө ээ боло баштайт. Сервантес, Рабле, Шекспир маанилүү коомдук маселелерди чечүүгө аракеттенишет. Булардын каармандары турмуштун кубанычына гана ыраазы болуу менен чектелбейт, алар интеллектуалдуу, турмушка карата ой жүгүртөт, гуманисттик идеалдар үчүн активдүү күрөшөт (Дон-Кихот, Панагрюэл, Гамлет). Коомдук турмуштун кеңири фонасына чыгышат, адам баласынын келечеги үчүн өзүлөрүн жоопту сезишет.

Энгельстин сөзү менен айтканда, алар өз мезгилинин турмушуна практикалык күрөшкө активдүү катышкан. Жеке жана коомдук кызыкчылык ажырагыс бир бүтүн көрүнүш эле. Гуманисттер тарыхый жагынан (турмушка болгон көз карашы) буржуазияга чейинки патриархалдык турмуштун формасы менен байланыштуу болгон. Кайра жаралуу доорунун адабиятынын каармандары ак көңүл, ак ниет, чынчыл, кыйын абалда калган адамдарга жардам берүүгө дайым даяр. Шекспирдин трагедиялары курч психологиялык драматизми менен айырмаланат. Шекспирдин каармандары статикалык мүнөзгө ээ эмес (антикалык драмадай). Алар айлана чөйрө менен активдүү карым катышта, дайыма өнүгүүнүн процессинде. Образдын мына ушундай жандуу мүнөзү аны турмушка жакын кылат жана көркөмдүк жагын күчөтөт. Бирок ошондой болсо да жаңы коомдун карама-каршылыктардын али жеткилен ачып бере алышкан эмес. Оң образдарда социалдык-тарыхый белгилер ачык эмес. Лир, Пентагрюэль, Дон-Кихот тигил же бул таптын психологиясын билдиретдеп кескин айтуу кыйын. Гамлет болсо турмуштук белгилери ("Паспорту боюнча") датчандык принц, өзүнүн көз карашы боюнча ал жаңы формациянын адамы, бирок анда буржуазияга типтүү болгон белгилер жок. Гамлет Ренессанстын алдынкы адамдарынын ой-тилектерин, сезимдерин билдирет. Кайра жаралуу доорунун жазуучулары

реалисттер болушканы менен, айрым учурларда романтикалык форманын көркөм каражаттарын кеңири пайдаланышат. Шекспир "Жайкы түндөгү түштө" ("Сон в летнюю ночь") көптөгөн жомоктук мотивдерди киргизет. "Бороон" ("Буря") аттуу пьесасын таза романтикалык мүнөздө жазат. Бул чыгармасында символдук образдар аркылуу өз мезгилине болгон мамилесин жана келечек жөнүндөгү тилегин билдирет.

Ренессанс доорундагы коомдук аң-сезимдин белгилүү деңгээлинде анча өнүкпөгөндүгү жазуучуларга гуманизмди социалдык, таптык жагынан толук түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берген жок. Ошондуктан гуманист-каармандар таптык жагынан анча ачык жиктелбейт. Кайра жаралуу доорунун адабиятында гуманисттик идеяларды эмгек адамдары гана алып жүрбөстөн, падышалар, принцтер, дворяндар да алып жүрүшөт. Рабле, Сервантес, Шекспирдин чыгармаларында эң башкы критерия, өлчөм, баа элдик касиет эмес, адамдык касиет. Ошондуктан кайра жаралуу доорунун реализмине, баарынан мурда гуманисттик реализм деген ат туура келет.

Бул адабият орто кылымдагы феодалдык түзүлүш ыдырап, батыш Европанын айрым өлкөлөрүндө капиталисттик мамиле өнүгө баштаган мезгилге туура келет. Кайра жаралуу доорунун адабиятынын реализми турмушту кеңири планда сүрөттөй баштайт. Улуу жазуучулардын чыгармаларында адамдардын ички дүйнөсү буга чейин болуп көрбөгөндөй терең жана толук камтылып, тышкы дүйнө менен органикалык байланышта берилет. Экинчи өзгөчөлүгү чиркөөнү, орто кылымдагы феодалдык артта калган турмушту сындоо (адамдын жүрүш-турушунун нормасы). Бул бөтөнчө Боккаччонун "Декамерон", Рабленин, Сервантестин романдарына мүнөздүү.

Үчүнчү өзгөчөлүгү элдүүлүгү. Бөтөнчө эл үчүн кызыктуу, маанилүү турмуштук кубулуштарды сүрөттөөдө адабияттын, улуттун өз алдынча болуусу, улуттук тилди таза сактап, өнүктүрүү өңдүү проблемалуу маселелерде байкалат. Коомдун прогрессивдүү бөлүгүнүн кеңири мүнөздөгү улутук кызыгуулары, патриотизм улуттардын жана улуттук мамлекеттердин калыптануу мезгилинде адабияттын элдүүлүк жана улуттук өз алдынчалуулук проблемасын бөтөнчө актуалдуу кылат.

Кайра жаралуу доорунун адабияты турмушту кеңири сүрөттөө менен бирге ар кандай жанрлардын жана түрлөрүн пайда болушуна шарт түзөт. Мына ушул мезгилде лирикалык чыгармалардын, новелланын, романдардын, трагедия, комедия, сонет, памфлет, каттардын көптөгөн түрлөрү бөтөнчө өнүгөт.

КЛАССИЦИЗМ

XVII кылымда Батыш Европада абсолютизм калыптанат. Тарыхый жагынан прогрессивдүү көрүнүш болгон. Абсолюттук монархиянын гүлдөгөн доору Францияда Людовик XIV падышачылык кылган мезгилине туура келет. Улуттук биригүү феодалдык эзүүдөн жапа чеккен элдин кызыкчылыгына жооп берген. Француздук дыйкандар жана шаардыктар өлкөнүн улуттук биргелеши үчүн күрөшүнө активдүү катышышкан. Феодалдык анархияны буларсыз жеңиш мүмкүн эмес эле. Бирок абсолюттук монархия өзү жеңишке келгенден кийин өзүнүн бийлигин социалдык эзүүнүн күчөтүүгө, элдик көтөрүлүштөрдү басууга жумшайт.

Людовик XIV убагында мамлекеттин кызыкчылыгы доордун негизги мазмунун түзөт. Адамдан, баарынан мурда, мамлекеттик милдетин аткарууну талап этет. Мамлекеттин кызыкчылыгына туура келбеген бардык аракеттер жалган деп эсептелген. Философияда, адабият менен искусстводо аң-сезим, акыл өкүм сүрөт.

Ошентип, тарыхый шартка жараша, XVII кылымда адегенде Францияда, андан кийин башка өлкөлөрдө - классицизм аттуу ботончо адабий багыт түзүлөт. Бул багыт турмуш жөнүндөгү рационалисттик, метафизикалык түшүнүктөр менен тыгыс байланыштуу болгон. Бул багыттын теоретиктери абсолюттук, идеялуу сулуулук жана абсолюттук табият бар деп ишенишкен. Мына ушундай сулуулукту алар Гомердин, Эсхилдин, Софоклдун жана башка байыркы классикалык адабияттын жазуучуларынын чыгармаларынан көрүшкөн. Ошентип, XVII кылымдын жазуучулары байыркы адабияттын өкүлдөрүн туурашып, классик (30-жылдары совет адабиятында классицисттер) деген наамга ээ болушкан. Классицизмдин эстетикасы жазуучулардан турмушту кооздоп идеализациялап, сүрөттөөнү талап эткен.

Алар күнүмдүк, кадимки турмушту сүрөттөөдөн алыс болушуп, сүрөткердин көркөм ишмердигин тирандык эрежелерге баш ийдиришкен, айрым жанрлардын чегин бекем белгилешкен, атайын тилдик нормаларды киргизишкен, чыгармачыл процессти регламентировать этишкен.

Классицисттердин эстетикалык теориясы жазуучуларды моралдык-саясий чындыктарды пропагандалоочулар катары көрүшкөн, жакшы көрүнүштөрдү даңктоо, кемчиликтерди сыноо - жазуучунун максаты мына ушул деп түшүнүшкөн. Адабияттын өнүгүшүнө Буало күчтүү таасир эткен. Бирок классицизмдин улуу жазуучулары Корнель, Расин турмуштук чындыкты сүрөттөп беришкен. Алар абсолютизм жөнөкөй адамга, анын жеке умтулууларына, адамдык касиеттерине жат экендигин баамдашкан. Мына ушул мамлекет менен гуманисттик башталыштын ортосундагы карама-каршылык классицизм адабиятынын негизги

драмалык "нерви" болду. Бул бөтөнчө Корнель менен Расиндин трагедияларында байкалат. Мамлекеттик машинанын эзүүсүнө каршы эл массасынын наразылыгы берилет. Корнельдин чыгармачылыгында трагедиялык коллизия адатта "милдет" менен "сезимдин" кагылышуусу аркылуу берилет. Эреже катары башкы каармандар "болот жүрөк", сезимге берилбеген, мамлекеттин кызыкчылыгы үчүн өзүндөгү бардык табийгы сезимди жеңе алат.

Расин Королго жакын болгон, ошондуктан монархиялык симпатия ага чоочун болгон эмес. Анын каарманы адамдык кызыкчылыкты мамлекеттик кызыкчылыкка карама-каршы койбойт. Бирок абсолютизмде жеке жана коомдук кызыкчылыктар органикалык бирикпес көрүнүштөр экендигин түшүнгөн. Сүрөткер катары монархиялык түзүлүш адамдагы бардык адамдык касиеттерге жат экендигин көрсөткөн.

Расиндин трагедияларынын борборунда Корнельдикиндей "болот жүрөк" каармандар турбайт, тескерисинче, азап тарткан аял сүрөттөлөт, милдетин аткарууну трагедиялык зарылчылык деп эсептейт. Адамдык табийгы касиеттерди (сезимдерди) баса албайт да, көп учурда трагедиялык шарттарда курман болот. Аларда табийгы жана граждандык башталыштын күрөшү жүрөт. Андромаха сыяктуу элдин, мекендин ой-тилеги менен жашаса гана, адамдык, коомдук белгилер айкаша алат деп түшүнгөн Расин. Адамдын нравалык асыл жактарын поэтизациялоо, адамдык багытты бузган турмуштун антигуманисттик формаларын сындоо - Расиндин трагедияларынын күчү мына ушунда, анын чыгармачылыгынын тарыхый прогрессивдүү белгилери мына ушундан көрүнөт.

Өз коомуна мындан да сын көз менен караган жазуучу Мольер болгон. Бул да королго жакын болгон, бирок ошого карабастан элдин умтулуусун берген, монархиянын цивилизациялык ролуна ишенген, тартюфтардын уятсыз басуусунан өлкөнү коргойт (католиктик реакциядан да) деп ишенген. Бирок Мольер өзүнүн сатиралык комедиялары менен абсолютизмди бир кыйла сынга алган. Ал дворянды, буржуазияны мыскылга алган. Өзүнүн саясатында монархиялык бийлик мына ушул таптарга таянган. Демек, монархиялык бийликтин негизи бекем эместигине шектенген.

Мольер гуманист болгон, кайра жаралуу доорунун традициясын улантКан. Бүткүл өмүр бою адамга бул ишенимин жоготкон эмес, анын эркин сүйүү укугун жактаган ("Школа мужей"). Ал дворяндардын социалдык паразитивизмин жана моралдык жактан туруксуздугун (Дон-Жуан) француз мещанынын кем акылсыздыгын, ак сөөк болууга умтулуусун сындаган, королдун чөйрөсүнүн маданиятын мыскылдаган, католиктик сыйкырдын эки жүздүүлүгүн маскаралап сүрөттөп берген. Элдин өкүлдөрүн акылдуу, туруктуу кылып сүрөттөйт. Мисалы, Дорина ("Тартюф") Николь ("Мещанин во дворянстве").

Ошентип, классицизмге жеке менен коомдун бирикпестиги мүнөздүү.

Классицизм феодалдык-монархиялык түзүлүштүн элге жат экендиги бөтөнчө ачык көрүнө баштаган мезгилде, мамлекет алдында өзүнүн милдетин аткаруу - бул "адамдагы адамдык касиети" курманды чалуу деген мезгилде калыптанат.

Классицизмдин тарыхый шартка жараша - обьективдүү кемчиликтерди болгон. Бирок ошого карбастан классицизм искусствонун мыкты үлгүлөрүн жарткан.

Классицизмдин өзүнө мүнөздүү бөтөнчө стили бар. Образ куруу көркөм форма жаратуу ыкмалары боюнча көп окшош, жакын белгилерге ээ. Стилдик жагынан биримдиги - алардын көркөм ойлонуусу жакын экендигин билдирет. Бирок алар көз карашы боюнча ар башка. Алардын арасында монархисттер, республикалыктар, ошондой эле феодалдык түзүлүштү жактагандар менен бирге ага каршы тургандар да бар экендигин көрөбүз.

XVIII кылымдагы орус классицизми да агартуу идеологиясы менен тыгыз байланыштуу болгон. Алардын типтүү өкүлдөрү Кантемир, *Тредиаковский, Ломоносов, Сумароков. "Агартуучу монархтын" идеясын* жакташкан, паракөрчүлүктү, ичип-жегичти ашкерелешкен. Социалдык мүнөздөгү сын бөтөнчө тамсилге, комедияга, сатирага мүнөздүү эле.

Мамлекеттик турмуштун прогресивдүү жактарын, Россиянын улуулугун даңазалоо, анын аскер башчыларын (Румянцев, Суворов), мамлекеттик ишмерлерин (Потемкин) бөтөнчө даңазалоо - бул орус классицизминин негизги маңызын түзөт. Ошентип орус классицисттери (Ломоносов, Державин) доордун идеалын билдиришкен.

Орус классицизминин өзгөчөлүгү улуттук колоритти сактай билишинде эле. Өзүлөрүнүн чыгармаларын Байыркы Греция жана Римдин материалдарынын негизинде жазбастан, өз ата мекенинин тарыхынын материалдарынын негизинде жазышкан. Мисалы, Ломоносовдун "Улуу Петр" ("Петр Великий"), Сумароковдун "Жалган Дмитрий" ("Дмитрий самозванец"). Ошентип, орустун классицизми батыштан өзүнүн патриоттук мүнөзү менен айырмаланган. Орустун классицисттери өзүлөрүнүн чыгармаларын улуттук-патриоттук мотивдер менен сугарышып, адабиятты демократтык окуучуларга жакындатышкан. Алар окуучуулардын акылына гана эмес, сезимине да таасир этүүгө аракеттенишет. Ушуну менен алар рационалдык эстетиканын чегинен чыгып турушкан.

Классицизм ачык жана кеңири мүнөздө XVII кылымда Францияда калыптанып өнүгөт. Бул мезгилде абсолютизм, борборлошкон мамлекеттик бийлик, улуттун биримдик идеясы күч ала баштаган мезгил эле. Франциянын турмушунда буржуазия маанилүү роль ойной баштайт. Абсолюттук монархия (дворянга кандай таянса, буржуазияга да ошондой таянып чоң ишенич менен мамиле жасаган). Коомдук жаңы талаптар

Ошентип, классицизмге жеке менен коомдун бирикпестиги мүнөздүү.

Классицизм феодалдык-монархиялык түзүлүштүн элге жат экендиги бөтөнчө ачык көрүнө баштаган мезгилде, мамлекет алдында өзүнүн милдетин аткаруу - бул "адамдагы адамдык касиети" курманды чалуу деген мезгилде калыптанат.

Классицизмдин тарыхый шартка жараша - обьективдүү кемчиликтерди болгон. Бирок ошого карбастан классицизм искусствонун мыкты үлгүлөрүн жарткан.

Классицизмдин өзүнө мүнөздүү бөтөнчө стили бар. Образ куруу көркөм форма жаратуу ыкмалары боюнча көп окшош, жакын белгилерге ээ. Стилдик жагынан биримдиги - алардын көркөм ойлонуусу жакын экендигин билдирет. Бирок алар көз карашы боюнча ар башка. Алардын арасында монархисттер, республикалыктар, ошондой эле феодалдык түзүлүштү жактагандар менен бирге ага каршы тургандар да бар экендигин көрөбүз.

XVIII кылымдагы орус классицизми да агартуу идеологиясы менен тыгыс байланыштуу болгон. Алардын типтүү өкүлдөрү Кантемир, Тредиаковский, *Ломоносов, Сумароков. "Агартуучу монархтын"* идеясын жакташкан, паракөрчүлүктү, ичип-жегичти ашкерелешкен. Социалдык мүнөздөгү сын бөтөнчө тамсилге, комедияга, сатирага мүнөздүү эле.

Мамлекеттик турмуштун прогресивдүү жактарын, Россиянын улуулугун даңазалоо, анын аскер башчыларын (Румянцев, Суворов), мамлекеттик ишмерлерин (Потемкин) бөтөнчө даңазалоо - бул орус классицизминин негизги маңызын түзөт. Ошентип орус классицисттери (Ломоносов, Державин) доордун идеалын билдиришкен.

Орус классицизминин өзгөчөлүгү улуттук колоритти сактай билишинде эле. Өзүлөрүнүн чыгармаларын Байыркы Греция жана Римдин материалдарынын негизинде жазбастан, өз ата мекенинин тарыхынын материалдарынын негизинде жазышкан. Мисалы, Ломоносовдун "Улуу Петр" ("Петр Великий"), Сумароковдун "Жалган Дмитрий" ("Дмитрий самозванец"). Ошентип, орустун классицизми батыштан өзүнүн патриоттук мүнөзү менен айырмаланган. Орустун классицисттери өзүлөрүнүн чыгармаларын улуттук-патриоттук мотивдер менен сугарышып, адабиятты демократтык окуучуларга жакындатышкан. Алар окуучулардын акылына гана эмес, сезимине да таасир этүүгө аракеттенишет. Ушуну менен алар рационалдык эстетиканын чегинен чыгып турушкан.

Классицизм ачык жана кеңири мүнөздө XVII кылымда Францияда калыптанып өнүгөт. Бул мезгилде абсолютизм, борборлошкон мамлекеттик бийлик, улуттун биримдик идеясы күч ала баштаган мезгил эле. Франциянын турмушунда буржуазия маанилүү роль ойной баштайт. Абсолюттук монархия (дворянга кандай таянса, буржуазияга да ошондой таянып чоң ишенич менен мамиле жасаган). Коомдук жаңы талаптар

түздөн-түз чагылат. Ошондуктан алар тийиштүү адабий программаны жаратышат. Бул багыттын алгачкы мезгилинде Ф.Малерб көрүнүктүү роль ойногон, ал эми XVII кылымдын экинчи жарымында анын көрүнүктүү теоретиги Буало болуп калат.

Малерб салтанаттуу одаларды жазган. Ал өзүнүн ырларында бүткүл улуттун атынан королдун бийлигин, анын граждандык ишмердигин далилдеп, анын түшүнүгү боюнча ал бийлик бүткүл коомго жакшылык алып келген, тынчтык шартта гүлдөшүнө жол ачкан.

Поэзияда ушундай акыл-эстүү максаттар үчүн кызмат этүүгө тийиш. Мына ушул идеяларды Буало өзүнүн "Поэтикалык искусствосунда" берген. Бул эмгек француз классицизминин манифести болгон.

Буало үчүн адабияттын "таза жанрлары" жөнүндөгү маселе маанилүү роль ойногон. "Бийик" жанрлар - ода, поэма, трагедия, "төмөнкү", "жапыс" жанрлар - сатира, тамсил, комедия. Анын пикири боюнча ар бир жанр өзүнүн өзгөчө идеялык-эмоционалдык багыты жана ошондой эле өзүнө тийиштүү көркөм формасы менен айырмаланууга тийиш. Мына ушундай бир бүтүн жанрлардын системасын иштеп чыгууда француз акындары жана драматургдары Буалонун пикири боюнча антикалык адабияттын ийгиликтерине таянууга тийиш.

Гомердин, Пиндардын, Софоклдун, Горацийи, Аристофандын чыгармалары классикалык үлгү болууга тийиш.

Француз классиктери антикалык жазуучуларды тууроого даяр эле, бирок алардай жаза алмак эмес. Анткени алардын дүйнөгө болгон көз карашы чыгармачылык проблематикасы башка болгон, коомдук өнүгүштүн башка этабында (тепкичинде) пайда болгон. Алар өзүлөрүнүн каармандарына антикалык костюм-чапандарды кийгизиши мүмкүн эле, бирок ал каармандар өзүлөрүн байыркы грек, римдиктердей алып жүрбөй агартуу абсолютизм доорундагы французлардай алып жүрүшөт.

Буало негизинен сатира жараткан.

Драматургия үч бирдик: бир мезгилде, бир жерде кыймылдын биримбиги. Пьесада бирдей конфликт өнүгөт, каармандын турмушу бир күндөн ашык убакытты камтыбайт, окуя бир үйдө же шаарда өтөт. Негизинен абстрактуу-моралдык проблемалар көтөрүлгөн. Каармандын турмушундагы психологиялык турмуштук деталдарга көңүл бурушкан эмес.

Каармандардын мүнөздөрүндөгү граждандын он эсе терс сапаттарды ачып берүү - бул эң негизги милдет эле.

Бирок бул өңдүү чектенүүлөр драматургия да реализмдин өнүгүшүнө жолтоо болгон. Каармандар бир жактуу - жакшылык же кемчиликти билдирет. Конфликт да ушундай мүнөзгө ээ болгон. Окуянын өнүгүшүндө жакшылык даңазаланат, жамандык даңазаланат. Конфликте драматург өзүнө ылайыктуу окуянын чечилишин тапкан

(Байыркы) Римдиктер мындай ыкманы "кудайдын машинадан" чыга калышы деп аташкан.

Драматургиянын мына ушундай дидактикалык мүнөзү граждандык трагедия өңдүү "бийик" жанрда бөтөнчө байкалган. Мындай трагедияларды Корнель жана Расин жазышкан. "Сид", "Гораций", (Корнель) "Ифигения в Авлиде" (Расин) ж.б. чыгармалар башкы каармандын граждандык милдети жана жеке сезими өңдүү конфликтин негизинде түзүлгөн.

Бирок башка мүнөздөгү драмаларды да жаратышкан. Өз бийлигин коомдун жыргалчылыгы үчүн эмес, жеке жарчылык үчүн жумшаган башкаруучуларды ашкерелеген драмалар: "Радогунда" жана "Иракли" - Корнелдики, "Андромаха", "Британик" - Расиндики.

Ал эми Мольердин комедияларында ошол мезгилдеги коомдун кемчиликтери катуу ашкерелеиген, мүнөздөрдү сүрөттөө конкреттүү болгон. Бирок абстрактуу моралдык ой: драмада бекем "эреже" күчтүү болгон.

XVII кылымда Франция классицизмдин бешиги эле.

Жалпы эле Европанын адабиятын өнүктүрүүдө классицизмдин мааниси чоң болгон. Классицизм чыгармачылыкка бийик тартип киргизген, чыгармачылык ойдун принципиалдуулугу, чыгарманын бүткүл образдык системасы бирдей идеяга баш ийген, идеялык мазмун менен көркөм форманын терең шайкеш келиши жакшы сапаттарды кийинки тарыхый доорлордун, адабий багыттардын мыкты жазуучулары кабыл алышкан.

Адабий багыт - бул тигил же бул өлкөнүн же доордун жазуучуларынын чыгармалары. Бул адабият бийик чыгармачылык аң-сезимге, принципиалдуулукка жеткен. Бул бийик чыгарманын аң-сезим, принципиалдуулук тийиштүү эстетикалык программаны жаратууда байкалат.

Аң-сезимдүү эстетикалык принциптердин болушу жазучулардын чыгармачылыгына оң таасирин тийгизет, чеберчилигин арттырууга жардам берет. Француз классицизми биринчи чоң, кадимки калыптанган адабий багыт болгон.

УЛУТТУК АДАБИЯТТАРДАГЫ ИДЕЯЛЫК КӨРКӨМДҮК ӨЗГӨЧҮЛҮКТӨР.

Жазуучулар ар башка социалдык катмарларга жана коомдук кыймылдарга таандык мына ушуга байланыштуу улуттук өзгөчөлүктөр пайда болот. Жазуучуларда ар башка коомдук көз караштар, идеялар, идеялык умтулуулар пайда болот. Бул фактылар мазмуну жана формасы,

стили боюнча айырмаланган чыгармалардын жаралышына шарт түзөт. Бул да улуттук адабияттын өнүгүшүндөгү (тарыхый) законченемдүүлүк.

Байыркы грек адабиятын жаратууда жана өнүктүрүүдө ар башка көз караштагы жазуучулар катышкан.

Пиндар, Эсхил, Софокл өңдүү жазуучулар шаарларда жашашкан. Алар өзүлөрүнүн чыгармаларында шаарлардын таптык, социалдык күрөштөрүн чагылдырган. Ал эми Алкия, Анакреонт өңдүү даңктуу лириктер коомдук күрөштөн алыс, Лесбос аттуу аралда жашашкан. Булардын чыгармаларында жеке ой-толгоолор өкүм сүрөт. Идеялык багыты, жанр, көркөм каражаттары боюнча да айырмаланат.

Афиндик драматургдардын ар башка көркөм системалар (чыгармачылыгында) түзүлөт. Эгер Эсхил, Софокл легендардык жана мифологиялык сюжеттердин негизинде көбүнчө граждандык баатырдык трагедияларды жаратышкан. Ал эми Еврипид ушул эле сюжеттерди пайдаланып, жеке, үй-бүлөлүк, турмуштук трагедияларды жараткан. Мисалы, "Медея" же "Ипполит". Ал эми Аристофан "Бакалар" комедиясында Эсхил менен Еврипиддин трагедиянын милдеттери жөнүндөгү талашын берген.

Орто кылымдагы орус адабиятында "Игорь кошуну жөнүндө сөз" - дружинниктер жөнүндөгү мыкты эпос, ал эми "Батый тарабынан Рязандын таланышы" - чиркөөнүн мыкты эпосу. Экөө бир жанрга таандык, бирок идеялык мазмуну жана стили боюнча ар башка.

Бул өңдүү айырмачылыктар кайра жаралуу доорунун адабиятына бөтөнчө мүнөздүү.

Феодалдык иерархия рыцардык, дворяндык чөйрөдөн чыккан акылдуу, сезимтал адамдардын идеялык-нравалык умтулууларына кызмат этпей калат. Шаардык соода, кол өнөрчүлөрдүн мыкты катмарлары да ушундай абалда калышкан.

Мына ушуга байланыштуу коомдо эскинин трагедиясына, аны колдонгон чиркөөнүн түшүнүктөрүнө карата наразылыктар пайда болот. Адамга карата жаңы көз караштар өнүгө баштайт.

Эрктүү, көз карандысыз болгусу келбеген адамдар бааланып, аларды эски диний нравалык нормалардан бошотуу идеясы пайда болот. Жаңы нравалык философия калыптанып, турмуштун негизин кудай менен байланыштырбастан, адамдын оюу, эрки менен байланыштырат. Ал философия "гуманизм" деген ат менен белгилүү. Дин тарабынан жабылган антикалык коомго, көп кудайлуу маданиятка, адабият менен искусствого кызыгуу пайда болот. Коомдун өнүгүшүндөгү мына ушул жаңы тепкичти кайра жаралуу (Ренессанс) доору деп атап калышты.

Ар башка элдердин адабиятында стадиялуу жалпылык-гуманизм мүнөздүү болуп калды. Бирок ар башка өлкөдө өзүнүн мазмуну боюнча гуманисттик болгон адабият идеялык көркөмдүк жагынан ар түрдүү эле.

Кайра жаралуу доордун классикалык өлкөсү Италия болду. Башка өлкөлөргө караганда мурда Италияда шаардык, буржуазиялык, нравалык маданият өнүгөт (өз мезгили үчүн прогрессивдүү болгон). Италиялык шарлардагы эркин соода турмушу адамдардын жеке аң-сезиминин өсүшүнө, сүрөт искусствосуна, адабият жана филология, деңизде сүзүүгө, техникалык жана географиялык ачылыштарга кызыгууга кеңири шарт түзүлгөн.

Италиялык гуманисттик адабиятта ар түрдүү көз караштагы жазуучулар ар түрдөгү стилдеги чыгармаларды жаратат. Данте Алигьери менен Франческо Петрарка өңдүү көрүнүктүү акындар бири-бирине жакын болушкан. Данте "Жаңы турмуш" аттуу сонеттери (Беатричеге кайрылган), кийин "Божественная комедия" аттуу поэмасы менен атагы чыгат, Петрарка Лаурага арналган сонеттери менен белгилүү.

Т.Тассонун "Бошогон Иерусалим" поэмасы өтө белгилүү, христиан рыцарлардын түрктөрдү багындыруу үчүн жүргүзгөн күрөшүнө дин жагынан актоо берүүгө аракеттенген. Рыцарлардын сүйүүсүн сүрөттөгөн бөлүктөрү бөтөнчө көркөм берилген. Өзүнчө бөтөнчө касиетке прозаик - Новеллий Джованна Бокаччонун чыгармачылыгы ээ. Анын даңктуу "Декамерону" (жыйнак) - 100 новелладан турат. Мазмуну жагынан ар түрдүү, бирок идеялык багыты боюнча жалпы касиетке ээ. Айрым новеллаларында эски феодалдык коомду мыскылдайт, ак сөөктөр чөрөсүндөгү үй-бүлөлүк деспотизмдин кызматкерлеринин жаман жүрүш-туруштары. Ал эми башка новеллаларында рыцарлардын сүйүүсүн, аялдардын сүйүүдөгү эркиндигин даңазалайт. Дагы бир башка новеллаларда шайыр маскарапоздордун кургакта жана сууда баштарынан өткөрүшкөн татаал окуялары сүрөттөлүп, аларга жан тартуу эски моралдык жүрүш-турушка каршы адамдар катары сүрөттөлөт.

Сюжеттик курулушу бөтөнчө курч, көркөм, тили бай. Ырас, натурализм да бар, бирок негизинен реалисттик чыгармалар.

Кайра жаралуу доорунун көрүнүктүү өкүлү Мигель Сервантес (Испанияда бул доор кийинчерээк калыптанат). "Хитроумный идальга", "Дон-Кихот Ламанчский" XVII кылымдын башы. Автордун коз карашы прогрессивдүү-демократтуу мүнөзгө ээ болгон. Эскирген рыцардык романга пародия катары жазылган. Ошондой эле өзүнүн "айымы" үчүн болуп көрбөгөндөй, кээде күлкү келтире турган эрдик көрсөткөн рыцар мыскалга алынат. Реакциячыл-бюрократтык адат-салт, байлык-мансапка умтулуу үстөмдүк кылып турган Испанияда Дон-Кихоттун намыс, жакшылык үчүн көрсөткөн кайраткерлиги, эркиндиги, бир жагынан күлкү келтирсе, экинчи жагынан коомдун өзгөрбөс абалына карата каршылык болуп саналат. Каармандын мына ушул нравалык күчү окуучулар тарабынан туура бааланып, аң-сезимин жаратат. Ошентип жазуучу карама-каршылыкка толгон типти жараткан, бирок ал тип аң-

сезимдүү аспекте жаралып, авторго дүйнөлүк даңк алып келгендиги белгилүү.

Лопе де Воганын драмалык чыгармалары мазмуну жана формасы боюнча мүнөздүү өзгөчөлүктөргө ээ. Стихиялык демократизм жана королдун бийлигинин улуттук мааниси өңдүү карама-каршы түшүнүктөр анын көз карашына мүнөздүү эле.

Анын ушул өңдүү көз караш тарыхый сюжеттерге негизделген пьесаларына бөтөнчө "Овечий исстoчник" ("Фуенте Овехуна", "Кой булак") аттуу социалдык драмасына мүнөздүү. Пьесада командор Томестин дыйкандарга карата жасаган зордук-зомбулугу, Лауренсия баш болгон дыйкандардын көтөрүлүшү, алар командорду өлтүрүшөт, суракта, кыйноодо бир кишидей бекем турушат. Король киришип, дыйкандарды коргоп калат. Пьесада элдик кыймылдын зор нравалык күчү ачылат, ошону менен бирге королдун бийлиги элдин үстүнөн гана болбостон, эзилгендердин үстүнөн да дегендей иллюзия калат. Ал эми "Собака на сене" ("Чөптүн үстүндөгү ит"), "Валенсианская вдова" өңдүү пьесаларында ("Комедия плаща и шпаги") испан дворяндарынын жеке турмушун бөтөнчө сезим менен сүрөттөгөн. Сүйүүнүн, кызгануунун, күнүлүктүн курч карама-каршылыктары аркылуу адамдардын сезимдерин гуманисттик планда ачып берген.

Ошентип, жогоруда ар кандай доорлордогу адабияттарга мүнөздүү болгон жалпылыктар менен бирге чоң көркөм өзгөчөлүктөр мүнөздүү экендигин көрдүк. Бирок адабияттын тарыхый өнүгүшүнүн ошол этаптарында жазуучулар чыгармачылык программаларды жаратууга али жетише алышкан жок, башкача айтканда улуттук адабияттарда ачык адабий багыттар али калыптана элек.

АДАБИЙ УРУК, ТҮР, ЖАНР

План:

1. Адабият - бул сөз искусствосу. Эпикалык мүнөздүү өзгөчөлүктөрү, драма, лириканын олуттуу белгилери.
2. Эпикалык чыгармалардын түрлөрү. Эпопея, поэма, роман, повесть, аңгеме, новелла.
3. Лирикалык чыгармалардын түрлөрү. Ода, элегия, сатира, эпиграмма.

Адабият - бул сөз искусствосу. Адабиятка универсалдуулук, ачык проблемалуулук мүнөздүү. XIX к.а. сөз искусствонун бөтөнчө бай түрү деп баалашкан. Белинский минтип жазган: "Поэзия - искусствонун эң жогорку чеги... Анткени поэзия башка искусстволордун бардык элементтерин камтыйт. Ар кандай искусствого өз алдынча берилген

бардык каражаттарды чогултуп түз эле пайдалангандай көрүнөт. Поэзия бүт искусствону өз ичине алат."[1]

Өткөн кылымда реализм күч алып өнүгүп турган мезгилде адабият искусствонун башка түрлөрүнө караганда биринчи орунду ээлеп турган. Бул жагынан Белинский адабияттын ордун адилеттүү белгилеген. Адабияттын коомдук мааниси да бөтөнчө зор. Ал искусствонун башка түрлөрүнө да бөтөнчө таасир этет. Жазуучулар жараткан образдар өзүлөрүнүн экинчи өмүрүн театрда, радиодо, кинодо, сүрөттө, музыкада, хореографияда өткөрүүдө.

Ошону менен бирге Белинскийдин пикирлеринде бир жактуулук бар. Искусствонун түрлөрүнүн бардыгы бирдей. Тарыхый жагынан искусствонун түрлөрүнүн алган орду өзгөрүп турат. Синкретикалык искусстводо бий жана пантомима алдыңкы орунду ээлегендиги белгилүү. Антикалык доордо скульптуралык пластиканын алган орду бөтөнчө таасирдүү искусствонун түрү - архитектура. Кайра жаралуу менен классицизмдин эстетикасы сүрөткө бөтөнчө негизделгени белгилүү. Немец романтизминин теорияларында искусствонун түрлөрүнөн бөтөнчө поэзия менен музыканы бөлүп карашкан. Ал эми XIX кылым менен XX кылымдын реалисттик эстетикасында биринчи орунду адабиятка ыйгарышкан. Азыркы мезгилде Батыштын айрым теоретиктери кино менен телевидениени биринчи орунга коюп карап жатышат. Мунун да белгилүү деңгээлинде чындыгы бар. Бирок ошондой болсо да адабият искусствонун бөтөнчө бир таасирдүү түрү катары дагы эле алдыңкы катардан орун аларын жокко чыгарыш кыйын.

Көркөм сөздүн чыгармаларын үч чоң топко бириктирип карап жүрүшөт, башкача айтканда үч урук (тек) эпос, драма жана лирика. Эпос менен драма лирикадан айырмаланып, бир катар жалпы касиеттерге ээ. Эпикалык жана драмалык чыгармаларда мейкиндикте же мезгилде өткөн окуялар калыбына келтирилет.

Анда айрым персонаждар, алардын өз ара мамилелери, жүрүш-турушу, ой- толгоолору сүрөттөлөт. Ырас, эпосто, драмада сүрөттөлгөн турмуш автордун түздөн-түз түшүнүгү, баасы аркылуу берилет. Окуучулар болсо сүрөттөлгөн кубулуштарды автордун эркинен тышкары болгон көрүнүш катары кабыл алат. Башкача айтканда эпикалык чыгармалар, бөтөнчө драмалык чыгармалар толук объективдүү көрүнүш катары тасир калтырат.

Драма, бөтөнчө, эпос чексиз кеңири идеялык таанып билүү мүмкүнчүлүктөрүнө ээ. Эпикалык, драмалык чыгармалардын авторлору турмуштун ачык, көп кырдуу көрүнүштөрүн өзгөртүп, карама-каршылыкка толуп турган абалына кеңири, терең сүрөттөп беришет. Драма менен эпоско ар кандай тема, проблема, пафостун түрлөрү объект катары туура келе берет.

Ошону менен бирге эпикалык жана драмалык чыгармалар бири-биринен кескин айырмаланып турат. Эпосту уюштурган формалдуу башталыш - петсонаждардын турмушундагы окуялар жана алардын жүрүш-турушу жөнүндөгү баяндоо. Адабияттын бул тегинин аты эле баяндоону билдирип турат (гр. - соз, баяндоо). Сүрөттөө каражаттары эпосто эркин жана кеңири колдонот.

Эпосто баяндоо маанилүү роль ойнойт, башкача айтканда болгон окуялар жөнүндө аңгеме. Баяндоого карата сүрөттөлүп жаткан нерсе өткөн көрүнүш болуп берилет. Ошондой эле эпосто сыпаттоо (описание) олуттуу мааниге ээ. (Жаратылыш, жашоо-тиричиликти мүнөздөө, персонаждардын тышкы белгилери). Баяндоого автордун ой-толгоолору жакын. Л.Толстойдун, Ф.Достоевскийдин чыгармалары. Окуя жана кыймыл аракеттер жөнүндөгү баяндоолор персонаждардын айткан сөздөрү менен коштолот: алардын монологдору, диалогдору.

Каармандардын кыймыл-аракетин мүнөздөө баяндоонун негизин түзөт.

Драмада кеңири түрдөгү баяндоо жок. Чыгарманын тексти персонаждардын сөзүнөн турат. Автордун сөзү кошумча гана мааниге ээ. Драманын өзгөчөлүгү сценага коюш үчүн жазылат.

"Лирика" деген сөз байыркы гректердин лира аттуу музыкалык аспабын билдирет. Лирика эпос менен драмадан, баарыдан мурда сүрөттөө предмети менен айырмаланат. Окуяларды, адамдардын өз ара мамилелерин, жүрүш-турушун кеңири, майда-чүйдөсүнө чейин сүрөттөө драмада жок.

Лирика көбүнесе адамдын ички дүйнөсүн: ой- толгоолорун, сезимдерин, таасирлерин сүрөттөйт. Лирикада субъективдүү башталыш күчтүү.

Лирикада сөз (речь) экспрессивдүү милдет аткарат.

Адабий урук жөнүндөгү түшүнүк антикалык эстетикада, Платон менен Аристотелдин эмгектеринде пайда болот. "Поэтиканын" III главасында "тууроонун ыкмасы" үч түрдүү болорун айтат. Адабият тектеринин пайда болушун Н.Веселовский "Тарыхый поэтиканын" үч главасында карайт. Анын далили боюнча адабий уруктар байыркы элдердин салт түрүндөгү хор ырларынан пайда болот.

Салт түрүндөгү хор бий жана мимикалык кыймылдар менен коштолуп, кубаныч, кайгыны билдирген. Мына ушундан лирика жаралган. Хорду баштаган (корифей) адамдын ырынан лиро-эпикалык чыгармалар, кийин эпос пайда болгон. Хорго катышкандардын өз ара сөзүнөн драма жаралат. Мифологиялык баяндоолор өз алдынча салт ырларынан тышкары пайда болгон. Демек, эпос мифтен жаралышы да мүмкүн.

Адабий процесстин таасири менен урук жөнүндөгү түшүнүк өзгөрүп турган. XVIII кылымдын аягында XIX башында немец эстетиктери урук жөнүндөгү түшүнүктөрдү бир системага келтиришкен. (Шиллер менен Гетенин, кийин Шеллинг менен Гегелдин эмгектеринде). Буларды

улантып Белинский "Поэзияны урук түрлөргө бөлүү" (1841) аттуу макаласында өзүнүн теориясын берген. Эпикалык чыгармаларды объект жөнүдөгү түшүнүк менен байланыштырган. "Эпикалык поэзия көбүнесе объективдүү поэзия", ал эми "Лирикалык поэзия көбүнесе субъективдүү поэзия" - деп жазган Белинский.

Ал эми драманы объективдүүлүгүнүн жана субъективдүүлүгүнү "синтези" катары баалаган.

Советтик илимпоз адабият таануучулар Белинскийдин айткандарынын көпчүлүгүн кабыл алышып, андан ары өркүндөтүшкөн.

Ырас, Белинскийдин макаласында бир жактуулук да бар. Драма гана эмес, ар кандай көркөм чыгарма объективдүү жана субъективдүү байланышты камтыйт. Анткени турмушту жөн гана субъективдүү чагылдырбастан, ага автор өзүнүн субъективдүү баасын берет. Адабият мындан тышкары ыр жана проза болуп бөлүнөт. Лирикалык чыгармаларды поэзия менен эпосту, проза менен гана байланыштыруу туура эмес. Ар бир урук ыр жана прозадан турары белгилүү.

Эпос жазма адабияттагы эпикалык чыгармалар ("Евгений Онегин", "Таң алдында", "Дон Жуан") ыр менен берилген. Драмада проза, ыр учураганы сейрек көрүнүш эмес (Шекспирдин пьесалары, Пушкиндин "Борис Годунову"). Проза менен жазылган лирика да бар. "Эпикалуу", "драматизм", "лиризм" деген түшүнүктөр бар. Окуя жай, шашпай өнүгөт, турмушка, дүйнөгө кеңири көз караш бар ("Согуш жана тынчтык"). Бирок булардын арасына бийик дубал коюу да туура эмес.

ЭПИКАЛЫК ЧЫГАРМАЛАРДЫН ТҮЛӨРҮ

Эпикалык чыгармалар объективдүү дүйнөнү сүрөттөө менен бирге, окуялуу, кеңири сюжеттүү, болгон окуяны, тарыхты баяндайт. "Эпосто тагдыр өкүм сүрөт" (Гегель). Тышкы кырдаал каармандардын тагдырларына бөтөнчө таасир этет. Эпикалык чыгармаларда жазуучу аналитик, изилдөөчү катары көрүнөт. Көп учурда тагдыр, коом жат көрүнүш катары сүрөттөлөт. Ал эми социалисттик түзүлүштү сүрөттөгөн чыгармалар "тагдыр", "коом" адамга жакшы шарт түзгөн фактор катары сүрөттөлөт. Окуянын өнүгүшүн каарман аныктабайт. Мисалы, "Болот кантип курчуду?" романында контрреволюция менен күрөш, граждандык согуш Павелдин эркинен тышкары өтөт. Эпикалык чыгармалардын өзгөчөлүктөрүнө карата баяндоочу аңгеменин образы бар экендигин көрөбүз.

Автор кээде башка кишинин аты менен окуяны баяндап, кээде баяндоо автордун атынан өтөт. Пушкиндин "Белкиндин повесттери", Тургеневдин "Аңчынын жазмалары".

Эпопея - улуттун, элдин тагдырын чечкен окуяларды сүрөттөгөн эпикалык чыгарма.

Эпопея коом гармоникалуу болгон бөтөнчө шартта пайда болот. Адам өзүн коллективге каршы койбойт, акын өз элинин кызыкчылыгы менен жашайт. Улуттук тарыхтын баатырдык эпопеята материал болот. Көп учурда мифологиялык сюжеттер кеңири орун алгандыгын көрөбүз. Мисалы, Троян согушу ("Иллиада", "Одиссея") биздин "Манас".

Белинскийдин ою боюнча Гомердин поэмалары "элдин балалык" доорунда, турмуш "поэзия, проза" болуп бөлүнө элек мезгилде, социалдык карама-каршылыктар али ачык көрүнө электе, баяндоочу өз атынан гана эмес, өз мекендештеринин атынан сүйлөөгө мүмкүнчүлүгү бар кезинде пайда болот. "Элдүүлүк эпикалык поэманын негизги шарттарынын бири" - дейт Белинский. Эпопеянын автору жалпы элдик, улуттуу ой-сезимдерди билдирет. Турмушту кеңири, универсалдуу камтуу эпопеята бөтөнчө мүнөздүү. Байыркы гректердин үрп-адаты, ишенимдери, нравалык түшүнүктөрү Гомердин чыгармачылыгында орун алган. Ушундай эле ойду "Манас" эпосуна карата айтсак өтө адилеттүү болот. Улуттук аң-сезимдин бардык олуттуу жактарын чагылдырган "Манас", "Иллиада" элдик чыгармалар болуп саналат. Бул чыгармаларда баатырдык, каармандык, согуштук кагылыштар кеңири орун алат. Коомдун улуттук мүнөздүн олуттуу белгилерин сүрөттөө эпос үчүн эң негизги касиет.

Жаңы тарыхый шартта эпостун мазмуну толук өзгөрүшү мүмкүн. Мисалы, Дантенин "Божественная комедия", Тассонун "Бошонгон Иерусалим". Данте өзүнүн чыгармасында мезгилдин мүнөздүү белгилерин сүрөттөп берет. Феодалдык Европанын адабиятында "Роланд жөнүндөгү ыр", "Менин Сиддим жөнүндө ыр" (баатырдык аракеттер баяндалат) эпоско жатат. "Манас", "Иллиада" өңдүү чыгармалар кийинки доордо жаралбайт. Ахиллес дары менен коргошундун кылымында пайда болбойт. Эми улуттук - боштондук согуштар эпостун мазмунун түзөт. Мына ушундай тарыхый негизинде Л.Толстойдун "Согуш жана тынчтыгы" пайда болот. Эпопеяда турмуш кеңири камтылат, барынан [illegible]нга каршы жалпы элдик күрөш сүрөттөлөт. Айрым адамдардын турмушу (А.Волконский, Н.Ростов ж.б.). Россиянын улуттук, тарыхый тагдырларын чечкен окуялар менен байланыштуу.

XIX кылымда эпостун булагын, экинчиден, эл массасынын социалдык эркиндик үчүн чыгуулары түзөт. Эпостун белгиси Некрасовдун "Россияда ким жакшы жашайт?" аттуу чыгармада ачык байкалат. Чындык издешкен жети дыйкан бүткүл элдин атынан аракеттенет. Элдин кызыкчылыгын билдирет. Элдин бактысы, эркиндиги үчүн күрөшкөн Савелий святорусстун баатыры, элди жактаган Григорий Добросклонов.

Пролетариаттын боштондук кыймылынын шартында эпопеянын сапаттык жаңы этабы пайда болот. Мисалы Серафимовичтин "Темир сел", А.Толстойдун "Хождение по мукам". Бул чыгармалардын каармандары

жалпы улуттук мааниге ээ болгон окуялардын катышуучулары, алар жалпы элдик иш өчүн күрөшөт. Маяковскийдин "В.И.Ленин" жана "Жакшы" поэмалары да эпикалык мүнөзгө ээ. Улуу Ата Мекендик согуш эпостун кубаттуу булагы болуп калды. Совет элинин фашисттик баскынчылар менен болгон күрөшүнүн көркөм жалпылоосу Твардовскийдин "Василий Теркин".

Поэма - эпикалык же лирикалык мүнөздөгү көп бөлүктүү чыгарма. Поэма боюнча бир беткей так пикир жок. Анткени поэма турмушту эпикалык ыкмада чагылдырат, лирикалык поэмада сюжет жок, ошондой эле драмалык поэма бар (окуя диалог формасында өнүгөт).

Поэма классикалык эпопеянын жана батырдык эпостун түздөн-түз уландысы - "Манас", "Иллиада", "Песня о Роланде", "Игорь кошу жөнүндө сөз". Европада поэма кайра жаралуу доорунда өнүгө баштайт. Бул мезгилде чиркөөнүн идеологиясында кризис башталат, буржуазиялык мамилелер калыптанат. Мына ушуга байланыштуу адамга анын ой-сезимине кызыгуу башталат. Поэманын каармны аскер башчы, падыша эмес адам, анын адамдык кызыгуулары. Эгер мамлекеттик ишмерлер каарман болсо, алар да жөнөкөй адамдар катары сүрөттөлөт. байланыштуу европалык гуманисттердин алгачкы поэмалары феодализм доорундагы эпоско каршы мүнөзгө ээ. Поэма феодалдык-сословиялык баатырдыкка каршы багытталган. Мына ушундай өзгөчөлүккө Аристондун "Неистовый Роланд" мүнөздүү. Роланд бул поэмада рыцарь катары сүрөттөлбөстөн (өзүнүн вассалдык милдети жөнүндө ойлогон), сүйүүнүн кумарына канбаган адам катары сүрөттөлөт. Аристон рыцарлардын эрдигине мыскылдоо менен мамиле жасайт.

Классицизм доорунда Батыш Европада ирон-комедиялуу (комические) поэмалар кеңири тарайт. Турмуштук жөнөкөй кубулуштар көтөрүңкү тил менен бөтөнчө баяндалганын көрөбүз. Комедиялуу эффект мазмунга форма шайкеш келбегендиктен пайда болот.

Поэманын гүлдөгөн мезгили - бул романтизм доору. Поэманын предмети ички дүйнөсү же граждандык турмушу менен ачылган, феодалдык шарттардын же буржуазиялык коомдун адам чыдагыс факторлору менен күрөштө калыптанган адам болуп сүрөттөлөт. Поэмада сын ачык байкалат, бирок анын негизги пафосу - адам сезимдеринин сулуулугун, ишмердигин даңазалоо.

Белинский минтип жазат: "Поэма идеалдуу турмушту сүрөттөйт жана турмуштун бийик моменттерин камтыйт. Байрондун, Пушкиндин поэмалары мына ушундай. Тескерисинче, роман жана повесть ыр же проза менен жазылгандыгына карабастан, турмушту толук прозаикалык (прозаической) мүнөздө сүрөттөйт." Бирок поэмада терс көрүнүштөр да орун алышы ыктымал. Поэманын каарманы коомдук турмуш менен карма-каршылыкта тагыраак айтканда, белгилүү социалдык мамилелерде (Демон, Пленник (туткун Алеко)) болот.

Советтик адабиятта поэма ачык эпопеялык мүнөздө болот. Д.Бедныйдын "Главная улица" ("Негизги көчө", Маяковскийдин "Жакшы"). Эпопеядагы конфликтиги караганда поэмадагы конфликт чакан мүнөзгө ээ. Поэмада айрым адамдардын тагдырына байланыштуу маселелер сүрөттөлөт, бирок жалпы адамзаттык мамилеге ээ (сүйүүнүн, достуктун, социалдык эркиндиктин ж.б.у.с. проблемалары). Демондун универсалдуу критицизм терс гана күч катары берилбестен, оң күч катары да бааланат. Ал күч турмуштун адамга жат формасын жокко чыгарат, ошону менен бирге жакшылыкка кызмат этет.

Поэма романтизм доорунда жаралган дедик. Бирок ал реалисттик чыгармалардан да орун алгандыгын көрөбүз. Байрон, Шелли, Пушкин, Лермонтовдон тышкары, Некрасов да поэма жанрына кеңири кайрылгандыгын көрөбүз ("Аяз", "Кызыл тумшук", "Чоң ата", "Орус аялдары" ж.б.). Советтик адабиятта поэмага Твардовский, Луговской, Смеляков ж.б. кайрылышат. Некрасов поэмага материалды өткөн мифологиялык доордон издебейт, мактоо татыктуу предметти коомдун өзүнөн табат (сүргүндө жүргөн декабристтердин аялдарынын эрдиги, орус дыйкандардын аялдарынын сулуулугу). Советтик акындар өзүлөрүнүн чыгармаларында турмушту өзгөрткөн жаңы адамды жана жаңы турмушту даңазалайт.

Драмалык поэмаларда эпикалык баштальпп күчтүү. Ошондой эле драмага тийиштүү болгон мүнөздөрдүн күрөшү жок. Бөтөнчө адамдын ой-сезимдерин даңктоодо жазуучулар драмалык поэмага кайрылышат. Бул бөтөнчө XVIII кылымдагы Агартуу дооруна мүнөздүү. Драмалык поэманын алгачкы үлгүсү - бул Лессингдин "Натан мудрый" ("Акылдуу Натан" 1770). Автор өзү бул поэманы "драмалык ыр" деп атаган. Чыгармада мүнөздөр карама-каршы коюлбайт, чыгарма идеялардын кагылышууларына негизделет. Пьеса бүтүндөй диспутту элестетет. Ал эми акылман Натан Лессингдин өзүнүн гуманисттик көз карашын билдирет.

Европалык адабиятта драмалык поэмалардын гүлдөгөн мезгили романтизмдин жеңишине туш келет. Революциячыл романтиктердин чыгармачылыгында бул форма бөтөнчө кеңири жайылгандыгын көрөбүз. Агартуучулардай эле булар да өзүлөрүнүн коомдук-саясий көз караштарын пропагандалоого пайдаланышкан. Ошондуктан өзүлөрүнүн идеяларын жылмалап бериш үчүн өткөнгө, мифке, уламыштарга кайрылышкан. Байрондун драмалык поэмалары "Жомоктук" колоритке ээ ("Манфред", "Каин", "Асман жана Жер"), ошондой эле Шеллинин "Бошогон Прометейи".Өткөн тарыхый материалдарга кайрылышкан авторлор А.Блок ("Роза жана крест"), Есенин "Пугачев" драмалык поэма, адетте, кайраттуу, акылдуу адамдын трагедиялуу тагдыры жөнүндө баяндайт да, тематикасы боюнча трагедияга жакындайт. Кеңири жалпылоо жасап, өткөндөн бүгүнкү күн үчүн сабак алат. Өткөн

тарыхка, уламышка кайрылып конкреттүү, өз мезгилинин максатын коздойт. Романтикалык багыттагы драмалык поэмада бири-бирине мүнөздөр карама-каршы коюлбайт, көз караштын ар түрдүү типтери карма-каршы коюлат. Шеллиде деспотизм идеясына каршы Прометей турат, ага каршы анын бийлиги гарантияга негизделген.

Байрондун "Каини" эркин сын ойлордун жактоочусу болуп берилет. Ал кудайга, кудук моралга каршы Прометей да, Каин да душмандары менен түздөн-түз кагылышпайт, өзүлөрүнүн көз караштарын гумандуу монологдорунда билдиришет.

Адабиятта лирикалык поэма кеңири тарагандыгы белгилүү. Лирикалык ырдан айырмаланып лирикалык поэмада акын жакын каарман эмес. Сүрөттөөнүн предмети турмуш, белгилүү окуя, бирок ал өз алдынча өнүкпөйт, ал жөнүндө автор баяндайт (өзүнүн түшүнүгү боюнча). Твардрвский "Мейкинден мейкинге" аттуу поэмасы ушундай мүнөзгө ээ. Бул акындын жол жүргөн мезгилдеги тасирлеринин күндөлүгү (Волга, Урал, Сибирь, Ыраакы Чыгыш, Россиянын тагдыры жөнүндө ой-толгоолору). Есениндин "Кара адам" аттуу поэмасы бир аз башкача планда. Лирикалык поэмада лирикалуулук турмуштун объективдүү мазмунун ачып бере турган ыкма, ырас, эпикалуулук сакталат. Баяндоонун натыйжасында турмуштун картинасы жаралат.

Эпикалык жана лирикалык поэма таза түрүндө сейрек учурайт. Айрым чыгармаларда эпикалык, башкаларда лирикалык белгилер өкүм сүрөт. Лиро-эпикалык поэманын мыкты үлгүсү - бул Байрондун "Чайлд Гарольду" - поэма жол жүргөндөгү таасирлердин күндөлүгү (Португалия, Испания, Греция боюнча). Испандыктардын Наполеондун чабуулуна каршы патриоттук күрөшү да бар. Европа элдеринин үрп-адатын, турмушун да сүрөттөйт. Поэма эпикалык мазмунга бай. Ошону менен бирге автор сүрөттөлгөн көрүнүштөргө баа берет.

Пушкиндин "Кавказ туткунунда" лиро-эпикалык мүнөзгө ээ болуу менен тарыхый сүрөттөөлөр жок. Туткун коомго наразы жана жалгыз. Пушкин XIX кылымдын 20-жылдарындагы жаштардын ой-толгоолорун берүүгө умтулган. Ырас, Кавказдын жаратылышы, тоолуктардын турмушу бар. Рылеевдин "Войнеровский" аттуу поэмасы да ушундай мүнөздө. Украинанын көз каранды эместиги үчүн күрөшкөн, активдүү каарман. Бирок ал Мазепа жеңилгенден кийин сүргүндө сүрөттөлөт, күрөштө сүрөттөлбөйт.

Мына ушундан жабырлануу жалгыздык темасы.

Орустун лиро-эпикалык поэмасынын чокусу болгон Лермонтовдун "Мцыри". Поэманын каарманы - эркиндиктин пафосу, кайраттуу натура. Кырдаал менен келишпес каарман. Ал эркиндикке күчтүү умтулат, монастырдын камоосунан качат. Мцыринин баянында лирикалык кыялдануу күчтүү, эпикалык башталыш кавказ жаратылышын, барс менен

кармашууну, грузинка менен кезигүүнү сүрөттөөлөрүндө бөтөнчө байкалат.

Некрасовдун ("Мороз Красный нос", "Коробейники"), Маяковскийдин ("Согуш жана тынчтык", "Владимир Ильич Ленин"), Блоктун "Он эки", Есениндин "Анна Каренина" поэмаларында лиро-эпикалык поэмалардын мыкты тажрыйбалары андан ары өркүндөтүлгөн.

РОМАН

Роман - чоң эпикалык форма, коом менен кеңири байланышта болгон адамдын жеке турмушу сүрөттөлөт. Роман байыркы эранын башында эле байыркы грецияда пайда болгондугу белгилүү. Б.э.ч. II-VI кылымда Пелиодордун "Эфиопикасы", Лонгдун "Дафнис и Хлоясы". Булар негизинен үзүндү түрөндө жетти. Байыркы гректердин романдары кызыктуу, чаташкан сюжеттүү мүнөзгө ээ болуп, бир сюжеттик схема менен курулган. Сүйгөн жигит, кыз күчкө каршылык көрсөтө албай ажырашат. Кеме кыйрайт, жырткычтар кол салат, абакка түшөт, кулдукка сатылат, кыздын актыгына кол салат. Кыз, жигит бардык сыноолорду жеңип, туруктуулугунун билдиришип, бактылуу баш кошушат. Адам - терс көрүнүшкө, зомбулукка, согушка нравалык гана туруктуулугун көрсөтөт.

Ошондуктан көп чыгармаларга бактылуу бүтүш мүнөздүү көрүнүш. Гуманисттик пафос, адеп-күчүнө ишенүү бөтөнчө ачык.

Ошентип байыркы доордо эле романга мүнөздүү ой жүгүртүү бар эле. Турмушту көркөм сүрөттөп, ага баа берүү жеке адамдын көз карашына байланыштуу болот. Ал эми "Илиада" жеке эмес, жалпынын пафосу үстөмдүк кылат. Адам өзүнүн жеке турмушунда романда эми ачылат. Сүрөттөөнүн башкы предмети социалдык турмуш.

Роман бөтөнчө кайра жаралуу доорунда өнүгөт. Эми адам мифтик күчтөрдүн, чиркөөнүн бийлигинен бошонот, ал адам катары коомдук шарттар менен кеңири байланышта сүрөттөлөт, гуманисттик идея бөтөнчө ачык көрүнөт. Каарман турмуштан өзүнүн ордун күтүлбөгөн кокустуктан таппайт, анын акылы, эрки маанилүү роль ойнойт. Кайра жаралуу доорунун адабиятында бүт турмуш адамдын кызыкчылыгына байланыштуу каралат. Роман бул принциптен четте турбайт. Роман поэмадан айырмаланып турмуштун бүткүл прозасын кеңири, керексиз окуялар аз сүрөттөлөт. Каарман социалдык кырдаалга көз каранды, анын ички дүйнөсү өзгөрөт, өсөт. Антикалык романдын каарманы статикалуу, турмуш сыноолору алардын аң-сезимдерине эч бир из калтырбайт, көркөм анализ тереңдейт. Роман социалдык тарыхый мазмун менен толукталып, каарман "тагдырдын" күчүн пассивдүү кабыл албайт, жер үстүндө гуманисттик идеалды бекемдөөгө күрөшөт, мисалы, Дон-Кихот, Пантагрюэль.

Романдын чыныгы гүлдөгөн доору XIX кылым. Анын эң мыкты өкүлдөрү - Стендаль, Бальзак, Диккенс, Гончаров, Тургенев, Достоевский, Толстой. Булар социалдык мамилелерди терең анализдейт, крепостнойлук жана буржуазиялык түзүлүштүн адамга жат экендигин курч сындашат. Алардын көңүлүнүн борборунда драмалык, көп учурда адамдын трагедиялуу тагдыры. Аны турмуштук кырдаал баскан, мына ушуга байланыштуу баяндоого драматизм, психологизм мүнөздүү. XIX кылымда романды теориялык жактан изилдөө башталат. Бул ишке биринчи кирищкендер романтиктер эле. Роман турмушту универсалдуу сүрөттөө жагынан романтиктердин көңүлүн өзүнө бурду. Романист турмуштук бардык сферасын, адамдын трагедиялуу, комедиялуу жактарын сүрөттөп берүүгө күчү бар дейт Шеллинг. Анын пикири боюнча көркөм чыгармада каармандар символдун ролун ойнойт. Мисалы, Дон-Кихот жана Санчо Панса. Булардын образында XVI кылымдын реалдуу адамдарынын мүнөздөрү чагылган эмес. Сүйүү жана бөтөнчө окуялуу элемент рыцардык романга да мүнөздүү. Рыцарь сүйүүгө бөтөнчө берилген идеалдуу адам, өзүнүн сүйгөнү үчүн кандай гана сыноодон өтүүгө даяр. "Тристан жана Изольда" - сүйүү темасы терең гуманисттик мааниге ээ. Романдын каармандары өз чөйрөсүнүн нормалары менен карама-каршылыкта болушуп, алардын сүйүүсү даңазаланат, ал өлүмдөн күчтүү психологияга караганда окуя каармандын тышкы кыймылына ички мүнөздүн өнүгүшү төмөн. XVI-XVIII кылымда Плутовдук роман деген калыптанат. А.Б.Лесаждын "История Жиль Блаза из Сантильяны." Бул романдын негизги темасы - күжүрмөн адамдын (төмөнкү сословиядан чыккан) социалдык тепкич боюнча көтөрүлүшү. Ал эми Шеллингден айырмаланып, Гегель конкреттүү коомдук турмушту сүрөттөйт деп түшүнөт. Ал эми XVIII кылымда психология менен байланыштуу мүнөздүн ички өнүгүш тенденциясы күч алат.

Ж.Ж.Руссонун "Юлия или новая Элоизасы" эми сюжет так курулушка ээ болуп келгендигин көрөбүз. Социалисттик реализм адабиятында каарман коомго каршы турбайт, ар ким өз алдынча ал коомдук турмушка катышат.

Повесть - орто формадагы эпикалык чыгарма. Көп учурда повесть романдан же аңгемеден кескин айырмаланбайт. Адамдын тагдыры, турмуш менен болгон мамилеси "Баягы эле роман, бирок көлөмү чакан" (В.Г.Белинсий).

Повесттин өзгөчөлүктөрү биографиялык чыгармаларда бөтөнчө ачылат. Биографиялык чыгармаларда повесть өзүнүн өзгөчөлүгүн бөтөнчө ачып берет деген пикир бар. Мисалы, "Детские годы Багрова - внука", "Үй-бүлөлүк хроника" (С.Аксаков), Л.Толстойдун трилогиясы. Гарин-Михайловский, М.Горькийдин биографиялык циклдары ж.б. Ырас, буларга турмушта болгон окуялар орун алгандыгын көрөбүз, бирок эпикалуу, окуянын жай өнүгүшү өндүү белгилер повесттин сөзсүз зарыл белгилери эмес. Айрым повесттерге дрматизм, курч карама-каршылык

мүнөздүү. Бул белгилер аны романга жакындатат. Мисалы, Гоголдун повесттеринде ("Невский проспект", "Шинель", "Записки сумашедшего") крепостнойлуктун шарттарында жашаган кичине адамдын азап-тозогу, трагедиялуу тагдыры ачылат. Ушундай эле мүнөзгө Достоевскийдин повесттери ээ ("Двойник", "Хозяйка"). Булар "кичине романдар" деп аталууга толук укуктуу.

Советтик адабиятта повесть маанилүү орунга ээ. Паустовскийдин "Кара-Бугаз", "Колхида", В.Тендряков "Не ко двору". Ч.Айтматовдун "Жамийла", "Бетме-бет", "Жаныбарым", "Гульсары" ж.б. мыкты повесттери жалпыга белгилүү.

Аңгеме - чакан эпикалык форма. Аңгеменин көлөмү чакан, повестке караганда жеке адамдын турмушундагы бир окуя сүрөттөлөт, көп учурда анын мүнөзүндөгү бир белги ачылат. Чехов "Кутудагы адам" аңгемесиндеги Беликовдун аң-сезиминдеги консерватизм, бардык жаңы нерселерге карата болгон коркунучу ("бир нерсе болуп кетпесин", "титиреп жашап", "титиреп өлгөн"). Бир окуялуу, бир проблемалуу - бул аңгеменин эң негизги мүнөздүү өзгөчүлүгү.

Аңгеме жазуучудан чоң чеберчиликти талап этет, ал сөз менен көп нерсени билдирүүгө тийиш. К.Осмонов жапан жазуучусу Такакура Тэрунун "Чочконун ыры" аттуу аңгемеси жөнүндө минтип жазат: "Андай болушу мүмкүн эмес, бул аңгеме болгону 12 беттен турат. Жапан кыштагынын он жылдан ашуун турмушу, бир нече адамдардын тагдыры, Жапанга мүнөздүү болгон 40-50 жылдар биздин көз алдыбыздан өтөт."

Аңгемечи көңүлдү эң негизги маселеге бурат, башка анча маанилүү эмес көрүнүштөр алынып ташталат. Аңгемеде деталь бөтөнчө зор роль ойнойт, ал типтештирүүнүн эң негизги каражаты. Мисалы, Беликовдун "чатыры" жана "калошу" анын "кутулугун" мүнөздөйт.

Аңгемеде баяндоо бир түйүнгө топтолот да, чыгарманын бүткөн көрүнүш катары таасир этишине шарт түзөт. Аңгеме бир гана окуп кетүүгө, болбой кабыл алууга эсептелген. Ошентип, аңгемени чакан көлөмү формалдуу белги эмес, анын мазмундуулугун, жыйынтыктуулугун, көркөмдүгүн көрсөткөн олуттуу көрүнүш.

<u>Новелла</u> - чакан эпикалык формага кирет. Аңгемеден кескин айырмаланбайт.

Новелла кайра жаралуу доорунда пайда болот. Новелланын сюжети күлкү чакыра турган материалдын негизинде курулат. Ырас, мүнөздөрдүн психологиясы анча терең эмес. Мисалы, Боккачонун "Декамеронунда" каарман адетте, сүйүүдөн ырахат алган, трагедиялык кырдаалда сейрек болгон, ички ой- толгоосу бай болуп сүрөттөлөт, дайыма кыймылда болот.

Новелланын негизинде жеке адамдын турмушундагы бөтөнчө окуя же күтүлбөгөн жерден чечилген курч окуя сүрөтөлөт. Мына ушул жагы менен ал аңгемеден айырмаланат. Новеллист күнүмдүк турмушту,

тарыхый этнографиялык көрүнүштөрдү аңгеме сыяктуу төкпөй-чачпай баяндап бербейт. Новелланын сюжети динамикалуу, күтүлбөгөн курч сюжеттик бурулуштар, чечилиштер да новеллага мүнөздүү. Бөтөнчө, күтүлбөгөн кызыктуу элементтер новелланын сюжеттеринде бар.

Новеллалык сюжеттин мыкты үлгүсү - бул Боккаччонун беш күндөгү 9 новелла. Бул новеллада жарды рыцарь өзүнүн сүйгөн аялын сыйлап, шумкарын бышырып дасторконго коёт. Аял болсо өзүнүн оорулуу уулу үчүн шумкарды сурап келген болот. Бул жерде сюжеттин күтүлбөгөн бурулушу - бул рыцардын өзгөчөлүгү, анын сүйүүсү.

Пушкиндин "Повести Белкина" аттуу чыгармасы романтикалуу новеллага кирет. Новелланын каарманы коомдук-саясий шартта эмес, моралдык маңызда ачылат.

Романтиктер да новеллага кеңири кайрылышат. Каарман акылдуу, бирок буюмдар өкүм сүргөн, ак сөөктөрдүн турмуш шарттарында баш ийген кырдаалда жашайт. Гофмандын "Алтын карапа", Гоголдун "Вечера на хуторе близ Диканьки", сын реализм дооррунда новелла мурункудай өнүкпөй калат. Менимче ырас, новеллага кайрылат. Драматизм, психологизм, социалдык изилдөө багыты менен айырмаланат. Мисалы, Мопассандын "Пышка", "В порту", Т.Манндын "Смерть в Венеции."

Очерк - так аныктамага туура келбеген түр. Документализм, фактографизм - очерктин мүнөздүү белгилери дейт айрым окумуштуулар. Мисалы, Гончаровдун "Фрегат", "Паллада" аттуу очеркинде документализм күчтүү, бирок публицистикалуук касиети анча эмес. Ал эми Г.Успенскийдин "Власть земли", Горькийдин "По Руси" аттуу очерктеринин көркөмдүк жагы күчтүү, ойдон чыгарылган каармандар бар. Очерктин сүрөттөгөн предмети анын өзгөчөлүгүн аныктайт. Ошондой эле универсализм очеркке бөтөнчө мүнөздүү. Очерк турмуштун бардык кубулуштарына кайрылат. Турмуштун тарыхый өнүгүшүнүн белгилүү этабындагы нравалык, саясий, экономикалык, социалдык картинаны баяндап берет. Жаратылыштын кубулуштарын сүрөттөйт, коомдун, эмгек адамдарынын, илим менен искусствонун саясий ишмерлеринин портретин түзүшөт.

Бирок очеркте турмуштун толук көрүнүшү көркөм баяндалат деген түшүнүк чыкпоого тийиш. Очеркте турмуштун айрым бир көрүнүшү сүрөттөлөт. Ошондой болсо да очерк турмуштун тышкы көрүнүшүн толук камтыйт. Бул жагынан очерк менен эч бир баяндоо жанры тең келе албайт. Очерктин турмушту сүрөттөөдөгү мамилелери да бөтөнчө.

Очеркист романисттен, аңгемечиден айырмаланып адамдын тагдырын, өмүрүн изилдебейт, аны коомдук турмуш кызыктырат (саясий, моралдык, экономикалык) коомдук турмуштун агымын, абалын изилдейт. Мына ушуга байланыштуу очеркте баяндоо бөтөнчө толкундуу, сүрөттөгөн көрүнүштөргө баа берүү публицистикалык курч мүнөзгө ээ болот. Ырас, очерк адамдын өзүнө да түздөн-түз кайрылат. Бирок адам өз алдынча

өнүккөн коомдук, тарыхый процесстин бир бөлүгү катары берилет. Очеркке анализ, синтез мүнөздүү. Өзүнүн формасы боюнча публицистикалуу, белетристикалуу, лирикалуу болушу мүмкүн, бирок максаты бир. Турмуштун объективдүү сүрөтүн берүү, турмуштун маанилүү кубулуштарына көңүл буруу, жаңыны колдоо процесске тоскоол болгонду сыноо. Жоопкерчилик, партиялуулук советтик очеркке мүнөздүү. Мисалы, М.Горькийдин "Советтер Союзу боюнча", Овечкиндин "Райондун жаңылыктары."

Очеркте белетристика менен илимий изилдөөнүн элементери бар. Ушуга карап аны синтетикалуу жанр деп да аташат. Очеркте аңгемечи бар, экинчиден, объективдүү дүйнөнүн абалын ачып берүүнү көздөйт. Ошондуктан ал эпикалык урукка таандык, бирок очерктин өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөрү бар. Романда, аңгемеде мазмун мүнөздөрдүн атнаштарында ачылат, алар сюжеттин кыймылын аныктайт. Бул жагынан очерк субъективдүү. Анткени очеркте автордук башталыш күчтүү. Очеркист баяндоону өзү алпарат. Зарыл идеяны билдирген материлалды ал өзү тандап алат.

Очерк көлөмү жагынан өтө ар түрдүү болушу мүмкүн. Мисалы, Г.Успенскийдин "Четверть лошади", ошондой эле Карамзиндин "Орус саякатчысынын каттары", Радищевдин "Петербургтан Москвага саякат", Мерсьенин көп томдуу "Париждин картиналары". Көлөмүнөн карап буларды очерк, роман деп атоо туура эмес. Анткени романдын принцибинде турмушту сүрөттөп берүү жок. Очеркти китептер, циклдар деп атоо туура болот.

Турмуштун аз изилденген кубулуштарына көңүл бурган очерктер Россияда XIX кылымдын 40-жылдарында пайда болот. Мындай очерктерге Некрасов редакциялаган "Физиология Петербурга" аттуу жыйнак кирет. Очерктин мыкты үлгүлөрүн Г.Успенский жараткан.

Советтик адабиятта Пришвин, Шагинян, Паустовский өңдүү жазуучулар мыкты очерктерди жазышкан.

Тамсил - дидактикалык максатты көздөгөн ыр түрүндөгү аңгеме. Тамсилчи тигил же бул кемчиликти аллегориялык формада сүрөттөп, акыл-насаатты көздөгөн максатка жетет. Моралдык жана социалдык жамандыкты алып жүргөндөр айбандардын образы аркылуу берилет. Арстан - мансапкор, түлкү - куу, эшек - акылсыз, аюу - аңкоо ж.б.

Ошентип тамсил турмуштун терс көрүнүштөрүн өтмө маанисинде сүрөттөп берет. Адатта, тамсил эки бөлүктөн турат: сюжет - баяндоо, каармандар аракеттенген чөйрө, акыл-насаат, жыйынтык. Бирок тамсил жанрына мындай структура сөзсүз эмес. Көптөгөн тамсилдерде акыл-насаат жыйынтык берилбейт. Бирок андагы акыл-насаат ачык байкалып турат. Тамсилчи окуяны баяндап берүү менен бирге түшүндүрмө берет, көп учурда тигил же бул каармандын атынан сүйлөйт.

Тамсил байыркы доордо эле жаралгандыгы белгилүү. Биринчи белгилүү тамсилчи грек Эзоп (б.э.ч. VI к.) өз чыгармаларын проза түрүндө жазган. Тамсилге байыркы индиялык адабияттын үлгүсү - "шестра" жакын - акыл-насаат мүнөздөгү тарых, адамдын мүнөзүндөгү кемчиликтерди оңдоону көздөйт. Мына ушундай аңгемелердин алгачкы жыйнагы - белгилүү "Панчатантра", "Беш китеп" - б.э. III же VI кылымдарда жазылган. Ыр түрүндөгү тамсилдердин биринчи үлгүлөрүн байыркы Римдин акыны Федр жараткан (б.э. I к.). Сюжети жагынан Эзопту көп кайталайт. Агартуу доорунда акыл-насаат бөтөнчө ачык берилген кара сөз түрүндөгү тамсилди Лессинг жазган.

Тамсил жанрынын тарыхында бөтөнчө орун Лафонтендин чыгармачылыгына таандык (1621-1695), классицизмдин адабий багыты менен байланыштуу болгон. Лафонтен тамсилдин баяндоо мүмкүнчүлүгүн кеңейтет, ага реалисттик белги берген, граждандык мазмун менен байыткан, феодалдык-монархиялык коомдун кемчиликтери менен күрөшкөн каражатка айландырат.

Лафонтендин жетишкендиктерин андан ары уланткан Дмитриев, Хеминцер, бөтөнчө Крылов болду. Крылов тамсилди чыныгы көркөм чыгарманын деңгээлинде көтөрдү. Таттуу элдик тил, жалын чачкан юмор Крыловдун тамсилин макал-ылакапка айландырган.

Октябрь революциясына чейин жана андан кийин Д.Бедный (1883-1945) тамсил жазат. Анын тамсилдери - курч сатира болуп эскинин калдыгына каршы күрөшөт, жаңынын жеңишине бекем ишенет. ("Кларнет и рожок", "Молодняк"), жаңы мазмун менен байытат. Тамсилди совет адабиятында андан ары өнүктүргөн С.Михалков, О.Вишни.

ЛИРИКАЛЫК ЧЫГАРМАЛАРДЫН ТҮРЛӨРҮ

Эгер эпосто эң негизги - окуянын өнүгүшү каармандын тагдыры болсо, лирикада негизги көңүл сезимдин динамикасына бөлүнөт.

Мисалы, А.Феттин "Терек" аттуу ырында кечки күздүн кетип бара жаткан белгилери чындыкта сүрөттөлөт да, ошону менен бирге бул ыр автордун өзүнүн ички ой-толгоосун бериш үчүн жазылгандай. "Теректе" эки сезимдин кагылышы берилген, кубанычтуу жазгы жана кайгылуу күзгү сезим. Терек жаз, анын кубанычы жөнүндө баян бергендей, ошондуктан ал акынга кымбат.

Гегель, ошондой эле В.Г.Белинский чыныгы лирика жалпы адамзаттык мазмунду камтырын баса белгилеген. Андагы ой-толгоолор бир гана акынга тиешелүү болбостон, көптөгөн адамдарга типтүү. Мисалы, Кюхельбекер, Рылеев өзүлөрүнүн поэзиясында граждандык, бөтөнчө толкундуу ой-толгоолорду берген, алар декабристтердин идеологиясынын таасиринде болгон замандаштарына да мүнөздүү болгон.

Лирикага субьективдүүлүк гана өтөнчө мүнөздүү деген пикир бар. Ал эми чыныгы лирикага обьективдүүлүк да мүнөздүү. Анткени адамдын сезими, ой-толгоосу тарыхый коомдук турмуштун окуяларындай эле обьективдүү мүнөзгө ээ болот. Лирик-драматург, романисттей эле өз ишинде чынчыл.

Октябрь революциясынан кийин Маяковскийдин лирикасы совет элинин турмушунун жыйындысы. Лирикалык поэзияда акынды толкундаткан турмуштук кубулуштар да сүрөттөлүшү мүмкүн. Мисалы, М.Ю.Лермонтовдун "Үч пальма", "Бородино", "Умирающий гладиатор". Бул ырлардын ар биринде белгилүү окуя орун алган. Бирок лирикада конкреттүүлүк жана окуялуулук жеке мааниге ээ болбойт. Лирикалык акын өзү жөнүндө гана жазбастан, өзүнүн сезимин обьективдештирүүгө умтулат. "Бородино" М.Ю.Лермонтов улгайган солдат-артиллеристтин атынан сүйлөйт, ал эми "Умирающий гладиатордо" акын гладиатор болуп сүрөттөлөт, "Үч пальмада" эски чыгыштын уламышын турмуштун белгилүү жактарына сын көз менен кароо үчүн пайдаланат. Мына ушинтип сюжеттик лирика автордун ой-толгоосу менен тыгыз байланыштуу жаралат.

Акын өзүнүн ой-толгоолорун билдире турган материалды тандап алат. Мисалы, "Бородино" орус элинин өткөн баатырдык иши өз заманын терс көрүнүштөрүнө каршы коюлат. "Бородинонун" каармандары 30-жылдардагы эриккен жаштарга ("Баатырлар силер эмессинер") карама-каршы коюлат.

Гегельдин пикири боюнча сюжеттүү лирикада "мазмун эпикалык, ал эми аны ачып берүү лирикалык мүнөзгө ээ болот." Лирикалык ички жыйынтыктуулугу менен айырмаланат. "Лирикада ар кандай музыкалык чыгармадай эле бир гана тон, бир негизги сезим өкүм сүрөт" - дейт Шеллинг.

Лирикада поэтикалык сөз өтөнчө мааниге ээ болот. Сөздүн мааниси, үн, интонация, ритм өңдүү элементтер активдүү пайдаланылат.

Ошентип, лирика ырга жакын. Тематикасы боюнча лирика өтө ар түрдүү философиялык, патриоттук, саясий, граждандык, сүйүү, пейзаждык ж.б. Бирок тематикалык принцип лириканын өзгөчөлүгүн толук сактабайт. Мисалы, А.С.Пушкиндин "Я помню чудное мгновенье ..." сүйүү лирикасына жатат. Бирок мында акындын турмушка болгон мамилеси да бар. Ал эми Некрасовдун "Акын жана гражданини" ачык граждандык чыгарма, бирок мында патриоттук, философиялык ой да күчтүү. Ошондуктан эски традициялык бөлүштүрүү лириканын өзгөчөлүгүн толук камтыйт.

<u>Ода</u> - лирикалык ыр, баатырдык окуяны, адамдын эрдигин, жаратылыштын өтөнчө көрүнүшүн мактоого алынат. Одага салтанаттуулук, патетика өтөнчө мүнөздүү.

Ода өзүнүн классикалык варианты боюнча классицизм дооруна таандык. Бирок ода байыркы доордо эле пайда болгон. Байыркы Египеттин поэзиясында "Восхваление Нила" өңдүү чыгармада оданын бардык касиеттерин камтыганын көрөбүз. Ал эми Байыркы Грецияда оданы (эпиникий) спорттук мелдештерде жеңгендерге арнап Пиндар жазган б.э.ч. V кылым.

Гораций саясий турмушка гана эмес, күнүмдүк турмушка кайрылып ода жазган. Анын көп ырлары (ода) кудайларга (Венера, Вакх), конкреттүү адамдарга (Лидия, Хлоя) арналган.

Кайра жаралуу доорунда ода жазган - П.Ронсар (1524-1585). Мунун одалары тематикасы боюнча өтө ар түрдүү, ренессанстык мотивдерге бай. Ошондой эле Ронсардын көп одаларында граждандык патетика жок, сүйүү күчтүү. Француз классицизминин көрүнүктүү өкүлү Малерб (1555-1628). Мунун одаларында граждандык идея күчтүү. Абсолюттук мамлекетти коргоо, королду падыша сарайындагыларды, аскер башчыларын мактоо - мына ушулар Малербдин одасынын мазмунун түзөт. Буалонун эстетикасында ода теориялык жагынан каралат. Трагедия сыяктуу эле ода да "бийик" жанрга таандык, - дейт Буало. Шиллердин чыгармаларында ода революциячыл агартуу багытында өнүгөт (1759-1805).

Орус одасын негиздеген Ломоносов (1711-1765). Ырас, буга чейин Кантемир, Тредиаковский ода жазышкан. М.В.Ломоносов Екатерина II, илимге, Россияга арнап да жазган. М.В.Ломоносовдун традициясын Державин улантат. Державиндин одаларында сатирикалык элементтер бар.

Романтизм доорунда одага революциячыл романтиктер да кайрылышат. Байрондо (1798-1824) ода эркиндик үчүн күрөштүн каражаты, ошондуктан ал сатиралык багытта баяндалат. Ал эми Шиллерде (1792-1822) ода бүт символдук мүнөзгө ээ. Мисалы, батын шамал өзүнчө мактоонун предмети болуп калган, ошондуктан ал социалдык, тарыхый өзгөрүштүн символу, б.а. революциянын шамалы.

Орус адабиятында ода поэзиясын жактоочу - Кюхельбекер. Эркиндикти сүйгөн патриоттук мазмундагы одаларды жаш А.С.Пушкин да жазган. Мисалы, "Воспоминание в Царском селе", "Вольность". Россияда сын реализми калыптанышы менен ода мурункудай кеңири тарабай калат. Оданы эми пародиялык максат үчүн колдонушат. Мисалы, Некрасовдун "Современная одасы" либералдарды катуу сынга алат.

XX кылымда ода жанры кайрадан жандана баштайт. В.Брюсовдун ("Адамга", "Наполеон") Маяковскийдин "Революцияга ода" ырлары одага жакын.

Элегия - кайгылуу мүнөздөгү лирикалык ыр. Элегияда тагдыр, тез өткөн өмүр, башка турмуштук жетишпегендиктерге карата кайгымуң, капа баяндалат. Бул жанрдын аты гректин сөзүнөн чыгат. Элегиялык

мүнөздөгү чыгармалар эң байыркы көркөм эстеликке жатат. Байыркы Египетте "Плач Изиды по Осирису", Батыш Кытайда "Песнь оставленной жены" өндүү чыгармалар элегияга бир аз жакын. Сумароковдун элегиясында жеке адамдын жоготуусу, кайгысы берилет.

Элегиялык поэзияда жаңы көрүнүш сентиментализм жана бөтөнчө романтизм доорунда ачык байкалат. Эми элегияда крепостнойлук жана буржуазиялык коомдогу эрктүү, кайраттуу адамдын кайгы-муну берилет. В.Г.Белинский Жуковский жөнүндө "Россияда биринчи ирет адамдын турмушка карата болгон арманын элегиялык тил менен билдирген", Жуковский элегиялык формада ой жүгүртөт. Адамдын бактысыздыгы, кайгы-муну акын үчүн кокустук көрүнүш эмес, турмуштагы укуксуз оорунун жыйынтыгы. Өмүр - кыска, анда жакшы нерсе жок.

Ал эми романтиктер өзүлөрүнүн сезимине жакын көрүнүштөрдү билдирет. Романтиктер тагдырга болгон нааразылыгынан чыгуунун жолун өзүлөрү түзгөн ой-санаасынан издешет. Реалисттик багыттагы лирикада арман, кайгы, кубаныч турмушка жакын. Мисалы, Пушкиндин "Брожу ли я вдоль улиц шумных" лирикасында элегия жаштыкка карата гимн менен бүткөнүн көрөбүз. Турмуш күрөш жана азаптануу менен байланыштуу. Ал эми Некрасовдун элегиясында орус коомундагы терс көрүнүштөрдү ашкерелегенин көрөбүз. "Еду ли ночью по улице темной" аттуу элегияда аялдын трагедиялу абалы: ачкачылык, жаш баланын өлүмү, бузулууга аргасыз болуу сүрөттөлөт.

Ал эми советтик адабиятта элегиялык мотив С.Есениндин чыгармачылыгында ачык байкалат ("Не жалею, не зову, не плачу", "Мы теперь уходим понемногу"). Акын өлүм жөнүндө ой жүгүртөт, бирок турмуштун кубанычынан жана сулуулугунан алган ырахатына ыразы. 20-жылы Есениндин элегиясында айыл-кыштакты жок кыла турган "темир коноктон" коркуу байкалат ("Я последний поэт деревни", "Сорокоуст"). Элегиянын өзүнө гана мүнөздүү өзгөчөлүктөр бар. Турмуштун карама-каршылыгынан пайда болгон көрүнүштөр. Өмүр жана өлүм, жаманчылык жана жакшылык.

Элегиялык мотив Алигердин "Зоя", Антокольскийдин "Уулу" аттуу поэмаларында байкалат. Мекен үчүн курман болгон уул-кыздарын совет эли сүйүү жана терең кайгыруу менен эскеришет.

Сатира - турмуштун терс көрүнүштөрүнө карата болгон акындын нааразылыгын, каршылыгын билдирген лирикалык ыр. Мисалы, Кантемир өзүнүн сатираларында Петрдун өзгөрүүлөрүн жактайт, эскини жактагандарды сындайт. Римдик акын Гораций, Пушкин, Некрасов, совет адабиятында Маяковский ("Прозаседавшиеся") сатира жазышкан.

Эпиграмма, эпитафия "надпись" лириканын чакан түрлөрү - эпиграмманын түрү эпитафия - мүнөзгө коюлган эстеликке түшүрүлгөн жазуу. Эпиграммада тигил же бул предмет жөнүндө акыл-насаат, шылдың, сүйүүнү билдирүү бар. Эпиграммада чакан ой так, таамай

айтылат. Юмористтик жана сатиралык эпиграммалар бар. Мисалы, А.С.Пушкиндин эпиграммасына кайрылып көрөлү"

Змея ужалила - Маркела.
- Он умер? - Нет, змея, напротив, околела.

М.Ю.Лермонтов ла эпиграмма жазган. Советтик адабиятта эпиграмманын чебери - С.Маршак.

АДАБИЯТТАР

Маркс К., Энгельс Ф. Об искусстве. Соч. т.1, II. М., 1976.

Ленин В.И. О литературе и искусстве. М., 1976.

Аристотель. Об искусстве поэзии. М., 1975.

Белинский В.Г. Взгляд на русскую литературу 1847 г. Полн. собр. соч. т. 10. М., 1953.

Лессинг. Лаокион. М., 1957.

Чернышевский Н.Г. Эстетические отношения искусства к действительности. Полн. собр. соч. т.2. М., 1948.

Абрамович Л.Т. Введение в литературоведение. /Под ред. Поспелова. М., 1983.

Гуляев Н.А. Теория литературы. М., 1987.

Словарь литературоведческих терминов. /Под ред. Л.Т.Тимофеева. М., 1973.

МАЗМУНУ

Адабият жөнүндө илим жана "Адабият таануу илимине киришүү" курсунун милдеттери.......... 4
Маркска чейин адабий теориялык ойлордун өнүгүшү.......... 7
К.Маркс менен Ф.Энгельстин эстетикалык көз караштары.......... 12
Көркөм адабияттын жалпы касиеттери. Көркөм образ.......... 13
Көркөм адабияттын мазмуну жана формасы.......... 15
Адабият - коомдук аң-сезимдин бир формасы.......... 19
Адабий чыгарманын тили.......... 24
Көркөм метод, багыт, стиль жөнүндө жалпы түшүнүк.......... 39
Гуманисттик реализм.......... 48
Классицизм.......... 52
Улуттук адабияттардагы идеялык көркөмдүк өзгөчөлүктөр.......... 57
Адабий урук, түр, жанр.......... 60
Эпикалык чыгармалардын түрлөрү.......... 63
Роман.......... 68
Лирикалык чыгармалардын түрлөрү.......... 73
Адабияттар..........78

Набрано и сверстано издательско-методическим отделом Центра дистантного образования, повышения квалификации и переподготовки кадров ИГУ им. Тыныстанова

Адрес редакции:
г. Каракол, ул. Гебзе, 35, тел. 5-01-18

Тираж 200 экз. Заказ № 141
Отпечатано в тип. ПЛ № 3 г. Бишкек, ул. Раззакова, 64